# БАТКЕН ОБЛАСТЫНА

## 5 -жыл

*Баткен областынын беш жылдыгына арналат*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАДАНИЯТ, МААЛЫМАТ ЖАНА ТУРИЗМ
МИНИСТРЛИГИ
БАТКЕН ОБЛУСУ
БАТКЕН ОБЛУСТУК
КИТЕПКАНАСЫ
МИНИСТЕРСТВО
КУЛЬТУРЫ, ИНФОРМАЦИИ И ТУРИЗМА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНН 00909201410021
" " 20 -ж/г
№
ород БАТКЕН шаары

инв: 384785

*«Мен үчүн Кыргызстандын бардык жери кымбат, бирок Баткен мага жакын».*

АСКАР АКАЕВИЧ АКАЕВ
Кыргыз Республикасынын Президенти



К. Жороев, А. Ражабалиев, А. Акматов

# БАТКЕН ОБЛАСТЫНА 5 ЖЫЛ



БИШКЕК 2004

УДК 908
ББК 26.891
Ж 81

*К.Жороев, А. Ражабалиев, А. Акматов*

Ж 81 Баткен областына 5 жыл/Б.:2004 – 136 б., 47 илл.

ISBN 9967-22-396-0

Бул китеп Баткен областынын түзүлгөндүгүнүн 5 жылдыгына карата чыгарылды. Авторлордун максаты Кыргызстандын четки түштүк-батышында жайгашкан Баткен областынын негизги өзгөчөлүктөрү, область болуп түзүлүүсүнүн зарылдыгын ачып берүү болду. Жаш областтын экономикалык өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү, келечеги тууралуу азыноолак сөз болду. Баткен аймагынын эл-журтунун тарыхый басып өткөн жолу, кыргыз тарыхындагы орду айтылды. Ошондой эле, жалпы кыргыз элине, мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышына салым кошкон Баткендин белгилүү инсандары, элдик таланттар жөнүндө жайында кыскача маалыматтар берилди. Китеп окурмандардын арасында кызыгууну пайда кылып, Кыргызстандын булуң-бурчтарындагы атуулдардын китеп текчелеринен орун алат деген үмүттөбүз.

Ж 1805080000-04

УДК 908
ББК 26.891

ISBN 9967-22-396-0

© Баткен областтык мамлекеттик администрациясы, 2004
© К.Жороев, А.Ражабалиев, А.Акматов, 2004
© «ТАС» басмасы, 2004

# СӨЗ БАШЫ

*«Мезгил баарын ордуна коёт жана таразалайт» деген калыс сөз айтылат кыргыз элинде. Бул накыл сөздүн тууралыгын Баткен областынын түзүлүшү дагы бир жолу айкын ырастады. Уюшулганына эми эле беш жыл болсо да, жаңы область өзүнүн өнүгүп-өсүү потенциалынын жогорулугу, келечегинин кеңдиги менен республикабыздын мурдагы алты областынын катарынан татыктуу ордун тапты. Кыргыз эли алыскы Алтынбешик аймагынын область болуп түзүлүшүнөн эртеңки гүлдөп-өсүүсүн көрдү жана жылуу колдоп чыкты. Ушул алгачкы жеңиштин өзү эле туңгуч Президентибиз Аскар Акаевичтин Баткен областын түзүү жөнүндөгү кабыл алган чечиминин тууралыгын ар тараптуу далилдеди. Ажобуздун бүтүмү өткөн беш жылдык аралыкта мезгил сыноосунан ишенимдүү өтө алды.*

*Беш жылдын ичинде областта коомчулук менен тыгыз байланышууга, элди ар тараптуу пайдалуу ишке жандуу тартууга катыштырууга бир топ аракеттер жасалды. Жер реформасы тереңдетилди. Билим берүү, медицина жааттарын жаңы нукка буруп, өнүктүрүү үчүн кам көрүлдү. Жаңы областтын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн изилдеп-иликтөө боюнча иш жүргүзүлдү. Жер ресурстарын эл жыргалчылыгы үчүн пайдалануу стратегиясын иштеп чыкты. Областтын айыл-шаарларынын инфраструктурасындагы кемчиликтер үйрөнүлүп, бул жаатта өнүктүрүүнүн жолдору такталды. Эл чарбасынын өнүгүүсүндө өтө зор роль ойной турган жөндөмдүү кадрларды жооптуу кызматтарга тартуу тажрыйбасына жетишилди.*

*Жаңы областтын администрациясы элетти жана шаарларды тегиз өнүктүрүүнү көздөп, чет элдик инвестицияларды тартууга өзгөчө көңүл бурду.*

*Баткен областынын аймагынын жаратылыш өзгөчөлүгү катаал, климаты кескин континенталдык. Ошону менен бирге теңир берген жер байлыгы да жетиштүү. Күнөстүү, куттуу жери көп, жетиштүү суу ресурстарына ээ. Суунун кылымдап кетмен кертими тийе элек миңдеген гектар дың жерлерге жеткирүү гана керек. Буюрса, элдин ушул тилеги да жакынкы келечекте жүзөгө ашат. Буга Лейлек районунда жүрүп жаткан чоң демилге – Саркент суусун туннель аркылуу дың жерге жеткирүү ишинин башталышы күбө. Муну менен 7 миң гектардан ашык кайрак жер өздөштүрүлөт. Ушундай келечектүү иштер Кадамжай районунда да жүрүүдө.*

*Баткен областы республиканын борбору жана башка областтар менен байланыштыруучу стратегиялык маанидеги Исфана – Ош кан жолун заман талабына жараша жаңылап, айыл чарба сырьёлорун кайра иштетүүчү ишканаларды курууну жүзөгө ашыруу үчүн иш-аракеттер башталды.*

*Бул китепте областтын эли, жери, жаратылыш өзгөчөлүгү, экономикасы, маданиятындагы жаралган жетишкендиктери, проблемалары, алдыдагы ой-максаттары тууралуу азын-оолак сөз болот. Баткен эли багестеп, тарбиялап өстүргөн кыргыз элинин айтылуу уул-кыздары, эл жерге кызматы сиңген инсандары тууралуу да кеп жүрөт. Областтын аймагындагы элдин өткөн тарыхынан кыскача кабар берилет. Район-шаарлардын басып өткөн жолдору, азыркы абалы тууралуу да айтылат.*

**Жалпы маалымат:** *Аянты – 17 миң чарчы километр. Түндүк-чыгышынан Өзбекстан, түштүк-батышынан жана түндүгүнөн Тажикстан менен, чыгышынан Кыргызстандын Ош областы менен чектешет. Областтын өрөөндөрү, түздүктөрү батыштан чыгышка созулуп жаткан Алай, Памир тоолорунун этегинде. Область алты дарыянын (Исфайрам, Шаймерден, Көкдайра, Исфара, Козубаглан, Аксуу) аралыгында жайгашкан.*

*Климаты континенталдык. Жайы ысык, кышы жумшагыраак. Жери Фергана өрөөнү менен туташ. Негизинен кыргыз, өзбек, тажиктер мекендешет.*

***Калкы – 409 000***
***Эркектер – 205066***
***Аялдар – 203934***
***Кыргыздар – 309162***
***Өзбектер – 58869***
***Тажиктер – 28448***
***Орустар – 5675***
***Башка улуттар – 6846***

# МЕН ҮЧҮН КЫРГЫЗСТАНДЫН БАРДЫК ЖЕРИ КЫМБАТ, БИРОК БАТКЕН МАГА ЖАКЫН

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИ А. А. АКАЕВДИН БАТКЕН ЖЕРГЕСИНЕ ЖАСАГАН ИШ САПАРЫНДА СҮЙЛӨГӨН СӨЗҮ

*Урматтуу, Баткендик агайын-туугандар!*
*Жаңы жылыңыздар менен!*



Мен үчүн Кыргызстандын бардык жери кымбат, бирок Баткен мага жакын деп айтканым азыр да эсимде. Андыктан, Баткен жергесине өзгөчө көңүл буруп, жылына атайын иш сапары менен эки-үч жолудан келип кетем. Өзүңүздөргө малым болгондой өткөн 2003-жыл республикабыз үчүн өзгөчө тарыхый окуяларга бай жылдардан болду. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгы, Глобалдык тоо саммити, Кыргыздардын Бүткүл Дүйнөлүк экинчи курултайы эл аралык деңгээлде өзгөчө шаани, зор салтанаттар менен белгиленсе, адам укуктарынын гаранты болгон Конституциябыздын жаңы редакциясы кабыл алынды. Ошентип, укуктук жана руханий жан дүйнөбүздүн туткасы болгон демократияга жол ачылды. Өлкөбүздүн айыл чарбасында жана өнөр жайларында жыл өткөн сайын өсүштөр байкалып, калкыбыздын жакырчылыктан чыгууга болгон аракеттери толук күчүнө кирди.

Ардактуу, Баткендик агайын-туугандар!

2003-жылы дүйнөлүк миңдеген улуттардын, этностордун ичинде кыргыздар биз кимбиз, даремет – күчүбүз кандай, тамырыбыз кайда, тарыхыбыздын терени эмнеде деген көп кырдуу суроолорго дүйнөлүк илимде кадыр-баркы бар окумуштуу, тарыхчылардын катышуусу менен так жооптор алынып, кыргыз элибиз өзүнүн 2000 жылдан

ашык тарыхын белгиледи. Бул тарыхый чоң окуяны биз улуттук деңгээлде гана эмес, Бириккен Улуттар Уюмунун атайын чечими менен Бүткүл Дүйнөлүк коомчулуктун колдоосунда чоң салтанат менен өткөрө алдык.

2003-жылдын сентябрь айында улуу Россия өлкөсүндө мамлекеттүүлүк жылына карата Кыргызстандын маданият күндөрү өткөрүлсө, 2-октябрда Нью-Йорк шаарында ООНдун колдоосу менен Кыргызстандын күнү белгиленди. Ошого удаа эле ЮНЕСКОнун Генералдык конференциясынын алкагында Кыргыз мамлекеттигинин жылына арналган атайын жыйын болду.

Андан соң дүйнөдөгү эң байыркы жана мыкты университеттердин бири Париждеги Сорбоннада өткөн илимий конференцияда белгилүү дүйнөлүк окумуштуу тарыхчылар биздин мамлекетибиздин 2200 жылдан ашык тарыхына кайрылып, илимий талкууларды жүргүзүштү.

Бириккен Улуттар Уюмунун колдоосу менен Кыргыз мамлекетинин 2200 жылдыгын жана өзүнүн Эгемендүү 12 жылын белгилеп өткөргөн өлкөбүздүн байыркы тарыхынан бери элибиз дүйнө жүзүнө мынчалык кеңири таанылган эмес. Ошентип, Кыргызстандын эл аралык аренадагы өз алдынча позициясы урматтоолорго ээ болуп, жаңы баскычка көтөрүлдү. Менимче, бул элибиз үчүн өзгөчө сыймык жана чоң дөөлөт.

Мына ушунун баары биздин бүгүнкү накта демократиялык жолдо бараткан Кыргыз Республикасынын өсүп-өнүгүшүнө зор дем болуп, күч-кубат берет жана зор көмөк алып келет деп ойлойм. Дал ушундай жетишкендиктерибиздин натыйжасынан улам ири өнүккөн өлкөлөр, атап айтсак, АКШ, Франция, Норвегия жана башка мамлекеттердин бизге болгон мамилеси, урмат-сыйы өзгөрүп, зор кызыгуулары артты. Мунун баары келечекте, кудай буюрса, бизге инвесторлордун, туристтердин көбүрөөк келишине дагы зор көмөк болот деп мен терең ишенем.

Кыргыз мамлекеттигинин тарыхый жылы менимче акжолтой жыл болду жана биздин келечегибизде мындан тезирээк өсүп-өнүгүшкө, элдин турмушун жакшыртышка жана демократиянын өтө зор пайдубалын түптөөгө чоң жардам берет.

Өткөн жылдагы дагы бир тарыхый окуялардын бири бул – Россия Федерациясынын куралдуу күчтөрүнүн авиабазасынын Кант аэродромундагы ачылышы. Өзүңүздөр күбө болгондой бул тарыхый окуяга Россия Федерациясынын Президенти Владимир Владимирович Путин өзү катышып, эл аралык террористтерге каршы бирдиктүү күрөш жүргүзүү боюнча чечкиндүү пикирин айтты. Эми өткөн 1999–2000-жылдардагы Баткен коогаландарынын кайталанышына эч кандай жол

коюлбайт. Антпени, бизде террористтерге өз учурунда чечкиндүү, тез чара көрүп, катылган жоонун мизин майтарып, катыгын берүүчү кубаттуу куралдуу күчтөрүбүз дайым даяр.

Ошону менен катар эле эгемендүү өлкөбүздүн экономикасында да олуттуу жылыштар болуп, элибиздин эмгекке болгон мамилеси түп тамырынан өзгөрдү. «Өнүгүүнүн комплекстүү негиздери» программасынын алкагында кедейчиликти жоюунун улуттук стратегиясын жүзөгө ашыруудагы калкыбыздын активдүүлүгү артты. Улам күн өткөн сайын жашоо-турмушубуздун деңгээли жакшыра баштады.

Бул багытта Баткен областында да көп ийгиликтер жаралды. Эки жылдык Баткен коогаланындагы тоскоолдуктарга карабастан жаш областтын түндүгү көтөрүлүп, 80ден ашык областтык мекеме-ишканалар элибиздин социалдык-маданий, экономикалык деңгээлин көтөрүү үчүн ишке киришти. Өткөн төрт жылдын аралыгында айыл чарбасынын дүң жыйымы 1 млрд 888 млн сомдон 3 млрд 170 мин сомго өссө, өнөр жай тармактарында да ушундай жылыштар болуп, 968 млн сомдон 1 млрд 329 мин сомго жетти. Калктын орточо эмгек акысы 670 сомдон 1124,5 сомго чейин жетти. Чек ара, жол, суу-ирригация маселелерине байланышкан бир катар социалдык маселелер оң жагына чечилди. Эң башкысы электр энергиясына болгон калктын өтө зарыл муктаждыгы канааттандырылып, чет элдик инвесторлор Кувейт жана Ислам Өнүгүү банктарынын 20 млн америка долларына барабар каржылоолору менен Айгүлташ подстанциясынын курулушу, ошондой эле Кызылкыя, Баткен шаарларында реконструкциялоо иштери аяктап, Кызылкыядан Баткенге чейин жогорку чыңалуудагы 220 кВт электр линиялары тартылды. Эми, Сиздер электр энергиясы боюнча мурдагыдай коңшу республикаларга көз каранды болбойсуздар. Тескерисинче, биз аларга электр энергияларын сата баштайбыз. Эми, буюрса, үстүбүздөгү жылдан баштап, ушул чоң курулуштун уландысы 210 кВт кубаттуулуктагы электр энергияларын Баткенден Лейлек районуна жана Сүлүктү шаарына чейин жеткиребиз деген жакшы тилектерибиз бар.

Урматтуу агайын-туугандар!

Ал эми, областтын калктуу пункттарын таза суу менен камсыз кылуунун үстүндө чет өлкөлүк донорлордун каражаты менен бир топ алгылыктуу иштер жүрүп жатат. Азыркы мезгилде Азия өнүгүү банкы тарабынан область боюнча 199 млн 651 мин сомдук долбоор жактырылып, ишке ашыруунун алдында турат. Республика боюнча 1 мин айылга Азия өнүктүрүү банкынын каржылоосу менен 2005-

жылга чейин таза суулар жеткирилсе, Сиздердин областыныздарга 189 айылдын 130у дал ушул долбоорго кирип, бүгүнкү күндө кызуу иштер жүрүп, тоолуу Рават, Маргун, Аксуу айылдарына таза суу жеткирилди. Ошондой эле, Тажик Республикасы менен чектешкен шарты өзгөчө оор Арка өрөөнүндөгү Достук, Жаштык, Арка–1, Арка–2 айылдары да ушул жылы таза суу менен камсыз болот. Аталган айылдардагы элдин эң зарыл муктаждыктарын канааттандыруу үчүн 19 млн сомдук каражат бөлүнүп, узундугу 170 метрлик туннель казып, Козубаглан дарыясынын суусун алып чыгуунун үстүндө иш жүрүп жатат. Бирок, АӨБнун койгон талабы болгон элдерден чогултуучу 5 пайыздык салым жакшы чогулбай жаткандыгы өкүнүчтүү. Мисал үчүн Баткен, Булакбашы, Базарбашы, Кызылжол калктуу пункттарын таза суу менен камсыз кылуу үчүн жүзөгө ашыруулучу 47,9 млн сомдук Каракөл – Баткен долбоору боюнча 2 млн 395 миң сом гана чогултулган, башкача айтканда, бул, чогултуучу сумманын 14 пайызын түзөт. Бул боюнча башка район, шаарлардын администрация башчылары да олуттуу иш алып баруулары керек. Ошондуктан, урматтуу район-шаарлардын башчылары, айыл өкмөттөрдүн башчылары, бул маселеге катуу көңүл бурууңуздар зарыл.

Чындыгында Баткен өрөөнүнүн келечеги алдыда. Али кол тие элек кен-байлыктардын мол запастарынын, тактап айтканда Алтынжылга, өзгөрүш тоолорундагы алтындын, рубиндин мол запастарын, Арка, Бүргөндү өрөөндөрүндөгү нефти, газды же болбосо дагы миң жылдарга жетээрлик Кызылкыя, Сүлүктүдөгү көмүр кендерин эске алсак биз алдыга койгон максаттарыбыздын өтөөсүнөн чыгуучу күн алыс эмес. Булардын баардыгын ишке киргизип, калкты жумуш менен камсыз кылуу үчүн көрүлүп, жаткан аракеттердин берекети да болуп жатат. Атап айтсак, Өзгөрүш тоолорундагы алтынды казууга болгон алгачкы кадамдар жасалып, жакын арада жол курулушу башталып жатса, ошондой эле дагы бир ачылыш Арка өрөөнүндө болуп, нефтини кайра иштетүүчү чакан заводду куруу үчүн инвесторлор келди. Эгерде аталган объекттер өз ишин баштаса, дагы ондогон жумуш орундары түзүлүп, элдин социалдык жашоо турмушунун оңолушуна зор өбөлгө түзүлүүчү күн алыс эмес.

«Элге оомат бир келет, жерге оомат бир келет» демекчи Баткен өрөөнү бүгүн өсүп-өнүгүүнүн жолуна түштү. Мындан төрт жыл мурдагыга салыштырмалуу кыйла жылыштардын болуп жаткандыгын өзүнүздөр көрүп турасыздар. Баткен шаарына шаардык статус берилгенден бери, көптөгөн тейлөө

жайлары кызмат көрсөтүп, он жылдап калкка кейгей болуп келген социалдык маселелер: жол, суу, электр энергиясы сыяктуу оор маселелер четинен чечиле баштады.

Башкасын айтпаганда да 29 чакырымдан Караколдун таза суусун Баткен шаарына алып келүүнүн үстүндө жүргүзүп жаткан ишиңиздер да өзгөчө кубанаарлык. Насип буюруп келээрки жылдарда бул чоң курулуш иштери бүткөрүлсө, Баткен шаарынын тургундарынын таза сууга болгон кыйынчылыктары артта калып, көп социалдык маселелеринин чечилишине негиз түзүлөт.

Баткен коогаландарындагы тосколдуктарга карабастан жакырчылык менен күрөшүүдөгү аракетиниздер жаман болбоптур. Тактап айтканда, өткөн 2000-жылы 10235 үй-бүлө жакырчылыктан чыгып, кедейчиликтин саны 20,0% га кыскарган.

Албетте, төрт жыл аралыгында жетишкен ийгиликтердин жаралышында Сиздердин жана буга чейин губернатор болуп иштеп келген Мамат Мариповичтин эмгеги зор. Ал эми, өзүнүн келечегинен көптү үмүттөндүргөн жаш, иш билги губернаторунуздар Аскарбек Алимбаевич Шадиев дагы Мамат Марипович Айбалаевден кем калышпай иштеп кетет деген үмүтүбүз чоң.

Урматтуу мекендештерим!

Баткен областы жаныдан түзүлгөндө ага каршы чыгышкан оппозициялык маанайдагы адамдар да болду. Бирок, баарын мезгил дарылайт демекчи областтын түзүлгөнүнүн тууралыгын тарых өзү ар тараптуу ырастап жатат. Буга чейин республиканын борборунан миң чакырым алыстагы чек аралуу аймакка анчалык көңүл бөлүнбөй, социалдык, экономикалык маселелерди чечүү улам кийинкиге калтырылып келгендиктен, Баткен аймагы башка областтарга салыштырмалуу өнүкпөй кала бергендиги эч кимге жашыруун эмес. Мына бүгүн бул аймакка мамлекет тарабынан өзгөчө көңүл бурулуп жатат. Буюрса, Ош –Бишкек жолунун экинчи этабын андан ары Оштон Исфана, Сүлүктүгө чейин жеткиребиз. Өзгөчө стратегиялык мааниси бар бул жолдун курулушу Ош – Бишкек жолунун курулушуна салыштырмалуу кыйла женил жана тез бүтөт. Себеби, Төөашуу, Алабелдегидей көзөп өтүүчү туннелдер жок.

Күн сайын көз көрүнөө өсүп, өнүгүүнүн жолуна түшкөн Баткен шаарынын инфраструктурасында чынында эле жакшы жылыштар бар. Башкасын айтпаганда да, Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгынын урматына бүтүндөй Алатоо калкы эле эмес, шериктеш өлкөлөр кадырлап сыйлаган белгилүү скульптор, Кыргыз Эл Баатыры Тургунбай Садыковдун чыгармачылыгы менен «Манас комплекси» Баткен шаары-

нын кире беришине орнотулду. Өзүңүздөр комплекстин ачылышына күбө болгондой шаардын көркүнө көрк кошкон тарыхый бул эстеликтердин айланасы эми кооздолуп, эс алуу паркына айланат. Акча каражаттарынын жетишсиздигинен курулуш ишин убактылуу токтотушкан Ысыккөлдүктөр кайра келишип, мончо комплексин бүтүрүп жатышса, Бишкектиктер жакшы жардамдарын көрсөтүп жатышат. Акча каражаттарынын тартыштыгынан улам өздөрүнө бөлүнгөн курулушту убактылуу токтотушкан Нарын, Талас, Жалалабат, Ош областтары да өз иштерин кайрадан улантышат.

Урматтуу агайын-туугандар!

Өткөн жылы көп кубанычтуу тарыхый окуялар менен бирге эле табигый кырсыктарды да баштан кечирдик. Өзгөндөгү жер көчкүсүнө кошумча болгон суу ташкындары жалпы элибизге бир топ кыйынчылыктарды алып келди. Буга баарыңыздар тикеңиздерден туруп гуманитардык жардамдарды көрсөттүңүздөр. Андан тышкары селден жапа чеккен аймактардагы жолдор, ишканалар калыбына келтирилди. Ошентип, «ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет» дегендей Баткен областын өнүктүрүүгө каралган каражаттарды башка жактарга жумшоого аргасыз болдук. Ошолордун натыйжасында областтарга бөлүнүп берилген курулуш объектилери аягына чыкпай калды. Бирок, ошого карабастан жаш областтын келечеги кең. Ал мындан ары да өсүп өнүгөт. Ал үчүн биз көп аракеттерди Сиздер менен чогуу көрүшүбүз керек. 2004– Социалдык мобилизациялоо жана акыйкат башкаруу жылында Евросоюз тарабынан 9 млн евро Баткен областын өнүктүрүүгө жумшаларын, буга кошумча Германиялык техникалык борбор тарабынан 4 млн евро бүгүнкү күндө иштеп жаткандыгын эске алсак, келерки жыл Баткен областы үчүн өзгөчө бурулуш жылдардан болору талашсыз.

Биз бүгүн ПРООНдун, Эл аралык толеранттуулук фондусунун, АКТЕД, ТАСИС сыяктуу Эл аралык уюмдардын Баткенди өнүктүрүүгө жана жакырчылыкты жоюуга көрсөтүп жаткан жардамдарын белгилебей кетсек адилетсиздик болот.

Өткөн 4 жылдын аралыгында өрүкзарлуу өрөөнду өнүктүрүү максатында 1 млрд 491 млн сомдук инвестициялар тартылып келинип, алардын эсебинен Айгүлташ подстанциясы, суу чарба объектилери курулуп, саламаттыкты сактоо, билим берүү тармактары кыйла жакшырды. Бүргөндү өрөөнүнүн экинчи этабын өздөштүрүү үчүн Бүргөндү каналынын сыйымдуулугун 12 кубдан 18,8 кубка чейин кеңейтүүгө Азия өнүктүрүү банкы тарабынан 20 млн сом бөлүнүп, бүгүнкү күндө курулуш иштери соңуна чыгуу алдында ту-

рат. Эгерде бул максаттар ишке ашчу болсо, Баткен, Лейлек, Кадамжай райондорундагы жер участокторуна муктаж болгон 4 мин адам тоңчулуктун, берекенин өрөөнү болгон Бүргөндү аймагына отурукташат.

Баткен областынын дээрлик 80 пайызын айыл чарбасы түзөт. Андыктан чечүүнү талап кылган көп проблемалар да жок эмес.

Бул багытта 3345 гектар аянттагы жүзүм бактарын кайрадан калыбына келтирүүбүз зарыл. Себеби быйылкы жылы болгону 5310 тонна жүзүм жыйналып алыныптыр. Ошол эле учурда жүзүм бактарын калыбына келтирүү менен жүзүм жыйнап алууну 30–40 мин тоннага жеткирүүгө кенири мүмкүнчүлүк бар. Аларды кайра иштетүүчү 5 винзаводдун абалы өтө оор. Ошондуктан, винзаводдорду азыркы мезгилдин талабына жооп берүүчү жаңы технологиялык линиялар менен камсыз кылып, абалын жакшыртуунун үстүндө иш жүргүзүү керек.

Мындан тышкары, өндүрүлгөн айыл чарба азык-түлүктөрүн сатып өткөрүүдө да проблемалар бар.

Ошондуктан, эрте жазда бышкан өрүктү сатуу маселесин чечүү үчүн сыйымдуулугу 25 тонналык 2 авторефрижераторлорду Сиздердин областыныздарга бердик. Буюрса 2004-жылы бышкан мөмө-жемиштерди өз убагында сатып берүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. Буга чейин коншу Республикаларга өтө арзан баада, тагыраак айтканда 5–6 сомдон ширелүү өрүктөрдү сатып келген болсоңуздар, эми келген рефрижераторлордун жардамы менен Россияга, Казакстанга алып чыгып, килограммын 60–70 сомдорго чейин сата аласыздар. Бул албетте, элдин жакырчылыктан чыгуусуна өтө чон өбөлгө түзөт.

Ошону менен бирге айыл чарба продукцияларын (мөмө-жемиштерди, этти, сүттү) кайра иштетүүчү заводдор, кичи цехтер, линиялар жок эсепте экен. Бүгүнкү күндө биз кайра иштетүүсүз дүйнөлүк рынокко чыга албайбыз. Биздин шартта бардык мөмө-жемиштер өндүрүлөт, бирок аларды кайра иштетүү эң төмөн абалда. Мисал үчүн өрүктөн, жүзүмдөн, алмадан, анардан соктордо, вареньелерди жасап сатуу менен алардын баасын 3–4 эсеге көтөрүүгө болот. Ошондуктан, биз бул багытта областка инвесторлорду тартуу менен кайра иштетүүчү ишканаларды куруп, областтын дыйкан жана фермерлерине алар өндүргөн продукцияларын жогорку баада сатып өткөрүүгө шарт түзүп берүүбүз учурдун талабы болуп эсептелет.

Азыркы мезгилде областтын дыйкан жана фермерлери 1815 трактор, 164 дан жыйноочу комбайн жана башка айыл чарба машиналарын иштетип жатышат. Бирок бул айыл чарба техникала-

ры эскирип, аны иштетүүдө бир топ кыйынчылыктарды алып келүүдө. Бул багытта ишти ондоо үчүн 2002-жылда областта лизинг компаниясы түзүлүп, анда 11 трактор, 3 дан оруучу комбайн алынып келинип иштеп жатат. Мындан тышкары 2003-жылы областтын дыйкан жана фермерлерине 15 трактор жана 2 комбайн товардык кредит катары таркатылып берилген. Бирок биз айыл чарба техникаларын жаңылоонун үстүндө иш алып баруубуз зарыл.

Ал эми, область боюнча 11 үрөн чарбалары бар экендигине карабастан, бул аймактын 15 гана пайызын камсыз кылат. Мындай абал албетте канааттандырбайт. Ошондуктан, үрөн чарбаларын өнүктүрүү үчүн аларга донорлук уюмдардын каражатын алып келүүнүн үстүндө иш жүргүзүүбүз керек.

Калктын жашоо деңгээлин мындан ары жогорулатууда биз эл аралык донорлор тарабынан көрсөтө турган финансылык колдоолорго көбүрөөк таянабыз. Жакында дүйнөлүк банк биздин республикага чакан шаарлардын инфраструктураларын өнүктүрүү үчүн 15 млн АКШ доллары жана «Айылдык инвестициялар» долбоорун ишке ашыруу үчүн дагы 15 млн. АКШ доллары өлчөмүндө жаңы грант берүү жөнүндө чечим кабыл алынды.

Жалпысынан алганда айыл жериндеги азыркы абалыбыз социалдык аспектилерди, айыл чарбасын кайра иштетүүнү, продукцияны экспорттоону жана башкаларды камтыган «Айыл жерин 2010-жылга чейин комплекстүү өнүктүрүүнүн Улуттук программасынын» зарылчылыгы аныкталды.

Жыйынтыктап айтканда, адамдардын жашоо шартын жакшыртуу, алардын кирешесин көбөйтүү, кедейликти кыскартуу – өзөктүү маселе. Бүгүнкү күндө иш жүзүндөгү максат ар бир үйгө байгерчилик, 2010-жылга чейин кабылданган милдеттерибизди орундатып, кедейликти эки эседен кем эмес кыскартуу жана он жыл аралыгында калктын реалдуу кирешесин эки эсе жогорулатуу зарыл.

Алдыга койгон максат, милдеттер жана өз мааниси боюнча 2004-жыл социалдык мобилизациялоо жана акыйкат башкаруунун, өлкөнүн экономикасын жана адамдардын жашоо деңгээлин көтөрүү үчүн бардык болгон ресурстарды издештирүүнүн жана пайдалануунун жылы болуп калууга тийиш.

Социалдык мобилизациялоого, натыйжалуу жана ак ниет башкарууга, өлкөнүн экономикалык даараметин арттырууга таянуу менен, биз элдин байгерчиликте жашоосун тынымсыз арттыруу, ар бир айылда, шаарда, ар бир үйдө жетиштүү жана бакубат жашоону камсыз кылуу жолуна чыга алабыз жана чыгууга тийишпиз.

# КУТТУУ БАТКЕНДИН БҮГҮНҮ ЖАНА ЭРТЕҢИ

**А. А. ШАДИЕВ**

*Баткен облусттук мамлекеттик администрациясынын башчысы, губернатор*



Куттуу Баткен аймагынын область болуп уюшулганына 5 жыл толду. Мезгил мерчеми менен өлчөгөндө беш жыл көз ирмемчелик убакыт. Бирок, жетекчилик менен элдин максаты, иш-аракети бир жерден чыккан жерде 5 жылда көп нерселерди жасоого үлгүрсө болот тура. Буга Баткен областындагы беш жыл ичинде жетишилген ийгиликтерди айта аламын.

Улуу урматтуу Президентибиз Аскар Акаевич КМШ өлкөлөрүнүн ичинде биринчи болуп улуттук акча бирдиги – сомду чыгаргандай, республикабызды демократиялык нукка чү деген жерден өжөрдөнө бургандай жана өнүккөн, бай өлкөлөр менен ар тараптуу байланыш түзүүгө тартынбай баргандай эле Баткен областын түзүүдө батылдыкка барып, өзүнүн чыныгы мамлекеттик жетекчиликтеги чечкиндүү сапатын көрсөттү. Анткени, ал учурда республикабызда ашыкча финансылык каражат жок эле. Өз кезегинде айкөл, келечекти көрө билген Президентибиздин чечими эң туура экенин жаш Баткен областы кадыресе өнүгүп калган 6 область менен теңтайлаша өсүп-өнүгө ала турганын далилдей алды.

Ошентип Аскар Акаевич жаш областтын тезирээк бутуна туруп кетүүсүнө ар тараптан тынымсыз колдоого алды. Бир жылда эки, үч жолудан Баткен жергесине келип, пайда болгон проблемаларды, көйгөйлөрдү жеринде чечип,

эл-журт менен жүздөшүп, эң оболу кошуна Өзбекстан, Тажикстан республикалары менен болгон чек аралык маселелерди сабырдуулук, акылмандык менен чечүү жаатында өзүнүн саясий, дипломатиялык бай тажрыйбасынын үзүрүн аябады. Натыйжада өткөн беш жыл ичинде областыбыз Фергана, Согди областтары менен чек ара, бажы постторун тартипке келтирип, жөнгө салууда бир катар ийгиликтерге жетишти.

Президентибиздин дагы бир көрөгөчтүгү жаңыдан түзүлгөн облаcттын алгачкы жетекчилигине тажрыйбалуу өндүрүшчү, Мамат Марипович Айбалаевди дайындаганынан көрүндү. Кыска убакыттын ичинде 80ден ашык областтык мекеме-уюмдар уюштурулуп, иштерин үзүрлүү башташты. Бүгүн ошол мекеме-уюмдардын ар бири областтын өсүп-өнүгүшүнө салымдарын кошуп жатышат.

Область ушундай өнүгүүгө багыт алган, көптөгөн милдеттерди чечүүнүн босогосуна келген учурда мени улуу урматтуу Президентибиз Аскар Акаевич губернаторлукка дайындады. Жаштыгыма карабастан мындай өтө жоопттуу кызматка ишенип дайындаган Президентибизге терең ыраазычылыгымды билдиремин. Ошону менен бирге, бул чоң кызматтын жоопкерчилигин акылым менен сезип, жүрөгүм менен туюп, ишке киришттим. Албетте, «Жалгыз дарак токой болбойт» демекчи, мен өкмөттүн колдоосуз, элдин тирегисиз областтагы кечиктирбей ишке ашыруучу иштерин ийгиликтүү чече албасым бышык.

Ошентип, өткөн 5 жылда жаш областтын жетекчилиги эмнелерге жетише алды? Эн башкысы Алтынбешик өрөөнү өз алдынча административдик аймак катары өнүгүшүнө кеңири мүмкүнчүлүк түзүлдү. Мамлекетибиздин түштүк-батыш чек аралары бекемделди. Жол, суу, бажы, чек ара пoсттору иретке келтирилди. Өнөр жай, айыл чарба тармактары туруктуу өнүгүүгө карай багыт алды.

Борбордон алыс калган өрөөндүн унутта кала берген социалдык проблемалары бат чечиле баштады. Шаарлардын, элет калкынын инфраструктуралары жакшырды. Натыйжада областтагы үч аэропорттон тең самолеттордун учуусуна шарт түзүлүп, Баткен эли Бишкек шаары менен болгон байланыш каттамдары жакшырды. Мобилдик телефондор орнотулуп, калкты таза суу менен камсыздоодо областтагы 189 айылдын 130уна Азия Өнүктүрүү Банкынын каржылоосу менен суу түтүктөрү жеткириле баштады. Эң башкысы, терроризмге каршы күчтүү улуттук армиябыздын аймактагы техникалык базасы чыңдалды.

Баткен областы Кыргызстандагы жана кыргыз элинин тарыхында өзүнүн салмактуу орду бар, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышына чоң салым кошкон аймак экендиги белгилүү. Айтылуу Фергана өрөөнүнө жайгашкандыгы менен илгертеден эле көптөгөн цивилизациялардын күбөсү болуп, өз доорунда жашаган мамлекеттердин курамына кирген. Ошол хандык, бектик бийлик ордолорун башкарууда жана саясий иштерине катышууда бул аймактын эли эч качан четте калган эмес. Лейлек, Баткен, Кадамжай чөлкөмдөрүнөн өсүп чыккан көрүнүктүү адамдар Фергана өрөөнүндө кыргыз элинин кызыкчылыгын көздөшүп, калкыбыздын кылымдар кыйырындагы эгемен мамлекет болуу тилектерин көкүрөктөрүндө сакташкан жана күрөшүшкөн. Мындай умтулуулардын бири Сох кыргыздарынын 1854-жылдагы Кокон хандыгына каршы чыккан көтөрүлүшү болгон.

Совет бийлигинин Кыргызстан боюнча биринчи жолу Сүлүктү шаарында (1917-жылдын 11-ноябрында) орношу да элибиздин эркин болууга умтулганынан кабар берет. Совет бийлигинин жылдарында калыптанган Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн чыңдалышына, экономикасынын өсүшүнө, маданиятынын гүлдөшүнө Баткен эли да чоң үлүшүн кошкон. Лейлек, Баткен чөлкөмдөрү 1928-жылга чейин Таджикстан менен Өзбекстандын курамында кала берген эле. Жергиликтүү элдердин арасынан суурулуп чыккан улуу муун ишмер агаларыбыз эки чөлкөмдүн Кыргызстанга кошуулуусу үчүн күрөшкөн. Улуу жердештерибиз Абдыкадыр Орозбеков, Мурат Салихов, Исхак Раззаков баш болгон атактуу инсандарыбыз кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышына, өркүндөп, өсүшүнө кызматтары сиңген.

Ошентсе да, Совет бийлигинин мезгилинде Баткен аймагы көп жылдар бою Кыргызстандын четки батыш-түштүк аймагы катары начар өнүккөн абалда калып келди. Область түзүлгөндөн бери 5 жылда ушул бөксөлүктү шарттаган себептерди четтетүүдөн иш башталды. Анын биринчиси – коммуникация, Кыргызстандын борбордук бөлүктөрү менен байланыш-катышты чыңдоо болду. Областтык мамлекеттик административдик статус буга ар тараптан кеңири жол ачты. Экинчиден, кошуна мамлекеттер менен дипломатиялык, саясий-чарбалык мамилелерди бекемдөө иштери ийгиликтүү жүрдү, чек ара, бажы постору тартипке салынды. Жаш облаcттын экономикалык өнүгүүсүнүн проблемаларын жеринде иликтеп, изилдөөгө, ачык-айкын тапшырмаларды белгилөөгө ыңгайлуу шарт түзүлгөндүктөн, ушул

багытта жемиштүү иштер жүргүзүлдү. Төртүнчүдөн, областтын шаарларынын, айыл-кыштактарынын инфраструктураларын жакшыртуу жагында максаттуу жол тандап алынды.

Өткөн беш жылда область калыптануу, ар тараптан чыңдалууну башынан өткөрдү, өнүгүп-өсүүнүн стратегиялык багыттары такталып чыгылды. Жаш областтын башкаруу структуралары түптөлүп, жетекчи кадрлардын тажрыйбалары артты. Областтын аймагынын коопсуздугу чыңдалып, чек аралары бекемделди. Бул иште мамлекетибиздин аскер кызматкерлеринин ишине элибиз терең ыраазы экендигин айтып коюу керек.

Ошондой эле Баткен коогалаңы учурунда Баткен элинин биримдиги, өз Атажуртун терең сүйгөндүгү дагы бир жолу көрүндү. Мындай эмгекчил эл менен ар кандай кыйынчылыктарды жеңип, областыбыздын экономикасын жогорулатып, өнүктүрүүгө ишенем.

# ОБЛАСТТЫН ТҮЗҮЛҮҮ ЗАРЫЛДЫГЫ

Баткен областына 5 жыл болсо да, алиге чейин коомчулук арасында анын түзүлүү себептери жөнүндө ар кандай сөздөр айтылып келет. Кай бирөөлөр аны 1999–2000-жылдардагы Баткен коогаланына тыгыз байланыштырса, башкалары саясий максат үчүн кокусунан уюшулган дешет. Ал эми, үчүнчүлөрү мезгил өзү талап кылган зарылчылыктан көрүшөт. Эгерде калыс мамиле, объективдүү көз караштан карасак үчүнчү топтун ой-бүтүмү чындыкка төп келет. Демек, Баткен областынын түзүлүүсү зарылчылыктан келип чыккан. Ал кандай зарылчылыктар?

**Биринчиден**, Кыргыз Республикасынын чек ара бүтүндүктөрүн сактоо, элдин тынчтыгын камсыз кылуу болчу. Албетте, Баткен областынын түзүлүшүн «Баткен коогаланынын» келип чыгышы тездеткен. Бул окуя четки батыш-түштүктө обочо жайгашкан регионго ар тараптан (экономикалык-финансылык, аскердик коргонуу ж.б.) өзгөчө көңүл бурууга түрткү берди жана коомчулукту ойго салды.

**Экинчиден**, жаңы областтын чеги географиялык жактан алганда да башка областтардан алда канча четте, Кыргызстандын четки түштүк-батышында жайгашкандыгы менен бул региондун туруктуу өнүгүүсүнө дайыма кедергиси тийген. Республикабыздын борбору Бишкектен дээрлик 1000 километр ыраакта. Ал түгүл Ош шаарынан 250–300 километр чакырым алыста.

**Үчүнчүдөн**, Баткен аймагы республиканын, областтын (Ош обл.) борборлорунан өтө алыс болгондуктан өзүн туш тараптан курчап турган Өзбекстан менен Тажикстандын областтары, райондору менен көп жагынан (жол катнаш, соода-сатык, чек ара маселелери ж.б.) эсептешүүгө мажбур эле.

**Төртүнчүдөн**, жогорудагы үч себептин натыйжасында Баткен облусунун шаар-кыштактарынын инфраструктурасы республика-

нын башка аймактарынан начар өнүккөн.

**Бешинчиден,** СССР мезгилинен «мураска» калган кошуна Өзбекстан жана Тажикстандын бир катар райондору менен чек аралык чечилбеген маселелердин бардыгы. Сейрек болсо да бул маселеде карама-каршылыктар болуп тургандыгы.

**Алтынчыдан**, областтын чегинде маданий-социалдык өнүгүүсү тээ 70–80-жылдардын деңгээлинде кала берген. Натыйжада ички миграция күч алып, Өзбекстандын алты, Тажикстандын тогуз район, шаарлары менен чектеш жайгашкан көп проблемалар пайда болгон.

**Жетинчиден,** жогоруда саналган негизги себептерден башка да көптөгөн кечиктирбей чечүүнү күткөн зарыл маселелер бар. Аларга: чет элдик инвестициялардын аз тартылышы, демөөрчүлөрдүн жардамдарынан пайдалануунун начардыгы, маалыматтык таңкыстык д.у.с. Ушундай бөксөлүктөр, себептер менен кемчиликтер Баткен регионун кечиктирбей областка айландыруу зарылчылыгын пайда кылган. Мындай зарылчылыкты чечпей кечеңдетүү утулуш гана болоорун мамлекет башчы учурунда сезген. Өзгөчө кыраакы Президентибиз Аскар Акаевич баалай билген. Ошондуктан, Баткен эли өз тунгуч Президентинин мындан 5 жыл мурдагы бүтүмүн жогору баалайт.

Ушул жерде областтын түзүлүшүнө байланыштуу айрым элге төбөсү көрүнгөн эле саясий лидерлердин терс пикирлери алиге айтылып келүүдө. Чет жакада обочо жайгашкан Баткен регионунун элине ар тараптуу моралдык, экономикалык колдоо көрсөтүүнүн ордуна жактырбай сөз сүйлөшкөн андай лидерлердин алысты көрө билбеген шашылыш бүтүмдөрүнүн суу кечпестиги анык.

Баткен областы жер үстү, жер асты байлыктарга мол аймак. Айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн өздөштүрүлө турган жер жана суу запасы жетиштүү. Жер асты байлыктары жагынан дүйнөлүк маанидеги кендерге ээ. Жогорудагы эки байлыкты тең эл чарбасын өнүктүрүү, жергиликтүү калктын турмушун көтөрүүгө багыттоого тийиштүү шарт түзүлбөй келе берген. Эң оболу проблемаларды, уюштуруу иштерин жеринде чечүү аксатып келген.

# БАТКЕН ЭЛ-ЖЕРИНИН КЫРГЫЗ ТАРЫХЫНДАГЫ ОРДУ

Алтынбешик аймагы адамзаттын тарыхындагы эң алгачкы мамлекет болгон байыркы Урарту цивилизациясын көргөн. Андан бери Фергана өрөөнүндөгү дүйнөдө темир иштетүү доорун алгачкылардан болуп баштаган Даван мамлекетинин цивилизациясынын күбөсү болгон. Лейлек районундагы темир усталардын атасы Дөөтү пиримдин ысымы менен аталган жер да бекеринен эмес. Биерде мындан эки минден ашык жыл мурда эле түрк элдери жашагандыгын далилдеген көрүстөндөр алиге изин жогото элек. Жергиликтүү эл «мыктын гөрү» деп айтышкан көөнө мазар ак дөбөлөр алиге сакталуу. Алтымышынчы жылдары Ленинград чыгыш таануу институтунун окумуштуу археологу Заднепровский баш болгон археологдор тобу Баткен районундагы Карабулак кыштагынын асты жагындагы ушундай Акдөбөлөрдү казганда, мумияланып, табытка салынган кыздын бузулбаган жасаты табылган. Бүгүн ал жана башка көптөгөн археологиялык табылгалар Ош, Бишкек шаарларындагы тарыхый музейлерди байытып турат. Жергиликтүү кыргыздар, өзгөчө карыкартандар «мыктардын гөрү» тууралуу жылуу ыклас, сүймөнчүк менен сөз кылышат. Бу да каныжаны биргеликтин касиети болсо керек.

Баткен эл-жери байыркы мезгилдерден бери эле Орто Азияда болуп өткөн бир нече цивилизациялардын чордонунда болуп келген. Ага региондун, биринчиден Фергана өрөөнүндө жайгашкандыгынын таасири тийген. Экинчиден, Батыштан – Кытайга кеткен Жибек жолунун боюнда экендиги себеп болгон. Үчүнчүдөн, Орто Азия хандыктары менен эмирликтеринин ордо калаалары Кокон, Самаркан, Бухара шаарларына жакындыгы. Алтынбешик аймагынын эли ал мамлекеттердин составына кирип гана калбастан, ошол хандыктардын бийлигине активдүү аралашып

да келген. Аскерлерин кыргыз жигиттери менен толуктап турган. Демек, ошол мамлекеттердин саясатына, аскер иштерине жигердүү аралашуу менен дайыма кыргыз элинин таламын көздөө үчүн мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

Токтогул ырчынын (Токтогул Сатылганов эмес) Амир Темир көрөгөн менен кызматташ болгондугу да мунун айкын мисалы. А, Токтогул ырчы Алтынбешиктин уулу экендиги дайын. Ошондой эле, Баткен жери Түштүгүнөн Ооганстан жана Индияга жакын болуп, ал жакка каттоочу жолдор дал ушул аймакта эле. Түштүк Азия жана Орто Чыгыш Азия, Араб, Фарсы, Инди илими менен бай маданиятын эң оболу Алтынбешик аймагын жердешкен кыргыздар кабыл алышып, анан Кыргызстандын башка аймактарына тараган. Мусулман динин да Кыргыздардын ичинен биринчилерден болуп ушул жердик кыргыздар кабылдашкан. Бүгүнгө чейин Баткен районунун Кишемиш жана Геревшин капчыгайларынын оозунда араб полководеци Кутаиб менен анын жоокерлеринин ыйык мазары сакталып калган. Кутаиб VIII кылымда күчтүү аскери менен Фергана өрөөнүнө кирип, жергиликтүү калк менен катуу салгылашуудан каза болгон. Мүмкүн аскер башы Кутаибдин аскерлеринин жолун тоскондор кыргыздар болушу ажеп эмес. Эми кечээки эле, 140–150 жыл мурда өкүм сүргөн Кокон хандыгы тууралуу сөз кылалы. Кокон шаары Алтынбешик жерине туташ жайгашкан. Анын үстүнө эң алгач хандыкты Баткендик нойгут уруусунан чыккан Нарбото бий негиздеген. Ал шаарды Фергана бектигинин борбор калаасына айландырган. Кийинчерээк Кокон бектигинин чеги кеңейгенден кеңейип отуруп, эми хандык, б.а. жаңы өз алдынча мамлекет түзүүгө шарт бышып жетилген. Илгерки тартип боюнча хан болуу үчүн ата-бабасы хан болушу зарыл болгон эреже катуу сакталган. Орто кылымдарда Орто Азияны, анын ичинде Фергана өрөөнүн беш жүз жыл бою башкарган Чыңгызхандын тукумдары, Чыңгыз династиясынан тарагандар гана хан болушу мыйзамга айланган эле. Ушул себептен Нарбото бий Коконго хан болбой калат. Султан Бабурдун тукуму хан болгондугу Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» романында да айтылып кеткен. Шерали ханды Нүзүп бийлер түбүн сүрүштүрүп Бабурга жеткиришкен эмеспи. Ал эми ушу күндө Нарбото бий XVIII кылымда салдырган медресесинин чоң, кооз имараты Кокон шаарынын көркүн арттырып турат.

Андан бери Кокон хандыгын башкаруу, мамлекеттик саясий, аскердик, финансылык иштерине

катышкан Алтынбешик кыргыздарынын акылман, эр жүрөк уулдары ондоп саналат. Алардын ирилери кыпчак кыргыздар Мусурманкул аталык, Алымкул аталык, ныйгут кыргыз Гайназар эсепдан (финансы министри деңгээлинде), ават кыргыз Сатыбалды бий, жоокесек Исхак хан жана башка көптөгөн жетик инсандар хандыктагы кыргыз элинин кызыкчылыгын көздөө менен бирге, мамлекетке караган кыргыз, өзбек, тажик, казак элдеринин ынтымагын сактап, мамлекеттин күчүн чыңдоого аракет жасашат.

Ушул жерде бир тарыхый чындыкты айта кетүү оролу келип турат. Кокон хандыгынын тарыхын изилдешкен тарыхчы окумуштуулар алиге Кокон мамлекетинин бир кызматын көмүскөдө калтырып келишет. Ачык айтканда, Кокон мамлекети Орто Азияны дээрлик 100 жылдан ашык мезгил Европа мамлекеттеринин, Россиянын, Кытайдын колонияга айландыруусунан сактанууда аздыр-көптүр шарапаты тийген. Маселен, 1854–56-жылдары Алайдын Эркечтамы аркылуу Кытай черүүлөрү басып киргенде Кокон мамлекети Алайлык Алимбек бийге (Алимбек датка эмес) коргонууга, басып киргендерди чек арадан кууп чыгууга жардам берген. Алымкул аталык менен Исхак хан болсо Россия отор-чулугуна каршы күрөшкө башчылык кылышкан.

Ал эми XX кылымдагы кыргыз элинин өз алдынча мамлекет куруу мүдөөсүнүн ишке ашуусунда да түштүк-батыш кыргыздарынын айтаарлык ролу бар. 1917-жылы Совет бийлиги биринчи болуп Сүлүктү шаарында орногондугу тарыхый чындык. Кыргызстанды 1928-жылы автономиялуу республика, ал эми 1936-жылы Союздук республикага айландырууда ат салышкан кыргыз элинин айтылуу уулдары Жусуп Абдрахманов, Абдыкерим Сыдыков, Төрөкул Айтматовдун катарында Баткендик Абдыкадыр Орозбеков, Мурат Салихов бар эле. Абдыкадыр Орозбеков кыргыз мамлекетинин алгачкы мамлекет башчысы болгону, Мурат Салихов болсо 1936-жылы жаңыдан Союздук республика, өз алдынча мамлекеттикке ээ болгон Кыргызстандын Эл Комиссарлар Советинин председатели (Азыркы премьер-министр) болуп, мамлекеттүүлүктүн пайдубалын курууга салым кошкон. Кыргыздын дагы бир даңктуу уулу Исхак Раззаков кыргыз мамлекетинин экономикасын өнүктүрүү, маданиятын гүлдөтүүгө эбегейсиз чоң эмгек сиңирген.

Ырас, тарыхта кылымдар бою саясий күрөштүн чордонунда болуп келген Алтынбешик аймагы алп мамлекет болгон СССРдин мезгилинде Кыргызстандын чет жакасына айланып, республиканын борбордук райондоруна караганда сол-

гун өнүгүүгө кириптер боло баштаган. Мындай жагымсыз жагдай Кыргызстан эгемен мамлекет болгондо өзүнөн-өзү четке кагылды. Баткен жери кайрадан курч саясий аренага айлана баштады. Буга кайра эле бул региондун Өзбекстан, Тажикстанга туш тарабынан чектештиги, саясий согуштук жаңжал чейрек кылымдан ашып кеткен Ооганстандын жакындыгы себеп болду.

Баткен коогаланынын келип чыгышынын бир себеби да ушул. Ошентип, Баткен жери кайрадан Кыргызстанда коомчулуктун да, өкмөттүн да назарын дайыма бурган аймакка айланды.

Демек, Алтынбешик аймагынын, кыргыз калкынын, кыргыз мамлекетинин узак жылдар бою өнүгүү жолунда өзгөчө тарыхый орду болгон жана боло берет. Бул региондун өзүнчө областъ болуусу тарыхый мыйзам ченемдүүлүк жана мезгил зарылдыгынын жемиши.



Дара капчыгайындагы Кудаярхандын чеби.

# БАТКЕН – ДОСТУКТУН ДАНАКЕРИ

*«Өзбек – өз элим,*
*Тажик – тагдырлашым»*
*(Эл сөзү)*

Фергана өрөөнү дүйнөдөгү калк эң жыш жайгашкан өрөөн болгондугу үчүн гана эмес, эң чоң өрөөн болгондугу жана көптөгөн улуттар кылымдар бою ирегелеш, аралаш жашаган куттуу өрөөн болгондугу менен да дүйнөгө даңкы кеткен. Береке-пайыздуу өрөөн миң жылдап кыргыз, өзбек, тажик элдеринин орок мекени вазийпасын өтөп келет. Көөнө тарыхтын бүктөм-бүктөм эски барактарын ачсаң да үч санаалаш элдердин улуу кагылышууларга барганын таба албайсың.

Кыргыз, өзбек, тажик элдери Фергана өрөөнүндө илгери-кийин түптөлүп доор сүргөн Даван же Моголстан, Карлук мамлекеттеринде болобу, Бухара эмирчилиги же Самаркан падышачылыгындабы, акыркы эле Кокон кандыгы учурундабы бир мамлекеттин букаралары болушкан. Бир өрөөндө, бир мамлекеттин чегинде өмүр кечиришип, бир тоодон агып келген дарыялардын суусун ичишип, бир жердин азыгынан наар алышкан. Үч эл достукту үлгү тутушкан. Тышкы жоодон Ата Конуштарын бирге коргошкон. СССРдин учурунда да 70 жыл бою тагдырлаш жашашып, илим-билим сересине көтөрүлүшкөн.

Тарых бүтүмү экен минтип жан шерик үч эл тең өз алдыларынча түндүктөрүн көтөрүшүп, эгемен мамлекеттүү болушту. Муну менен үч элдин ата-баба мурас достуктарынын кылымдык агымы токтоп калган жок. Тескерисинче, ого бетер достукту чындоого зарылчылыгын мезгил алдыга көлдөлөнүнөн койду. Мурдалары го бир мамлекеттин туусу астында жашап, турмуштук, саясий, экономикалык кызыкчылыктарыбыз бар болгон. Эми үч элдин үч мамлекетинин кызыкчылыктары дал келбеген учурлар келип чыкты. Бул табигый нерсе. Ар бир мамлекеттин кызыкчылыгы болот. Ансыз мамлекет болбойт.

Бирок, ажырыктын тамырындай бир куттуу өрөөндө чырмалы-

шып кеткен үч элдин мамлекеттеринин кызыкчылыгы башка болсо да, тагдыры бир бойдон кала берди. Элибизди түбөлүк тагдырлаш этип жараткан Теңирге наалат кылбайбыз, кайра сыймыктанабыз. Ата-бабаларыбыздын улуу достуктары бизге үлгү жана сабак.

Ошентип, XX кылымдын акырында пайда болгон үч мамлекеттин элдеринин, жетекчилеринин алдында учурунда чечүүнү талап кылган проблемалар кошо жаралды. Кылымдар бою ойго-түшкө кирбеген мамлекеттик чек аралар пайда болду. Бажы, чек ара посту коюлду. Арийне, булардын негизги көрүнүштөрүнүн бири: жер, суу, жол жагынан проблемалар келип чыкты. Бул маселелерди ынтымакта чечүү зарылдын зарылы эле. Кыргыз өкмөтү ушул көйгөйлөрдү чечүүдө ынтымак – ырашкердикте бир пикирге келүү жолун туруктуу тандап алды. Бул да болсо Президентибиз Аскар Акаевичдин көрөгөчтүк көрөңгөсүнүн жемиши болду.

Областыбызга жан кошуна болгон Өзбекстандын Фергана, Тажикстандын Согди областтарынын жетекчилери менен ысык алакада болуу утуш гана болорун мезгил дагы бир жолу ырастап койду. Дал ушул максатта областыбыздын жетекчилери область түзүлгөн күндөн баштап эле максаттуу иш баштады. Албетте, мында Кыргыз өкмөтүнүн саясий-дипломатиялык багыты жетекчиликке алынды. Келип чыккан ар кандай проблемаларды жөнгө салуу, биргелешип чечүүнү талап кылган маселелерди талкуулоо үчүн Фергана, Согди областтарынын жетекчилери менен жолугушууларды уюштуруу бекем салтка айланды. Биринчи мындай олуттуу жолугушуу Согди областынын жетекчилиги менен 2001-жылдын 17-майында болду. Анда эки жактуу кызыкчылыктар кеңкесири ортого коюлуп, эки тараптын тең кызыкчылыгы эске алынган документ иштелип чыгылды. Натыйжада эки областтын чек ара, бажы постторун тартипке салуу, келип чыккан көйгөйлөрдү өз ара масилеттешип, макулдашып чечүү жагы каралган. Республикалар аралык жана областтар аралык мындай жолугушуулар 5 жылдын ичинде бир нече жолу өткөрүлдү. Ар бир кийинки жолугушуу үзүрүн берип, эки областтын достугу ар тараптуу чыңдала берди.

Тажик Республикасынын жана Согди областынын жетекчилиги менен өткөрүлгөн жолугушуу, сүйлөшүүлөрдүн акыркысы жана эң жемиштүүсү 2004-жылдын 13-январында протоколго кол коюлду. Ага Тажик Республикасынын премьер-министри А. А. Акилов жана Кыргыз Республикасынын премьер-министри Н. Т. Танаев, Согди областынын председатели К. Р. Касымов

менен Баткен областтык мамлекеттик администрациясынын башчысы-губернатор А. А. Шадиев катышты. Жолугушуунун жыйынтыгы өтө жемиштүү болуп, Исфара районунун Сурх кыштагынын элдый тарабынан Баткен районунун Паскыарык кыштагына карай түз жол куруу үчүн Исфара дарыясына көпүрө куруп, жол ачууга жетишилген. Кыргызстан тарап болсо Баткенден Тажикстандын Канибадам районуна жогорку вольттуу электр линиясын тартууга макулдук берген. Ошентип, көп жолку ак ниеттүү, достук маанайдагы жолугушуулардын үзүрү менен Согди жана Баткен областтарынын ортосундагы аталардан мурас болуп калган кылымдык ыйык достук жаңы мазмун менен байыды. Мындагы дагы бир жагымдуу учур: ар бир жолугушууда тажик досторубуз Тажикстандагы граждандык согуш учурунда ичкен ички жаңжалды тынчтык жолу менен чечүүдө Аскар Акаевичдин жана Кыргыз элинин көрсөткөн ак ниет колдоолорун терең ыраазы болуу менен кайталап айтышкандыгы эле. Демек, элибиздин «жакшылык жерде калбайт» деген накыл сөзү кылымдар сыноосунан өткөн сөз экен.

Экинчи жан кошунабыз Фергана областынын жетекчилиги менен да өз ара достук байланыш-катнаш маселесинде көп жолу жолугушуулар, чын ыкластан сүйлөшүүлөр өткөрүлдү. Өзбек достор менен да убагында жөнгө салып алууну талап кылган проблемалар кыйла экендиги талашсыз. Мында да башкы принцип достук жолу эле. Чек ара, бажы посттору, жер, суу, жол катнашы эки элдин тең жашоодогу, өнүгүүдөгү башкы зарылчылыгы экендигин мезгил дагы бир жолу далилдеди.

Фергана областынын жетекчилери менен алгачкы жолугушуу Фергана шаарында өткөрүлдү. Андан соң Кадамжай шаарчасында улантылды. Мындай өз ара макулдашууну көздөгөн сүйлөшүүлөр бир нече жолу кайталанып, өз жемишин берди. Натыйжада эки тараптан тең ашыкча чек ара, бажы посттору алынып салынып, элдин карым-катнашына, эл чарба жүктөрүн ташууга женилдиктер жаралды. Өзбекстандын Сох, Вадил райондорунан өтүү кыйла жеңилдеди. Эки элдин жерден өндүргөн дыйканчылык өнүмдөрүн базарларда эркин сатууларына жагымдуу шарттар түзүлдү. Муну менен эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында жүз берген тоскоолдуктарды келечекте толук жоюуга жол ачылды. Өткөн 14 жылдык тарыхый кыска убакыт кыргыз, өзбек, тажик элдерине куттуу Фергана өрөөнү баарыбыздын орток үйүбүз экенин дагы бир ирет кашкайта көрсөттү. Биз Фергана өрөөнүйүбүздүн дубалын биргеликте бе-

кемдеп, биргеликте тынчтыкты коргоп, дарыяларын, жолдорун биргеликте пайдаланып, базарларыбызда эркин соода-сатык жүргүзүүбүз бул – адамдык тагдыр-насибибиздин түбөлүктүү экендигинин жышааны. Ошон үчүн ата-бабаларыбыз илгертеден минтип айтып келишкен:

Өзбек – өз элим,
Тажик – тагдырлашым,
Казак – карындашым,
Түркмөн – тамырлашым – деген чыгыш акылмандарынын бири.

Демек, жан кошуналар менен эски достукту улам жаңылап, чыңдоо керек гана эмес, зарыл. Буга биздин өкмөтүбүз да, элибиз да түбөлүк ынтызар.

# «МЭЭРИМ» КАЙРЫМДУУЛУК ФОНДУСУ

Эл аралык «Мээрим» кайрымдуулук фондунун Баткен облустук филиалы 2000-жылдын март айында Кыргызстандын биринчи канайымы, профессор Майрам Дүйшөновнанын демигеси менен уюшулган. Андан берки 4 жылдын аралыгында опол тоодой иштерди аткарып, жаш жеткинчектердин гана эмес чондордун да сүйгөн жайына айланды. Облустун чегинде гуммандуулук-соопчулук иштерин жүргүзүп, көптөгөн жарды үй-бүлөлөргө, кароосуз калган балдарга ишенимдүү тирек болуп, мээримдүүлүк менен камкордук көрүп келет.

Областтын аймагында кандай гана маданий иш чаралар болбосун өздөрүнүн эртенки келечегинен эмитен көптү үмүттөндүрүп жатышкан жаш таланттарсыз көркүнө чыкпайт.

«Мээрим» фондунун имаратынан эртели-кеч улан-кыздардын кыймылы үзүлбөйт. Алар мындагы эстрада, бий, комуз, узчулук, «Манас» дастанын, чет тилдерин үйрөнүү, ашпозчулук ийримдерине катышып, көп нерселерди үйрөнүшөт. Аталаган фонддун координатору Шадиева Асель Каныбековна жеткинчектердин ар тараптан өсүүсүнө камкордук көрүп, өз жамаатындагы тарбиячы мугалимдер менен үзүрлүү иш алып барат.

# ЧЕТ ЭЛДИКТЕР – БАТКЕНГЕ

2003-жылдан баштап Баткен жергесинде Баткен–Германиялык Техникалык Борбору (Баткен–ГТЦ) ачылып, өзүнүн проектисине ылайык иш жүргүзө баштады. Аталган борбордун жетекчиси мырза Геральд Гюнтер.

Баткен областынын социалдык экономикалык өнүгүүсүнө, өзгөчө калктын жакыр катмарларына даректүү жардам көрсөтүүдөгү мырза Геральд Гюнтер жетектеген Германиялык техникалык борбордун зор таасирин көпчүлүк канааттануу менен сөз кылып жүрүшөт. Өрүкзарлуу өрөөндөгү ар бир айылдын жашоо шарты, чарбачылыгы менен жакындан таанышып чыккан аталган борбордун кызматкерлери шарты өтө оор, областтын борборунан алыс жайгашкан жаңы мектептердин курулуштарына чоң көмөк көрсетүштү. Областтагы 6 айыл өкмөтүн тандап алып, алардын көптөгөн проблемаларын чечүү үчүн конкреттүү жардамдарды бере баштады. Ушул жана башка маселелерди калктын калың катмараларына жеткирүү максатында 2004-жылы компьютер жана башка жабдыктар менен камтылган окуу борборун ачып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнө ар тараптуу маалыматтарды берүү менен бирге эле базар экономикасынын элет үчүн өтө ыңгайлуу формаларын окутууга да киришти.

Ошондой эле « Эл аралык толеранттуулук» фондуна эл терең ыраазы. Алар 6 жылдан бери миллиондогон сомдорду жумшашып, көптөгөн муктаждыктарыбызды чечип беришти.

Областыбыздын чегинде үзүрлүү иштеп жаткан Германдык өнүктүрүү борбору, ПРООНдун атайын программасы, «Евросоюздун» каржылоосундагы «АКТЕД» уюмдардын иш-аракеттери менен бир кыйла иштер аткарылды.



Тажик Республикасы менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы достук улам чыңалууда.



Президент А. Акаев, Тажикстандын Президенти Э. Рахмонов жана губернатор А. Шадиев чек ара маселелери боюнча сүйлөшүүлөрдө.



Тажик Республикасынын Премьер-Министри А. Г. Акилов, Кыргыз Республикасынын Премьер-Министри Н. Т. Танаев, Согди областынын председатели Р. Косимов жана Баткен областынын губернатору А. Шадиев Баткен жергесиндеги жолугушуулары тарыхый окуялардан болуп калды.



Кыргыз-тажик мамилелеринин жаңы этабы башталды. Эми Тажик боордоштор электр энергиясын Баткен жергеси аркылуу ала башташат.



Өкмөттүн кезектеги заседаниеси Баткен жергесин өнүктүрүүгө арналды.



Баткен областтык мамлекеттик администрациясынын аппараты иш үстүндө.



Ислам жана Кувейт өнүктүрүү банктарынын 20 миллион Америка долларлык каржылоосу менен Баткен областы толук электр энергиясы менен камсыз болду. Кувейт фондунун аймактык офисинин директору Асек Зейнап Абидин жана губернатор А. Шадиев Айгүлташ подстанциясында.



Баткенди өнүктүрүү үчүн 9 млн евро бөлүндү. ПРООНдун Кыргызстандагы туруктуу өкүлү Ежи Скуратович менен губернатор Аскарбек Шадиев келишимге кол коюу учурунда.



Кыргыз Эл Баатыры, белгилүү скульптор Т. Садыков жана губернатор А. Шадиев Баткен жергесинде . «... Эркиндик монументин кайсы жерге орнотобуз?»



Кыргыз Эл Баатыры, белгилүү скульптор Тургунбай Садыковдун Баткен жергесинде тургузулган Манас комплексинин бир көрүнүшү.



Чептен эрдин күчү бек.



Аксакалдар өчпөс от алдында.



Германиялык Техникалык Борбордун жетекчиси мырза Геральд Гюнтер элет жеринде.



Германиялык Техникалык Борбордун жетекчиси Геральд Гюнтер өз өнөктөштөрү менен.

# БАЙЛЫГЫ МОЛ, КЕЛЕЧЕГИ КЕҢ АЙМАК

Баткен облусун түзүү көпчүлүктүн колдоосуна алынса дагы бул маселеден өөн издеп, тетирленгендер да болду. Албетте, ар ким өз бетинче ойлоп, жан дүйнөсүнүн шыбышын айтууга акылуу деңизчи. Буга таарынып болбойт, күнөөлөп да кереги жок. Бирөөлөр жөн эле бул чечимдин зарылдыгын, тууралыгын мойнуна алгысы келбейт. Алар негизинен мамлекет башчысынын жүргүзгөн саясатына тескери позициясын сактап, сөзсүз «жок, андай эмес» деп айтып коюуну парзындай көргөндү жакшы көрүшөт. Дагы бирөөлөр башка себептерден улам туура көрбөшү мүмкүн. Эмнеси болсо да тигил же бул жагдай туурасында эки башка пикирдин болушу мыйзам ченемдүү эле иш. Кимдики туура анын баарын мезгил өзү таразалап алат.

Албетте, бир четинен бул маселенин чыгышы бандиттик түзүлүштөрдүн өлкөбүзгө бүлүк салып, кирип келишинен улам шарттталганын да танууга болбойт. Балким, алардын бул аракеттери болбогондо бүгүн облус түзүү идеясы эрте же кеч болушу мүмкүн эле. Канткен күндө да алардын республикага жасаган беймаал жүрүшү мамлекет коопсуздугун көңүл борборунда кармоого, чек араны дыкат кайтарууга эскертүү болгонсуду. Анан калса ошол учурдагы коншуна өлкөлөрүбүздөгү ички келишпестиктерден улам тынч эмес абалы, Баткендин географиялык жайгашышы жана андан келип чыккан проблемалар облусту түзүүгө түрткү болду. Бир жагынан караганда мына ушундай жагдайлар сөзсүз түрдө Баткен облусунун түзүлүшүн шарттап койгондур. Бул биринчи кезекте мамлекеттин коопсуздугун, бүтүндүгүн сактоо үчүн керек болсо, экинчиден, республикабыздын эн четки аймагы – Баткен, Лейлек райондорунун өнүгүшү үчүн он таасирин тийгизеринде калет жок эле. Бул эки шарт бирин-бири толуктап, үндөшүп турат. Эгерде мамлекет коопсуздугу

камсыздалса, элдин жашоосу – тынч, бейкут. Ал эми эл ичинде бейпилдик болсо экономика өнүгүп, мамлекеттин коопсуздугу чыналат. Бирок, мында мамлекеттин коопсуздугун облус уюштуруу менен гана сактай алабыз деп айтуу чекилик. Чек араларды бекемдеп, коопсуздук чараларын ырааттуу жүргүзүү аркылуу жана башка жолдор менен мамлекеттүүлүгүбүздү бекемдеп, ар кандай коркунучтардын алдын алууга болот. Бирок, анткенибиз менен «эки иштен бир иш» деп Баткен, Сүлүктү, Лейлекке өнөр жайлуу Кызылкыя, Кадамжай райондорун бириктирип өзүнчө облус түзүүгө биринчи иретте ошол региондун калкынын кызыкчылыгы эске алынганын түшүнүүнүн татаалдыгы деле жок. Облустук статус алгандан кийин ал райондордун өнүгүү перспективасы бир бүтүндүктө каралып, айыл чарбасы, өнөр жайы тең салмакта өнүгүүгө багыт алат. Жыйынтыгында жаңы уюшулган Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалынын жакшырышына өбөлгө түзүлөт. Ошол себептүү мамлекет башчысынын Баткен облусун түзүү чечимин кабыл аларда мамлекет коопсуздугу сыяктуу эле Баткен аймагынын калкынын турмуш-шартын көтөрүү маселеси да биринчи планда болгонунан эч бир күмөн жок.

Кандай болгон учурда да туңгуч Президентибиз Аскар Акаевдин жетинчи областты түзүү жөнүндөгү чечкиндүү, туура кадамын бүгүн мезгил өзү таразалап отурат. Учурунда бөйрөктөн шыйрак чыгарып, «туура эмес» деп туу көтөргөндөрдүн «кыйкырыгы» тарыхый чечимдин алдында шоона эшпей калды. Республиканын борборунан 1000 чакырым алыста жайгашкан аймактын калкынын социалдык жашоо деңгээли кыйла жакшырды, ыксыз көп коюлган чек ара посттору алынып, коңшу мамлекеттер менен болгон мамилелер жөнгө салынды. Жол, электр энергиясы, суу, ирригация проблемалары чечилип, өнөр жай жана айыл чарбасындагы экономикалык көрсөткүчтөр өстү.

Ошентип, буга чейин Тажикстандын 9, Өзбекстандын 6 район-шаарлары менен чектешкен алыскы аймактар Лейлек, Баткен, Кадамжай райондоруна жана Сүлүктү, Кызылкыя шаарларына борбордук бийлик тарабынан жетишерлик көңүл бөлүнбөй келген болсо, Мамлекет башчысы Аскар Акаевдин көрөгөчтүгү менен өз алдынча административдик аймак болуп түзүлүп, Алтынбешик аймагын өнүктүрүүнүн өз алдынча программасы кабыл алынды.

Негизинен чечүүнү тез талап кылган зарыл беш маселе: **электр энергиясы, ирригация, жол, таза суу жана кайра иштетүү** тармактарын камтыган программалардын

дээрлик бардыгы бүгүн иш жүзүнө ашып, калктын башкы муктаждыктары четинен канааттандырыла баштады.

**Электр энергиясын өнүктүрүү багытында:** Ислам жана Кувейт өнүгүү банктарынын каржылоосу менен жалпы суммасы 20 млн америка долларына барабар, бүтүндөй Алтынбешик өрөөнүнүн тейлөөчү кубаттуу Айгүлташ подстанциясы курулуп, Кызылкыядан, Баткенге чейинки 150 чакырымга 220 кВт линия тартылып келинди. Мындай Улуу курулуштун шарапаты менен буга чейин кышкысын тынымсыз жарыктары өчүп, кошуна Республикаларга электр энергиясы боюнча көз каранды болуп келген Баткендиктер эми тескерисинче өздөрүнөн арткан электр энергиясын кошуна Тажик Республикасынын Согди областына сатууга мүмкүнчүлүк алды.

**Ирригация системасын жакшыртуу багытында:** Сугат аянттарына таңкыс Баткен областынын негизги экономикалык булактарынын бири бул айыл чарбачылыгы болгондуктан биринчи кезекте дыйканчылыкка маани берүү тарыхый зарылдык болчу. Президент Аскар Акаев областты түзөрдө өзгөчө суулуу аянттары өтө аз аймактын ички резервдерине көңүл буруп, али кетмен кертими тийе элек Бүргөндү өрөөнүнүн экинчи этабын өздөштүрүүнүн планынын үзүрлүү ишке ашышы да өзүнчө кеп. Баткен областынын экономикасынын өсүүсүнө өзгөчө өбөлгө болуучу аталган өрөөндөгү 3498 гектар жерге суу чыгарылса жер участокторуна өтө муктаж 4000ге жакын Лейлек, Баткен, Кадамжайлык жаштардын маселеси да толук чечилет.

Бир караганда Сарыөзөн Чүйдүн элеси тартылган Бүргөндү аймагында жылына эки түшүм алууга мүмкүн экендигин эске алсак, чынында эле Баткен областынын келечеги кен. Ушундай ички мүмкүнчүлүктөрдү тезинен калктын пайдасына чечүү үчүн баарынан мурда областы аралап өткөн 6 дарыялардын сууларын максималдуу пайдалануу зарыл экендигине маани берген Президент Аскар Акаев Бүргөндү каналынын сыйымдуулугун 12 кубдан 18,8 кубка жеткирүү үчүн Азия өнүктүрүү банкынын көңүлүн буруп, 17 млн сомдук каражат бөлдүрдү. Азыр аталган аймакта каналдын экинчи бутагы ишке киргизилди. Ошентип айтылуу Көкдайранын мүмкүнчүлүгүн максималдуу пайдалануу үчүн Бозкаракыштак, Жаштык каналдарын куруу элдик ашар демилгесинин коштоосу менен кызуу жүрө баштады. Ушундай аракеттер Лейлекте да башталып, Саркенттин суусун Карабулак, Тогузбулак, Минжыгач айылдарына, Исфана шаарына буруу элдин

жалпы колдоосуна ээ болду. Өнүгүүнүн комплекстүү негиздери программасынын алкагында аткарылып жаткан мындай улуу иштердин катарындагы Козубаглан суусун Арка өрөөнүнө буруу үчүн жасалган аракеттерди айтпай кетүүгө болбойт.

Бул тарыхый курулуштарга мамлекет тарабынан миллиондогон акча каражаты бөлүндү. Анын ичинен Бозкаракыштак каналына 4,490 млн, Бүргөндү каналын реконструкциялоого 20 млн, Сох дарыясынын жээктерин бекемдөөгө 18 млн сом жумшалган, жүздөгөн гектар жерлер өздөштүрүлөт.

Ал эми социалдык мобилизациялоо жолу менен Пүлгөн айылындагы Жаштык каналына 1,9 млн, Саркент суусун буруунун проектисин жасоо үчүн элдик демилгелердин эсебинен 72 млн сом акча каражаттарынын бөлүнүшүн кошсок жогорудагы сумма 72,9 млн сомду түзөт.

Муз ордунан жылып, областтын түзүлүшү менен не деген курулуштар башталды.

**Жол:** Түндүк менен түштүктү туташтырган Ош – Бишкек жолунун уландысы Ош – Баткен – Лейлек жолун дүйнөлүк стандартта болушу республикалардын чек араларына көз карандысыздыкты алып өтүү үчүн аракет көрүлүүдө. Азыр Пүлгөн – Актурпак жолунан оор жүк ташуучу КамАЗдар эле эмес, женил автомашиналардын кыйналбай жүрүшү Транспорт жана коммуникация министрлиги тарабынан каражаттар бөлүнүп, анын 40 чакырымы бүткөрүлдү. Албетте, Ош–Баткен жолунун курулушуна көрүлүп жаткан алгачкы аракеттер андан ары улантылат. Буюрса, Ош–Бишкек жолундай асфальт төшөлчү күндөр алыс эмес.

Мунун өзү Баткендин облус катары калыптануусу жана өнүгүүсү үчүн мамлекет бардык чараларды көрөт деген сөз. Баткен, Лейлек эли республиканын эң түпкүрүндө жайгашканы жана жеринин оор шарты үчүн күнөөлүү эмес. Баткен башкалар сыяктуу эле өсүп-өнүгүшү керек. Мына ушул өңүттөн алып караганда облустун ачылышы алакандай Баткен аймагынын дем алуусун жеңилдетип, кислород куйганга тете. Президент ушундай кадамга баруу менен бүтүндөй бул аймактын калкынын жүрөгүн өйүгөн көйгөйүнүн үстүнөн чыгып, рухун көтөрөр иш жасап койду. Канткен күндө да жоктон бар кылып жол таап, бүгүнкүсү менен эртеңине ой калчап, алыскы Баткенге облус байрагын тургузууга батыл чечим кабыл алуунун өзү оор жүк. Ошого карабастан Президент А. Акаевдин мамлекетти башкаруусунда бул сыяктуу көпчүлүккө күтүүсүз жасаган кадамдары аз эмес жана алар

өзүлөрүнүн он натыйжасын бергенин билебиз. Башкасын айтпаганда да улуттук валютабызды киргизүү үчүн Президент өз пикирине бекем туруп, ишке ашыра алды жана мунун тууралыгы арадан анча убакыт өтпөй эле билинди. Эгерде ошондо бул кадамдын зарылдыгы болбосо сомдун сонунан эле теңге, сум, манаттар пайда болбос эле. Президенттин алдын-ала көрө билүүсүнөн гана биз биринчи болуп сомубузду киргизип, күтүлүүчү көп проблемаларды кыйгап өтө алдык.

Ошентип, куттуу Баткен жергесине да оомат келди. Бул аймак республика борборунан обочолонуп, жер шарты катаал болгонуна карабастан эли эмгекчил. Кериле кетмен чаап, мандай терин төгө билген эл. Биз баарыбыз ширеси таңдайдан кетпей ырга айланган Баткендин өрүкзарлары жөнүндө көп эле укканбыз. Баткен күрүчүнөн палоо жасап тамшана жеп да жүрөбүз. Ошондой эле Баткен, Лейлек чеберлеринин колунан чыгып, көз жоосун алган кооз килемдерди кимдер гана билишпейт. Булар келечекте жаңы уюшулган Баткен облусунун экономикасына сөзсүз бараандуу салым кошо алат. Бразилия өлкөсүнө күргүштөгөн кирешени негизинен кофе өндүрүшү алып келсе, Баткен облусунун келечек өнүгүүсүндө кофенин кунунан артык баалуу продукциялар чыгарылып, рынокто өз ордун табары талашсыз. Албетте, мамлекеттин колдоосу жана элдин чымыркanган эмгеги астында гана.

Мындан тышкары жаңы облус борбору маданий-агартуу борбору да болууга тийиш. Эгерде республиканын эң түпкүрүндө мектеп-лицейлерден тышкары БатМУнун, толук эмес жогорку билим берүүчү окуу жайы – Кооперация академиясынын филиалы ачылганын эске алсак Баткен бул багытта да өнүгүү жолуна түштү. Учурда БатМУда 13 миң студент билим алат. Алардын арасында кыргыз уланкыздарынан тышкары Өзбекстан, Тажикстандын чектеш айылдарынан келип окушкан кыргыз балдары да бар. Паспортунда улуту өзбек деп жазылганы менен улутташтарыбыздын Атажуртуна ылым саноосу кичинекей Баткен айылына жетелеп келгени айтпаса да түшүнүктүү.

## КАЙРА ИШТЕТҮҮ – АЙЫЛ ЧАРБАСЫНДАГЫ НЕГИЗГИ БАГЫТ

Баткен областында он миңдеген гектар жерлер алиге суусуз, жарым чөл абалында какшып жатат. Аларга суу жеткирүү маселесине да бүгүн өзгөчө көңүл бөлүнүүдө. Башкасын айтпаганда да Бүргөндү өрөөнүн өздөштүрүү үчүн 20 млн, Арка өрөөнүн өздөштүрүү үчүн «Максат дюкери» курулууда. Бозкаракыштак каналынын куру-

луп бүтүсүү менен 700 гектар жер өздөштүрүлөт. Ал эми, Саркент суусу туннель аркылуу өткөрүлсө 7000 гектар жер пайдаланууга берилүүсү келечектин иши. Көкдайра, Козубаглан, Аксуу дарыяларынын сууларын кеңири пайдалануунун келечеги бар.

Областтын тоо этектериндеги учу-кыйырсыз талаа-түздөрүнө адырлардан кыйла төмөнкү деңгээлде аккан жогорудагы беш суусу мол дарыяларды пайдалануу менен айыл чарбасын өнүктүрүүгө болот. Баткен жери күнөстүү болгондуктан, мөмөлүү дарактарды өстүрүүнүн зор мүмкүнчүлүгү бар. Климаты айрыкча өрүк, гилас, анжир, анар, бадам, мисте, жүзүм үчүн ылайыктуу. Бул мөмөлүү дарактарды жүздөгөн гектар аянттарга өстүрүү менен алардын түшүмүн кайра иштетүүчү ишканаларды куруунун келечеги кең. Экинчиден, мөмөлүү дарактар кара эгиндерге караганда (жүгөрү, тамеки, буудай, беде ж.б.) сууну аз талап кылып, чополуу жер кыртышынын сазга айланышынан сактайт. Үчүнчүдөн, Баткен жеринин мөмөжемиштеринин канттуулугу өтө жогору. Товардык сапатын жогорулатууга жетишсе дүйнөлүк базарда өтүмдүү болуп, конкуренттик жөндөмгө ээ. Муну менен областтын жана мамлекеттин казынасына чет элдик валюталарды алып келүүсүнө жол ачылат.

Төртүнчүдөн, областтын чегинде климаты субтропикалык климатка жакын өзгөчөлүктөрү бар. Мисалы, Кадамжай районунун Бүргөндү, Кыргызкыштак, Баткен районунун Чонгара – Чоңталаа, Лейлек районунун Арка түздүктөрүндө цитрус (лимон, мандарин, курма) дарактарын жүздөгөн гектар аянттарга өстүрүүгө шарт бар. Бул үчүн биринчиден, жигердүү, максаттуу аракет, экинчиден, каражат бөлүү жана табуу гана керек. Бүгүн айыл чарбасы илимий-технологиялык негизде өнүккөн толук чөлдүү Израилдин кумсарган таштуу тоолорунун капталдары цитрусттук бак-чарбакка, адам колу аркылуу бейиш багына айландырылыптыр. Тоо капталдарындагы таштардын алакандай тегиз жерлерине топурак төгүлүп, анан цитрус өсүмдүктөрүнүн көчөттөрү отургузулуп, ар бир көчөттүн түбүнө полиэтилен трубалары жеткирилип, сугаруу компьютердик жол менен жүргүзүлөт экен. Кайсыл тилкедеги бактын түбүндөгү кыртыштын нымдуулугу азайса компьютердик сигнал аркылуу автоматтык түрдө сугарылышы Израил элинин пешене тер эмгегинин жемиши.

Ага караганда адыр-дөңдөрүбүз алда канча топурактуу. Ал түгүл дарыялардын орто агымдарынан төмөндө турат. Сууну электр энер-

гиясынын жардамы менен эмес, өз агымы менен жеткирсе болот. Ал эми, биздин байлыгыбыз континенттин түндүгүндө созулуп жаткан бай Россиянын шаарлары менен кыштактарынын калкы үчүн эң зарыл болгондугу менен келечеги бар.

Дүйнөдө шарап-вино чыгаруу боюнча илгертеден даңкы кеткен Греция, Болгария, Венгрия, Молдавия, Италия, Франция, Испания мамлекеттеринин атактуу жүзүмдөрүнө караганда Баткендин төмөнкү өңүрлөрүндө (Арка, Бешкент, Чоңталаа, Бүргөндү талаалары) өстүрүлгөн жүзүмдөрдүн канттуулугу, сиңимдүүлүгү, өң-түсү кыйла жогору. Каалаган сорттогу жүзүмдү өстүрүүгө болот. Жалаң шарап-виносу эмес, даамы тилинди артына тарткан ширин жүзүмдүн дүйнөлүк базарларда өтүмдүү болоруна шек жок. Мыкты шарап даярдоо үчүн илимий-технологиялык жакшы мамиле жасалып, эң мыкты адистерди табуу гана керек. Ошондой эле, финансылык каражатты табуу зарыл. Жогорудагыдай дың жерлерди жана дөңсөлүү адыр-түздөрдү өздөштүрүүдө өкмөттүн кызматы чоң. Анткени, азырынча андай иш чараларды фермерлер менен жеке адамдардын түзүүлөрүнө убакыт бышып жетиле элек. Акчалуу жарандарыбыз ири айыл чарба бирикмелерин, фермердик чарбаларды түзүүдө азырынча тобокелге баралышпайт. Ага тажрыйбалары да жетишсиз.

Алтынбешик аймагында техникалык өсүмдүктөрдү өстүрүүнүн да келечеги зор. Дээрлик үч райондо (Кадамжай, Баткен, Лейлек) да пахта, тамеки өстүрүү ыңгайлуу экендигин учурунда мезгил ырастаган. Бул эки техникалык өсүмдүк жогорку кирешелүүлүгү жана эл аралык базарда шыр кетүүсү менен айырмаланат.

Региондун адыр-тоолору эчкичилик чарбасын өнүктүрүүгө шарты бардыгы менен да өзгөчөлүү. Дон тукумундагы тыбыттуу эчкилерди багууга ылайыктуу. Буга тоолорубузда эчки тыбытын тыта турган караган-черлердин өтө аздыгы шарт түзөт. Дон тукумундагы эчкилердин тыбытынын 1 килограммынын баасы 450–650 сомго чейин сатылышы адистердин жана өкмөт жетекчилеринин көңүлүн бурууга татыган. Бул келечекте баалуу тыбыттан сапаттуу кийим-кечектерди даярдоочу заманбап фабрикаларды курууга жол ачат.

Бир сөз менен айтканда, Баткен областынын аймагында айыл жана мал чарбасын өнүктүрүүнүн ишенимдүү мүмкүнчүлүктөрү көп. Бул жакынкы келечекте ишке ашырса боло турган стратегиялык багыт катары өкмөт тарабынан таанылса, каражат үлөштүрүлсө эле жемишин берет.

## КЕН БАЙЛЫКТАРЫ

Баткен областынын жер асты байлыктары өтө келечектүү. Бул аймак тээ эски доорлордо эле алтын, темир, коргошун, көмүр, сымап, сурмага байлыгы менен даңкы чыгып келген. Сүлүктү менен Кызылкыянын көмүрү илгертеден жергиликтүү калк тарабынан пайдаланылган. Фергана өрөөнүндө байыркы Даван мамлекетинде иштетилген темир дал Алтынбешик аймагындагы тоолордон казып алынган. Козубаглан дарыясынын жогорку агым жээгине жакын жердеги темир усталардын атасы

Дөөтү пирим жөнүндөгү ыйык жайдын күнү бүгүнгө чейин унутулбай калышы да айкын күбө. XX кылымдагы Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында СССРдин куралдуу күчтөрүнө табылгыс запас болгон Кадамжай районундагы Кан шаарчасына жакын жерде жайгашкан коргошун кени өтө зор роль ойногон. Баткен районунун Дара ичиндеги Алтынжылга өңүрүндө байыркы мезгилде эле алтын казып алган эски кендердин орду бар. Баткен районундагы Канигут шахта-үнкүрү да илгертеден иштетилгенин окумуштуулар далилдешкен.

Геологиялык чалгындоолор боюнча азыр областтын чегинде 50дөн ашык кен-байлыктар белгилүү. Алардын ичинде көмүр, сурма, сымаптан тышкары тантал, вольфрам, алтын кендери пайдаланууну гана күтүп, кол тийбей турат. Баткен жериндеги алтын кенинин өзгөчөлүгү, геолог адистердин айтымында өтө жогору. Маселен, айтылуу Кумтөр алтын кенинде 1 тонна пародада 8–12 грамм алтын болсо, Алтынжылгадагы 1 тонна пародада 20–22 грамм таза алтын бар экен. Сүлүктүдө болсо көмүрдүн запасы 100 миллион тоннадан ашык экендиги алда качан такталган. Кызылкыяда көмүрдүн такталган запасы 450 млн тоннадан ашык.

Булардан тышкары Лейлек, Баткен, Кадамжай райондорунун адырларында фарфор-чыны буюмдарын жасоо үчүн зарыл болгон коалин-ак кумдун мол запастарын иштетүү өз саатын күтүп жатат. Түштүк Кыргызстан башынан эле минералдык жер семирткичтер жагынан Өзбекстанга толук көз каранды. Ошол эле учурда областтын бардык жеринде жер семирткич үчүн жарактуу көмүрдүн майда күлүнүн зор запастары бар.

**Кадамжай кени.** Муну 1914-жылы Радий экспедициясынын (Москва) кызматкерлери А. А. Чернов менен С. П. Александров тапкан. 1928-33-жылдары Д. И. Щербаков (Памир экспедициясы) алгачкы геологиялык изилдөөлөрдү жүргүзгөн.

Кадамжай кенинин базасында курулган сурма казып алуучу ал-

гачкы жергиликтүү өнөр жай ишканасы 1934-жылдан ийгиликтүү иштеп жатат. Каламжай кенинен бөлүнүп алынган сурма 1958-жылы Брюсселдеги Бүткүл дүйнөлүк көргөзмөдө чоң алтын медалын алган. Ал учурунда Улуу Британия, Германия, Канада, Япония сыяктуу 45 өлкөгө сатылып турган.

**Айдаркен сымап кени.** Бул кен Эшме кырка тоосунун түштүк бетинде деңиз деңгээлинен 1400–2300 метр бийиктикте жайгашкан. Кен археологиялык маалыматтар боюнча элге X–XI кылымдардан белгилүү деп божомолдонот.

Кен жөнүндө алгачкы геологиялык маалыматтарды 1926-жылы геологдор В. Э. Поярков менен В. И. Попов берген. Сымап чыгаруу 1940-жылы уюштурулган. Айдаркендеги кендин составында 70тен ашык минерал кездешет. Кендин өнөр жайлык мааниси чоң жана дүйнөдөгү ири кендерден. Айдаркен сымап комбинаты сымап, флюорит жана сурма концентраттарын чыгарат.

**Кызылкыя кени.** Мындагы «күйүүчү кара ташты» илгертен жергиликтүү эл отун катары пайдаланып келген. 1864-жылы Көккенесай суусунун боюнда орус көпөсү Фавицкийдин көмүр казуучу чакан ишканасы пайда болгон.

1898-жылы орус инженери Михайлов Эшмебулакта геологиялык изилдөө жумуштарын жүргүзгөн. Мындан соң 1901-жылы французлар Шотт (кыргыздар аны Чотбай дешкен) менен Фосс, 1908-жылы орус Н. Д. Батюшков келип, көмүр казып алуу ишканаларын курушкан. Кендин кыскача геологиялык маалыматтарын алгачкы жолу 1909-жылы М. М. Бронников менен В. Н. Вебер жарыялаган. Атайы геологиялык жумуштар 1930-жылдан кийин гана жүргүзүлгөн. Ошентип, 1901-жылдан поселка, ал эми 1938-жылдан шаар болуп эсептелет.

Азыркы учурдагы кыйынчылыктарга карабастан «Бешбурхан» шахтасы иштеп, жүздөгөн жумушчулар иш менен камсыз болгон.

Айыл чарбасында иштеп жаткан дыйкандар бул жылы 750 т тамеки, 2562 т картошка, 180 т бакча өсүмдүктөрүн, 10660 т мөмөжемиш жыйнап алуу үчүн күрөшүп жатат.

# ОБЛАСТТЫН РАЙОН, ШААРЛАРЫ

## БАТКЕН РАЙОНУ

*Баткен району Кыргыз Республикасынын Баткен областынын борбордук бөлүгүндөгү чөлкөм. 1934-жылы уюшулган. Батышынан Лейлек, Чыгышынан Кадамжай, түндүк чыгышынан Өзбекстан, Түштүк батышынан жана түштүктөн Тажикстан менен чектеш.*

*Аянты – 6,2 миң чарчы километр.*

*Калкы – 81 миң киши.*

*9 айыл өкмөтү, 47 айыл-кыштактар бар, калктын 99 пайызын кыргыздар түзөт.*

*Баткен районунун мамлекеттик администрациясын Имаров Алияр Имарович жетектейт.*

### БАТКЕНДИН ӨТКӨНҮ ЖАНА БҮГҮНҮ

Баткенге өрүк гүлдөгөн чакта кел. Талааларын ак мамыктай апаппак ак гүлдөр каптап, керемет дүйнөгө кабыласың. Биерде суу жеткен ой-түздүн баары өрүкзар. Баткен өрүкзар менен дүйнөдө өтө сейрек кездешүүчү айгүл гүлүнүн мекени. Ошондон уламбы, баткендиктер илбериңки, меймандос келет. Жери аптаптуу болгондуктан, адамдарында күндөй ысык мээр бар!

Баткен элинин өтмүшү да өзгөчө. Тарыхы тээ тереңде, кылымдар кыйырында бугуп жатат. Бул жерде эки-үч миң жыл мурда жашап өтүшкөн түрк ата-бабаларыбыз болушкан сактар менен мыктардын издери алиге сакталуу. Сактар менен мыктардын мазарлары көп.

Баткен жери Совет бийлигине чейин Түркстан губерниясынын Кокон уездине карап, нойгут-кыпчак болуштугу аталган. Рават, Самаркандек тарап Ходжент уездине карап калган. 1922-жылы СССР түзүлүп, улуттук административдик бөлүнүштөр жүргөндө да жогорудагыдай эле Баткен, Лейлек жерлери Тажикстан менен Өзбек-

стандын эсебинде кала берген. Жергиликтүү кыргыз элинин, элдин ичинен өсүп чыгышкан тетик, зирек инсандардын көптөгөн аракеттеринин аркасы менен Өзбек Республикасынын, Тажик автономиялуу Республикасынын карамагынан ажырап чыгып Лейлек, Баткен өңүрлөрү 1928-жылы Лейлек – Сүлүктү району болуп түзүлгөн. Мына ушул мезгилден баштап Кыргыз элинин кылымдык өз алдынча мамлекет куруу ой-мүдөөсүнө жол ачылган. 1928-жылдан 1934-жылга чейин эл өсүп, Лейлек, Баткендин айыл-кыштактары чыңдалып, айыл чарба бирикмелери бутуна турган. Райондун экономикасы акырындап жогорулап, маданияты өскөн. Бул Лейлек, Баткен жерлерин өз алдынча эки район катары түзүүгө шарт түзгөн. 1934-жылы апрель айында өз алдынча Баткен району уюшулган. Райондун аймагында 40 майда чарбалык бирикмелер уюшулган. Бул жер-жерлерде өнүгүү шартын түзгөн. Райондун түзүлүшүнө белгилүү коомдук ишмер, жаңыдан өз алдынча Союздук Республика болгон Кыргыз Республикасынын алгачкы Эл Комиссарлар Советинин председатели Мурат Салихов чоң эмгек синирген. Ошондой эле, белгилүү коомдук ишмер Самат Сыдыков кызмат өтөгөн. Баткен райкомунун биринчи катчысы Өмүркул Кулумбаев болсо, Аткаруу комитеттин тунгуч төрагасы Самат Сыдыков эле. Райондун калыптанышына кызматтары сиңген Султанмурат миңбашы, Айтпай Имаров, Канбүбү Абдивалиева, Токсон Мурзакулов, Сыдык Айтматов, Садир Мырзакматов, Жаанбай Эркебаев, Ташмурат Файзуллаев жана башка ондогон уул-кыздары бар. 1960-жылдары болсо райондогу 40 майда колхоздор 7 чарбага: 6 колхоз, 1 совхозго бириккен.

1960-жылдары болсо райондогу 40 майда колхоздор 7 чарбага: 6 колхоз, 1 совхозго бириккен.

Баткен району өзгөчө Төрткүл суу сактагычы курулгандан кийин дүркүрөп өстү. Дээрлик 6–7 миң гектар дың жерлер өздөштүрүлүп, бир катар келечектүү кыштактар Кызылбел, Четкызыл, Жаңыжер, Чек, Чоңталаа өсүп чыкты. Бул райондун экономикасынын кескин жогорулап, маданиятынын тез өсүшүнө мүмкүнчүлүк түздү. Акыркы эле 20–30-жылдын ичинде аталган айыл-кыштактардан тышкары Жаңыбак, Аксай, Бозадыр, Түлкүташ, Аэропорт, Дөбө айылдары өсүп чыгып, Баткен жеринин жүзүн өзгөрттү. Өрүктүн мекени Баткенде жүздөгөн гектар аянттар өрүкзарларга айландырылды. Дүйнөлүк ысымы бар атактуу айкелчи Тургунбай Садыков Манас бабабыздын жана кырк чоросунун эстеликтерин орноткондон соң Баткен жери ого бетер сөөлөт-дөөлөтүн өзгөрттү.

Алтынбешик тоолорунун ортоңку бөлүгүндө жайгашкан Баткен жеринин аймагы кыргыз элине тартуу эткен таланттарга, илимбилим ээлерине, белгилүү тарыхый инсандарга бай.

Райондо миндеген гектар дың жерлер суу жеткирилишин күтүп жатат. Аларга суулары мол Көкдайра, Исфайрам дарыяларынын суусун жеткирүү келечектин иши. Суу жеткирүү жана сугат системасын өнүктүрүү менен Баткен районун өнүккөн, агрардык чөлкөмгө айландыруу келечектин иши.

Баткен жери жер асты кендерге өтө бай. Көмүр, алтын, тантал, нефти жана газ кендери бар. Азырынча Дара тараптагы Алтынжылга алтын кен тобунан геологдор 75 тонна алтындын запасын аныкташкан. Көпчүлүк бөлүгү изилдене элек. Аларды иштетүү жакынкы келечекте жүзөгө ашаарына ишеним чоң.

# БАТКЕН ШААРЫ

*Баткен шаары Алай кырка тоолорунун этегинде жайгашкан. 1934-жылдан бери Баткен районунун борбору, 1999-жылдан Баткен областынын борбору.*

*Шаардын калкы – 21000.*

Баткен шаары илгерки Каңсык айылынын ордуна өсүп чыккан. Баткен деген аталыш мурда Базарбашы айылына таандык болгон. Кийин бул жер райондун борбору болгондон тартып, Каңсык эмес Баткен деп аталган.

Баткен сөзүнүн этимологиясынын келип чыгышын үч түрдүү жоромолдошот. Биринчи варианты тажикче бат-шамал, кен-кен. Демек, шамалдын кени дегени. Бирок, Баткенде анчалык деле добул шамал боло бербейт. Бул жоромол чындыкка коошпойт. Экинчи вариант бат – уу чөптүн аты, кен-кен мааниси. Уу чөптүн кени, уу чөп көп өскөн жер дегенден.

Шаардын бүгүнкү Базарбашы кварталы илгери Баткен деп аташкан деп айттык. Ошол Базарбашынын чыгыш тарабындагы шор баскан жерде бат деп аталган уулуу чөп алиге чейин өсөт. Мал жесе ууланат. Жергиликтүү мал аны жебейт.

Үчүнчү вариант төмөнкүдөй: белгилүү тил илимпозу, ыраматылык Жээнбай Мукамбаев Баткен деген сөздү «байыркы төл сөзүбүз, өрөөндөгү шаар» деп айткан. Кантсе да, акыркы эки вариант ишенимдүү.

Президентибиз Аскар Акаевич Акаевдин 1999-жылдын 13-октябрындагы жарлыгы менен Баткен кыштагы Баткен областынын борбору аталып, шаар статусу берилген. Шаар менен дээрлик туташ жайгашкан Кызылжол, Базарбашы, Булакбашы айылдары ага кошулган.

Баткен кантип Баткен областынын борбор шаары болуп калды. Алиге коомчулук арасында бул тууралуу түрдүү пикирлер айтылып жүрөт.

Айрымдар Баткенди кокусунан областтын ордо шаары болуп калган, борбор болууга ылайыксыз

дешет. Бул чындыкка коошпойт. Кыскасы ордо шаар болуп калышынын төмөнкүдөй себептери бар:

Биринчиден, шаар түз, кен жерге жайгашкан. Келечекте чон шаар болууга ылайыктуу.

Экинчиден, Баткен областынын чок ортосунда жайгашкан. Баткенден Караванга чейин 150 километр болсо, Баткенден Сүлүктүгө чейинки аралык да 150 километр. Эгерде инфраструктурасы өнүккөн, ыңгайлуу имараттары көп Кызылкыя шаары областтын борбору болуп калган жерде да, бул региондун калкынын, өзгөчө Баткен менен Лейлек райондорунун элинин жол азабы жеңилдебейт эле. Кызылкыяга каттоо Ошко каттоодон аз эле айырмасы болмок. Айрыкча ушул абал Баткендин областтын борбору болуусун шарттаган.

Үчүнчүдөн, Баткен кыштагы башка кыштак, шаарчалардан начарыраак өнүккөн. Областтын борбору болуу менен Баткендин ар тараптан өсүүсүнө шарт түзүү максаты көздөлгөн.

Төртүнчүдөн, Баткен тогуз жолдун тоомуна жайгашкан. Чыгышынан Өзбекстан шаарларына, түндүгүнөн жана түштүк-батышынан Тажикстанга, батышынан Лейлек, түштүк-чыгышынан Айдаркен, Кызылкыяга жол кеткен.

1999-жылдын аяк ченинде бул маселе өкмөттүк денгээлде каралып, Аскар Акаевич өзү баш болуп, адистер, жетекчилер эл менен жолугушуп, акыры Баткен шаарын областын борбору деп бир бүтүмгө келинген. Ушул күндө жаш шаар акырындап өнүгүү жолунда.

## КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮК

Алтынбешик кыргыздарынын кол өнөрчүлүгү да өзгөчөлүү. Элдик этнографиясы накта кыргыздын байыркы салттык көрөңгөлөрү менен арап, фарсы этнографиясынын көрөңгөлөрү айкашып кеткен. Мындан бөтөнчө стил пайда болгондой. Ырас ичкилик кыргыздарынын, айрыкча аялзаадалар узанган оюу-кыюу (орнамент) саймачылык жагындагы чеберчилик беренелеринде байыркы кыргыздык нук жакшы сакталып калган. Ал эми, токуучулук жагындагы кол өнөрчүлүктө: килем, таар, куржун ж.б. токууда жакынкы чыгыш элдеринин жана түркмөн элдеринин өнөр ыкмаларынын таасири күчтүү тийген.

Ичкилик кыргыз кыз-келиндери өзгөчө килем токуунун чеберлери. Баткендик, Лейлектик чеберлердин кыялдары менен колдорунан бүткөн «жүл» килемдер бүгүн колдон-колго өтүп, Кыргызстандын бардык аймактарында жашаган журтташтарыбыздын үйлөрүн көрккө бөлөп турат. Атүгүл кошуна элдер да шүйшүнө

сатып алышат. Урунууга женил болгон «араби» килемдер күндөлүк тиричиликте пайдаланууга ыңгайлуу. Ичкилик кыргыздардын келин-кыздары узанган узчулук, саймачылык беренелери да бөтөнчөлүгү менен көргөн көздү сүйүнтүп, көңүлгө гүл себет.

Баткендик чеберлер таардын бири-биринен айырмаланган ондон ашык түрлөрүн токушат. Ат жабдыктарынын жасалышы жана жасалгаланышы да, жыгач усталык жагында да оригиналдуулук бар. Өзгөчө үй салууда фарс, таджик усталарынын таасири зор тийген. Кийинки кезде үй салууда салттык жана европалык усулдар жуурулуп кетүүдө.

Ушул тапта бүтүндөй кыргыз элинин өнөрү бири-бирине куюлуп, кыргыз этнографиясы өсүп-өнүп, байып жаткан чагы. Буга маданий-рухий казынага Алтынбешик аймагынын уста-уздарынын кошкон салымдары айтарлык.

## МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫ ӨСҮҮ ЖОЛУНДА

Алтынбешик аймагынын республикалык жана областтык борборлордон өтө алыстыгы маалыматтык таңкыстыкты жараткан. Республикалык жана областтык газета-журналдар окурманга эскирип жеткен. Коомчулуктун радио-телевидение аркылуу ой-пикир бөлүшүүгө, экранда «ийри отуруп, түз кенешүүгө» мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Бул калкыбыздын саясий көз карашын мокотуп, коомдук иштерге активдүү катышуучуларына тоскоолдук кылып келген.

Ал эми, областтын түзүлүүсү менен бул бөксөлүктөр акырында жоюла баштады. Эң оболу областтык мамлекеттик администрациянын жана областтык Кеңештин органы боло турган «Баткен таңы» газетасы уюшулду. Анын 1-саны область түзүү жөнүндөгү Президенттин жарлыгынан туптуура 69 күндөн кийин, б.а. 2000-жылдын 22-январында жарык көргөн. Жаңы газета областтык мамадминистрация менен элдин ортосундагы көпүрө вазипасын өтөп, саясий жана уюштуруу иштерин алып барды.

Көп узабай Баткенде үзүрлүү ишин баштаган эл аралык толеранттуулук фондусу каржылаган алгачкы «Салам» радио студиясы уюшулду. Радиостудиянын жаш коллективи өзгөчө жаштар турмушу, жаштык жалын, дем, жаштардын коомдогу орду ж.б. проблемалуу темалардын айланасында уктурууларды жандандырды. «Салам» радиосу жаш муундардын сүймөнчүгүнө айланды.

Бүгүн областтын чегинде өз окурмандарын тапкан эркин газеталар да чыга баштады. Алардын бири Кызылкыя шаарында чыга

баштаган «Алтын өрөөн» аттуу газета. «Алтын өрөөн» көбүнчө областтын маданий-адабий турмушуна ык коюп, жаштарга эстетикалык тарбия берүү, көркөм дүйнөнү тааный билүүгө тарбиялоодо жагында окурмандардын сүйүүсүнө арзый алды.

Областтагы дагы бир чоң маданий жаңылык бул – областтык мамлекеттик телекомпаниянын көрсөтүүлөрүнүн элге чыга башташы болду. Ал күн санап калыптанып, областтын көп жактуу турмушун чагылдырууда тажрыйбасын арттырып жатат. Булардан башка Лейлек жана Кадамжай райондорунда да телестудиялар үч-төрт жылдан бери иштеп, туруктуу көрүүчүлөрүн табууга жетишкен. Маалымат майданында Кызылкыя жана Сүлүктү шаардык, Баткен, Кадамжай, Лейлек райондук газеталары үзүрлүү иштеп келет. Ошентип, Баткен областында өкүм сүрүп келген маалыматтык таңкыстык жоюлуу жолуна түштү.

# ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ

*Лейлек районунун жалпы аянты 4,7 миң чарчы километр. 9 айыл өкмөтү, 50 айыл-кыштактардан турат. Калкы 100 миңден ашуун. Райондо 14 улуттун өкүлдөрү жашайт.*

*31072 гектар айдоо аянты бар. Анын 23814 гектары кайрак, 7258 гектары суулуу аянттар. Өнөр жай ишканаларынан спирт чыгаруучу 1 кичи завод, 1 тигүү фабрикасы, 1 пахта заводу, нефти өндүрүү ишканасы, 2 пахта тытуучу, 5 жүн иштетүүчү цех бар. Мындан тышкары 2 шарап даярдоочу завод жана башка цехтер иштейт.*

*Бүгүн райондо 50дөн ашык мектеп, 1 техникалык лицей, 3 гимназия бар. Ошондой эле 3 музей, 1 борборлоштурулган оорукана, бир нече айылдык ооруканалар, аптекалар иштөөдө.*

*Лейлек району чыгышынан Баткен, батышынан, түштүгүнөн жана түндүгүнөн Тажикстан менен чектешет.*

*Райондук мамлекеттик администрациянын башчысы – Юлдашев Абдисалам Таирович.*

Алатоолуу Ата Журтубуздун четки түштүк – батышын байырлап жаткан Лейлек кыргыздар байыртадан жашаган алтын аймак. Жергиликтүү эл өз жерин ушунчалык терең сүйгөндүктүн бир кепили – Ата Журтун эң көркөм, сүйүктүү илек-илек кушунун ысмы менен байланыштырган. Анын үстүнө куш жерге куйругу менен ушунчалык секин, жумшак конот дейсиз! Лейлектиктер Лейлек жергесин куш жерге конгондой назик, ширин кыялдуу, терен сүйүшөт. Анткени, бул жер алардын ата-бабаларынан бери эркелете, сүйө, термелте өстүргөн алтын бешиги!

Лейлек өңүрү Орто Азиянын киндиги, байыркы цивилизациянын бешиги болгон Фергана өрөөнү менен Самаркан, Ташкент кан жолунун астанасы. Ушул астанада кылымдар кыйырында өмүр кечкен ичкилик кыргыздар Ата Мекендин чегин коргошкон. Эчен-эчен тарыхый окуялардын күбөсү болушкан. Уруулук биримдикте жашашып, ар качан чыгыш, чыгыш-

түндүктө жашаган кыргыз улутташтарына жан ийе ыктап турушкан. Жүрөктөрү кыргыз деп соккон.

Совет бийлигине чейин (1917-жыл) Лейлек өңүрү Исфана, Чапкылдык, Бөксө-сибирги болуштуктарына бөлүнүп, Самаркан облусунун Ходжент уездине караган. 1924-жылы Орто Азияда биринчи Союздук Республика болгон Өзбек ССРи түзүлүп, Лейлек жергеси дагы эле Ходжент уездинин карамагында кала берген. Бул окуя кыргыз элинин улуттук сезимин козгоп, ошол кездеги СССРдин составындагы Кара Кыргыз автономиялуу областына кошулуу үчүн кыймыл башталган. Лейлектин Кыргызстанга кошулушуна 1925–28-жылдары колдон келген аракеттерди жасашкан эл аксакалдары молдо Турсун, Исабек болуш, Раззак Мавлянов болушкан.

Келечектеги Кыргыз Республикасынын председатели Мурат Салиховдун да чоң үлүшү бар. 1924-жылы чыга баштаган «Эркин Тоо» гезитинин экинчи санына анын Ходжент кыргыздарын Кыргыз автономиялуу областына кошуу жөнүндөгү макаласы жарыяланган. Анткени, Баткен районунун Самаркандек тарабы да Ходжент уездине караган эле. Ошентип, элдин мүдөөсү менен Лейлектиктер Кыргызстанга кошулган. Эл тагдырын тарыхый бир бурулуш жылдары чечишкен жогорудагы аталарыбызга түбөлүк таазим этебиз. «Эр эмгегин жер жебейт» деген ушул.

Ошентип, Ходжент уездинен бөлүнгөн Лейлек, Баткен жерлери биринчи Лейлек – Сүлүктү району болуп түзүлгөн. 1932-жылга чейин Лейлек районунун борбору Сүлүктү шаары болуп келип, анан Исфанага көчүрүлгөн. Лейлек районунун биринчи катчысы Иманалиев Шадыман, райаткаруу комитетинин төрагасы Кенжебаев Сейдали болгон. Алгач бөлүнгөн 10 сельсовет: Сүлүктү, Эски-Овчу, Бешкент, Маргун, Лейлек, Миңжыгач, Исфана, Сумбула, Чалдыбалды, Замборуч айылдык кеңештери түзүлгөн.

Ал эми батыш бөлүгүндө: Ортобоз, Рават, Баткен, Бужун, Карабулак, Суубашы сельсоветтери уюшулган. 1934-жылы апрель айында Баткен району өз алдынча район болуп уюшулган.

Лейлек жергеси кыргыз элине берген таланттуу, ишмер инсандарга бай. Лейлек жергеси кыргыз элине берген таланттуу, ишмер инсандарга бай. Алардын көч башы Кыргыз элинин сыймыктуу уулу, атактуу мамлекеттик, коомдук ишмер Исхак Раззаков. Улуу Ата Мекендик согуштун баатыры Самат Садыков, Усман Маткаримов, Миңбай Жалилов, Жапар Абдиев, Кудайкул Ниязматов, Исабек Бектемиров, Эралы Сарыбаев, Бостон Эралиев, Эргеш Эгембердиев, Жа-

лал Өсөров, Токтош Абдуллаев, Шарип Полотов, Чыны Айтпаева, Саадат Бабаева, Бава Саттаркулов, Карим Ташбалтаев, Ташполот Жапаров жана башка көптөгөн инсандар Лейлектин данкын чыгарышкан. Анын түптөлүп өнүгүшүнө салым кошуп өздөрүн сыймыкка бөлөшкөн. Таланттуу акын-жазуучулар Абдираим Шама, Курбаналы Сабыров, жазуучулар Нууман Сайдуллаев, Атакул Жакыпов, Айдарали Жапаров, Абдилаат Дооров, Айнагүл Базарбаева, Бакытбек Мукарамов, обончулар Бабаравшан Тургунбаев, Хабибулла Азиреткулов элдин сыймыгы. Лейлек жалпы кыргыз элине улуттук күрөш жагынан да аты чыккан. Лейлек күрөшү бүгүн бүтүндөй Орто Азия элдерине белгилүү.

## ЛЕЙЛЕК ӨЗБЕКТЕРИ

Лейлек аймагында 26 миң өзбек калкы жашайт. Алар бул жерде кыргыз, тажик калктары менен көп кылымдардан бери ынтымакта өмүр кечиришет. Өзбектер негизинен Исфана, Бешкент, Кайрагач, Тагаб, Андархан, Чүрбөк айыл-кыштактарын илгертеден эле жердешкен. Өзбек эли кыргыздар менен ирегелеш жашап, ичкен суусу, базары, ал түгүл мазарлары бир. Лейлек жергесин өнүктүрүү, маданиятын гүлдөтүүгө салымдарын кошуп келишет. Өзгөчө байыртадан жерге жакын, дыйкан, эмгекчил калк райондун айыл чарбасын өнүктүрүүгө көп үлүштөрүн кошушууда.

Лейлектик өзбек туугандардын арасында Кыргызстан, Өзбекстанга белгилүү инсандар Юлдаш Каримов (1934–36-жылдар Өзбекстан ички иштер министри), Атакозу Азизов (филология илимдеринин доктору, Илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти), Байбаба Юнушов (1939–47-жылдары Өзбекстан Министрлер Советинин төрагасынын орун басары), элдик ишмерлер Усман Маткаримов, Марипжан Момунов, Элге билим берүүгө эмгеги сиңген Марзия Шарипова жана башка элибиздин сыймыктуу уул-кыздары. Лейлектик өзбектерден чыккан акындар Илаш Тойчу, окумуштуулар Абдуразак Абдувашев, Улукбек Нуманов көпчүлүк урматындагы адамдар.

## ӨЗБЕК – КЫРГЫЗ ТҮПТӨШ ЭЛ

Илгертен эле Исфананы боордош калктар өзбек менен кыргыздар бирге жердешет. Бири-бирине арка жөлөк болуп кылымдарды калтырышкан эки журттун максаты, келечеги бир. Эки элдин уулкыздары эски шаарды гүлдөтүп, коргоп, өмүр кечирип келишкен. Ушул тапта да жаш шаарларынын көркүн арттырып, ниет-тилеги ажыралгыс.

Эки элдин дилин жакындаштыруу, достугун чыңдоо ниетинде өткөрүлгөн өткөн жылдагы «Ыр кесе» оозеки чыгармачылыкка арналгандыгы да бекер эмес. Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына арналып уюштурулган «Тарыхы болбой эл болбойт, тамыры болбой жер болбойт» деген кароо-конкурсу да боордош элдердин өткөнү менен бүгүнкү күнү бир экенин көрсөттү. Кыргыз жигит Салямов Хамза менен Өзбек жигит Нажимидинов Кахраман баш болуп уюштуруу үлгүсү болуп калышты.

Ошондой эле, жакында башталган «Ыр кесе күрөш» деген мелдеш да элдерибиздин ортосундагы өз ара туугандык сезимди арттырып, ортодо каражат топтоо менен Сарканттин суусун Исфана-Карабулак өрөөнүнө чыгарууга даярдык көрүүгө арналды.

## ЛЕЙЛЕК ТАЖИКТЕРИ

Лейлек жеринде кыргыз, өзбектер менен ирегелеш жашаган жергиликтүү тажиктер да бар. Алар Андарак, Дейнөө, Коргон, Арка өңүрлөрүндө жашашат. Мындагы тажиктер көөнө замандардан дыйканчылык менен жашап, мал багып, ар кандай кол өнөрчүлүктү тутунушкан. Тажик элинин арасынан чыккан Саид Ахмед Хожа 1917–19-жылдарда Исфана волостук аткаруу комитетинин биринчи орун басары болгон. 1924–26-жылдары Андаракта туңгуч мектеп ачылып, анда Хаджиматов Ташкентбай, Набиев Кары алгач иштешкен. Улуу Ата Мекендик согушка Андарактан 113 тажик жигиттер катышкан. Райондун ар тараптуу өнүгүшүнө кызматтары сиңген Наркозу Латипов Сумбула айыл кеңешинин башчысы болгон. Ал эми, Каримжан Касимов Тажикстандын эмгек сиңирген артиси. Ал жүздөн ашык ырларга музыка чыгарган таланттуу композитор. Ушул тапта 5 миңдей тажик калкы кыргыздар менен бирге ынтымактуу жашап жатышат.

# КАДАМЖАЙ РАЙОНУ

*Кадамжай району Баткен областынын чыгыш тарабында жайгашкан. Чыгышынан Кызылкыя шаары, батышынан Баткен району, түндүгүнөн Өзбекстан, түштүгүнөн Алай району менен чектешет. Азыраак тилкеси Ош областы менен туташ.*

*Калкы 14788 киши, 10 айыл-өкмөтү, 76 айыл-кыштак, 1 шаар, 3 шаарча бар.*

*Район 1938-жылы уюшулган. Аянты 604353 га, анын ичинде 25457 га айдоо, 16335 га сугат, 9122 га кайрак жер бар.*

*Кыргыздардан тышкары өзбектер, тажиктер, орустар, татарлар жана башка улуттар жашайт.*

*Кадамжай райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы – Бердиев Дастан Бердиевич.*

Райондун чегинде 3 дарыя: Исфайрам, Шаймерден, Көкдайра агат. Кадамжай району республикадагы өнөр жайлуу райондордун бири. Кадамжай сурма комбинаты менен Айдаркен сымап комбинаттарынын дүйнөлүк атактары бар. Бүргөндү өңүрүнөн нефти жана газ өндүрүлөт. Улуу Ата мекендик согуш мезгилинде Кан поселогунан казылып алынган коргошун жеңиш үчүн эбегейсиз чоң кызмат өтөгөн.

Кадамжай районунда эл сыйынган, аздектеген эки ыйык жер бар. Алар Кадамжай жана Шаймерден ыйык жерлери. Кутманкөл, Көккөл, ага жеткирчү асма жол жана Дугаба, Шивели, Пышковод жайлоолору көргөн көздү суктантып, коздугу менен туристтерди өзүнө тартат.

Кадамжай району аймагынын кендиги, жер асты, жер үстү байлыгы жана бул жерди байырлаган эмгекчил, таланттуу калкы менен республикадагы алдынкы райондордун катарында турат. Бүргөндү өрөөнү эле не деген келечектүү байлык. Дээрлик 40 миң гектарга жакын жери бар.

Кадамжай деген аталыш Мухаммед пайгамбардын төрт ыйык

досторунун бири, тууганы жана күйөө баласы Али Абу Талибдин аты менен байланыштырылат. Шаймердан деле ушул ысым менен байланыштырылып жүрбөйбү. Бүгүнкү Кадамжайдын Айдаркен тараптан кире беришиндеги ташка Али Абу Талибдин кадамы түшкөн деген аңыз бар. Ошондон Кадамжай аталышы калган.

Ал эми, райондун борбору – эски кыштак Пүлгөн. Кадамжай менен Пүлгөн эгиз перзенттей туташ, киндиктеш. «Кадамжай менен Пүлгөндөй, эгиз кыздар күлгөндөй» деп эл ырдагандай эки турак ажайып кооз, көркөм жай. Экөөнүн чок ортосунан жүлүндөй сызып аккан Аксуу дарыясы кайталангыс чырай берип турат. Биер бекеринен ыйык адамдардын ысмы менен байланыштырылбайт. «Жерине жараша жыланы» демекчи, Кадамжай өңүрү Кыргыз элине атактары алыска кеткен таланттуу инсандарды тартуу эткен. Полот хан, Молдо Нияз, Абдыкадыр Орозбеков, Абсамат Масалиев ушул жердин перзенттери. Алардын жолун жолдошкон белгилүү адамдар оголе көп. Бул өңүрдүн тарыхы, байыркы Фергана цивилизациясы менен тыгыз байланышкан. Кыргыз элинин узак кылымдар бою эгемендүүлүк жолундагы эчендеген тарыхый окуялардын күбөсү. Кадамжайдын өткөнү канчалык бай болсо, келечеги андан бетер бай. Анткени, Теңир бул районго байлык менен дөөлөттү молунан берген. Кадамжай эли Кыргызстанга ысымдары белгилүү Кыргыз мамлекетинин калыптанышына, өнүгүшүнө эбегейсиз зор салымдарын кошкон улуу инсандарды өстүрүп чыгарган. Элдик баатыр Полотхан, тарыхчы жана саясатчы Зиябидин Максым, акын, Кыргыз жазма адабиятын баштоочу Молдо Нияз, Кыргыз Мамлекетинин биринчи жетекчиси Абдыкадыр Орозбеков, белгилүү коомдук жана мамлекеттик ишмер Абсамат Масалиев бүтүндөй кыргыз журтунун сыймыгы. Ошондой эле коомдук жана мамлекеттик ишмерлер, эмгек баатырлары Азиз Токтобаев, Хасанжан Дадабаев, Орун Абдырахманов, Мурадил Эргешов, Өзгөн Юлдашев, Зулпукар Маматов, кыргыздан чыккан биринчи генерал кыз Турсунай Айтматова өздөрүнүн өмүрлөрүн эл-жерибиздин гүлдөшү үчүн арнашкан жана арнап жатышат.

## ҮЧКОРГОН ТАЖИКТЕРИ

Үчкоргондо 25 минден ашык калк жашап, областтагы эң чоң кыштактардын бири. Үчкоргондук тажиктер илгертеден ушул кол менен жасалган бейиш жерде жашайт. Түштүктөн соккон тоонун салкын желине Исфайрамдын жагымдуу шападасы жуурулушуп

кыштактын абасы өзгөчө жанга жагымдуулугу менен айырмаланат. Бул жерди жердешкен тажиктер, өзбектер, кыргыздар достуктун чыныгы үлгүсүн даназалап келишет. Үчкоргондуктар асыл багбан, мээнеткеч дыйкан эл. Биерден көптөгөн элге белгилүү инсандар чыккан. Алардын баарын атоого мүмкүнчүлүк жок. Учурунда Тажик Республикасынын Министрлер Советинин Председатели Мамадали Курбанов, Кыргызстанда көп жылдар бою жогорку кызматтарда иштеген Хасанжан Дадабаев, Үчкоргон колхозун 30 жыл бою башкарган Назиржан Масаитов, коомдук ишмер Каримжан Бабаев, медицина илимдеринин доктору, тажиктердин «Рудаки» ассоциациясынын төрагасы Абдухалил Раимжанов Үчкоргон элинин сыймыгы.

Үчкоргон кыштагы Түштүк Кыргызстан гана эмес, Фергана өрөөнүнө мөлтүр-ширин гилас, бал татыган алмуруту, кымыз даам алмасы, ушундай керемет мөмөлөрдү өстүрүүнүн сырын билген багбандары менен даңкы чыккан. Кыргыз, тажик элдеринин достук данакери кызматын өтөп келаткан Үчкоргондун келечеги кең.

# КЫЗЫЛКЫЯ ШААРЫ

*Калкы – 43076, аянты – 7831 га. Ал Кичиалай кырка тоосунун түндүк этегинен орун алган. Деңиз деңгээлинен 918 м бийиктикте жайгашкан. Калкынын саны 43400. Шаар республикабыздагы ири өнөр жай борборлорунун бири. Анда «Шахтакурулуш», «НурКМ», «Машина куруу», «Дан» жана башка акционердик коомдор, 13 орто мектеп, кыргыз-түрк лицейи, бир нече атайын жана жогорку окуу жайлары, БатМУнун филиалдары мезгил талабында иштеп жатат.*

*Шаардын мэри – Абдивасиев Миркамил Ниймагуллаевич.*

Кызылкыя илгертеден эле кыргыз эли жашаган аймак болуп, эл көмүрдү аз болсо да муктаждыктары үчүн пайдаланып келишкен. Көмүрдү өнөр жайлык негизде казып алуу Фергана өрөөнү Россиянын карамагына киргенден кийин башталган. 1864-жылы Көккенесай суусунун боюнда орус көпөсү Фабицкий көмүр казуучу чакан ишкананы ачкан.

Ошентип, кичинекей кыргыз айылына жанаша 1901-жылы шаарча өсүп чыккан. 1930-жылдан шаар аталып, Кызылкыя республикабыздагы чоң, өнөр жайлуу шаарлардын катарына кошулган. Шаардагы тоо-кен окуу жайы республикабыздагы тоо-кен инженерлерин даярдоо жагында көп кызмат кылган. Медициналык окуу жайы да миндеген орто адистиктеги медицина кызматкерлерин даярдап чыгарды. Бүгүн шаар жаштардын, студенттердин жаштык шаары. Анын өнөр жайы кайрадан өнүгүү жолуна түштү. Кызылкыя Кыргызстандагы өнөр жайлуу шаарлардын бири. Ал 2003-жылдын жыйынтыгы менен калкынын саны 50 миңге чейинки шаарлардын арасынан бардык тармактары боюнча өнүгүүсү эске алынып, экинчи орунду ээлеген.

Кызылкыя шаары республикабыздын экономикасына бараандуу салым кошуп, өзүнүн социалдык-маданий жагын өнүктүрүүсү менен дагы аты чыккан. Ошондой эле бул шаар элибизге кеңири белгилүү атактуу адамдарды өстүргөн. Алардын катарында Төрөбай Кулатов, Молдо Гулбат, Социалисттик Эмгектин Баатырлары, атактуу шах-

терлор Абдулла Кыпчаков, Алтымыш Сатыбалдиев, Пахридин Алимбаев, Тажибай Мамажакыпов, Пазыл Айбашов, Муса Абдувалиев ж.б. бар. Шаар азыркы күндө да өнүгүү темпинен жазбай жашаруу жолунда.

*И. Е. Бельков:*

**«КЫЗЫЛКЫЯ ЖАНА КЫЗЫЛКЫЯЛЫКТАР ЖӨНҮНДӨ»**

«–Мен Кызылкыяга 1915-жылы июлда, адис жумушчуларды биринчи империалисттик согушка үчүнчү жолу мобилизациялап, жөнөтүп жаткан кезде келдим. Ал кезде кенди Петербургда турган Акционердик коом ээлеп турган болчу. Кендин так кайып түшкөн № 3 жана № 4 жана жантык казылган № 1 шахтылары болгон. Мындан башка да кендин айланасында анча чоң эмес эки шахта бар болчу. Бул майда шахтылардын бири – Жал кенин Ракитин деген киши жана экинчисин 1902-жылы кенди биринчи ачкан № 2 шахтанын ээси П. В. Фосов ээлеп турган. Мында, кара жолдун жанында жердин бетине чыгып жаткан көмүрдүн бар экендигин П. В. Фосовго жергиликтүү кыргыздар көрсөтүп беришкен.

Ал кезде кендин поселогу тоонун арасында жайгашкан бир нече турак үйлөрдөн турган. Бул үй Октябрь революциясынын биринчи күнүнөн тартып ооруканага берилди.

Кызылкыянын жана анын бардык шахтылары Фергана шаары менен 10го жакын кичине паровозу бар кууш темир жол аркылуу катташып турушкан.

Кенде көмүрдүн күкүмүн пайдалануу үчүн биркет фабрикасы да курулган болучу.

Адамдарды фронтко мобилизациялап жатканга байланыштуу жумушчу күчү жетишпей калгандыктан, 1915-жылдын аягында венгерлерден, чехтерден, румындардан турган австро-венгериялык армиянын согуш туткундарынын чоң тобун ишке алууга кендин администрациясы мажбур болду. Бул согуш туткундарынын командованиеси жалан гана немец офицерлеринен турган.

Кенде көмүр казып чыгаруу сезондук мүнөздө болгон, анткени көмүрдү жергиликтүү турмуш керектөөсү үчүн гана пайдаланып турушкан. 1915–16-жылдардын кышында гана көмүрдү согуш ведомствосу ала баштагандыктан, кенди аскердик ишкана деп жарыялашты. Орто Азиялык темир жолдордо отун жетишпегендиги сезиле баштады, ошондуктан, Февраль революциясына чейин көмүр казып чыгаруу сезондорунун ичинен бул сезон, көмүр казып чыгаруу боюнча эң жогорку сезон болду. Кызыл-

кыя кууш темир жол станциясы боюнча дежурный болуп иштегенимден бул сезондо ар сутка сайын 50гө жакын поезд жөнөтүлүп тургандыгы эсимде.

Кендеги жумушчу табынын көпчүлүгү орустардан, кыргыздардан, өзбектерден, казак татарларынан жана аз сандаган ирандыктардан, афгандыктардан, Батыш Синьцзяндык кашкардыктардан турган.

Жумушчулардын көпчүлүгү казармаларда турушту, ал эми үй-бүлөлүүлөр болсо казарманын бурчтарын бойро, чий жана башка нерселер менен тосуп алып жашап турушкан.

Көмүр катмарын казып чыгаруу системасы «столбовая» деп аталган. Көмүрдү жүктөө, штрек боюнча тартуу кол менен иштелген. Катмардын калындыгынан гана чана колдонулган эмес.

Шахтерлордун эмгек акысы устундардын казылган аралыгын ченөө жолу менен же вагончолордун саны менен эсептелген. Эмгек акы төлөө төмөн болгон.

Ал кезде жумушчулардын уюму, профсоюз же бирикмелердин башка формалары болгон эмес.

Февраль революциясына чейин кендин ал-жайы ушундай эле.

# СҮЛҮКТҮ ШААРЫ

*Сүлүктү шаарында – 21385 калк жашайт. Жалпы аянты – 1400 га. Кезегинде 1 млн тоннага чейин көмүр өндүрүп, Орто Азиянын очогу аталган Сүлүктүдө ЖОЖдордун филиалдары бар.*

*Шаардын мэри – Каримов Абдыганы Каримович.*

Сүлүктү шаары Баткен областынын батыш тарабында жайгашкан. 1940-жылдан баштап шаар аталган. Кошбулак айыл өкмөтү анын карамагына кирет.

Шаарда кыргыз, өзбек, тажик, орус жана башка улуттар жашайт. Анын аймагында күрөң көмүрдүн мол запасы бар. 1868-жылы биринчи болуп орус армиясынын полковниги Фабицкий шахта курдурган. Ошондон баштап Сүлүктүнүн шаар болуп өсүп чыгуусуна шарт түзүлгөн. 1871-жылы шахта Кокон хандыгы тарабынан өрттөлүп, 1895-жылы гана кайрадан көмүр казуу башталган.

Октябрь революциясынан 4 күндөн кийин 1917-жылдын 30-октябрында (Кыргызстанда биринчи жолу) Сүлүктүдө Совет бийлиги орногон. Сүлүктүдө 1985-жылдары 1 миллионго жеткирилип көмүр казып алынган. Азыркы күндө көмүрдү «Сүлүктүкөмүр» жана «Сүлүктүшахтакурулуш» акционердик коому казып алат.

Акырындап көмүр казып алуунун көлөмү жогорулап жатат.

Шаарда 9 орто мектеп, 1 мектеп-интернат, техникалык лицей, 1 оорукана, поликлиника, төрөт үйү, аптекалар бар. Эки жогорку окуу жайы ачылган. Шаар акырындап кайрадан өнүгүүдө.

XX кылым Сүлүктү шаарынын кылымы болгон. Өткөн жүз жылдыкта анын өркөнү өсүп, кылымдар аралыгында кубарып жаткан курук сай гүлдөгөн шаарга айланган. Адамдын колунан эмне гана келбейт. Ондогон ири ишканалар курулуп, маданият сарайы, мектептер, эс алуу парктары шаар көркүн арттырган. «Шаар Орто Азиянын кочегары» атагына татыган. Эмгекчил эл шаарды жаратып, шаар элден чыккан эмгек баатырларын жараткан. Кыргыз, өзбек, орус, татар, тажик жана башка

элдердин достук шаарчасына айланган. 1985-жылы Сүлүктүнүн шахтерлору 1 млн тоннадан ашык көмүр казып алышкан.

Өткөөл мезгилде кыйынчылыктарга кабылган шаар акыркы жылдарда кайрадан жандана баштады. Шаар карыган жок. Кайрадан жашара баштап, студенттердин, жаштардын шаары болуп калды. Бүгүн бул калаада 3 жогорку, 1 орто окуу жайы, 1 техникалык лицей бар. Шахтерлордун мекени учуру келгенде кайрадан гүлдөрүнө шаардыктар бекем ишенимде.

Шаар эли сыймыктанган атактуу инсандар Социалисттик Эмгектин Баатыры Рустам Жолбаев, Тургун Ибрагимов, Дыйкан Жороев, Темирбай Марипов сыяктуу коомдук жана мамлекеттик ишмерлер Сүлүктүнүн бардык тараптан өсүп-өнүгүшүнө, шахталардын иштерин жандандырууда өтө зор эмгек сиңиришкен. Эл өзүнүн атактуу уулкыздарынын ысымдарын көңүлүндө түбөлүккө сактайт.

Сүлүктү шаары Түркстан кырка тоолорунун түндүк капталында деңиз деңгээлинен 1380 метр бийиктикте жайгашкан. Облустук борбор – Баткенден 170 чакырым батыш тарапта. Облустун рельефтик түзүлүшү республиканын башка шаарларынан өзүнчө өзгөчөлүгү менен айырмаланып турат. Анткени шаар жайгашкан аймакта адыр, дөңсөлүү, ал эми түздүктүү тегиз жерлер жокко эсе. Түштүк-батыш, түндүк бөлүктөрү бийик-бийик дөңсөлүү адырлуу аймактар менен курчалган. Мисалы, Товарная станциясынан түндүк-чыгышты карай бир аз эңкейип келип, ал эми шаардык базардан Чыгыш (Кошбулак) шаардын жандоочусу болуп эсептелген поселокту карай рельеф кайра да бийиктеп, көтөрүлө баштайт. Шаардын чет жакаларындагы дөбө-дөңсөөлөрдүн көпчүлүк бөлүгүндө сүрүлүү, жарылуу, көчкү жүргөн аймактар кезигет. Мындай көрүнүштөрдү Самат айлынан шаардын борборуна чейин жана андан ары Кошбулак поселкасына чейинки аралыктардан көрүүгө болот.

Мына ушундай табигый түзүлүштөрдүн татаалдыктарынан улам бир учурларда шаарды «Чыгыш» шаарчасы тарапка же Карабулак айылына жакын жердеги тегиздиктерге көчүрүү жагы да айтылып келди. Бюджеттин, экономиканын тартыштыгынан ал маселе ушул күнгө чейин турмушка ашыралбай калып келатат. Климаты кескин континенталдуу.

Шаар күрөң көмүр бассейинин өздөштүрүүнүн негизинде пайда болгон. Карамагына Кошбулак, Кольцо, «Кирпичный» поселкалары менен айылдары кирет.

Шахта 4 жыл иштегенден кийин 1871-жылы Кокон хандыгы тарабынан өрттөлүп, андан соң 24 жылдан кийин ал кайра иштетиле

баштаган. Мында күрөң көмүрдөн башка да Сүлүктү–1, Сүлүктү–2, Сүлүктү–3 деген акиташ, кварцтуу кум жана башка пайдалуу кендерге бай.

Күрөң көмүр кенинин геоэкологиялык маалыматтарын алгачкы ирет 1903-жылы В. Н. Вебер, М. М. Бранников ж. б. беришкен. Чалгындоо жумуштарын «Средазугеология» тресті, кийин Кыргыз ССР геология башкармасы тарабынан жүргүзүлүп, запасы аныкталып, такталган. Кендер негизинен бирибирине жакын жайланышып, Батыш, Кошбулак, Коросонсай, Көкүнөсай участкаларына бөлүнөт. Кендин баланстык запасы 217,9 млн тонна. Акиташ кендеринин калыңдыгы 20–30 м, узундугу 2,5 чакырымга чейин жетет. Кендердеги акиташ тегин цемент, айнек даярдоого кошунду катары пайдаланса болот.

Гипс кени Коросон, Белалма, Ортотүз болуп үч участкага бөлүнөт. Бул кендин катмарлары 200–300 метр терендикте кезигет.

Узундугу 4–6 чакырым, туурасы 6/50 метр. Запасы 26 млн тонна, карьер түрүндө казып алууга мүмкүндүк бар. Шаарда кыргыз, орус, тажик, өзбек, татар ж. б. улуттар жашайт. Калк негизинен шаардын борборунда, Кошбулак поселкасында башка бөлүктөргө караганда жышыраак отурукташкан.

Жердин сүрүлүшү, түшүп, чөгүп кетүүлөр болуп турат. Жер катмарынын сүрүлүүсү, жаракалар пайда болуп, чөгүп кетүүлөр бүгүн же кечээ эле башталган жок. А көп жылдан бери, улам кайталанып, шаардыктардын тынчын алып, коркунучтарды пайда кылып турат. Табигый кырсыктарга чейин анын алдын алса болот.

# БЕШИНЧИ ЖЫЛДЫН ЖЫЛДЫЗДУУ СААТТАРЫ

### Эл достугу

Тажик, кыргыз эли эзелтеден эле бир арыктан суу ичип, ынтымакта канатташ жашап келген.

Губернатор А. А. Шадиев өзүнүн алгачкы иш жумалыктарында эле бул маселеге маани берүү менен Тажикстандын коңшулаш Согди областынын акими Р. Касимов жетектеген топ менен жолугушту.

Өз ара достук сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында эки элдин ынтымакчылыгын арттыруу, соода, транспорт, энергетика тармактарындагы эки облус үчүн тең пайдалуу маселелер чечилди.

### Сүлүктүгө 5 млн сом

Сүлүктү шахтасын калыбына келтирүү, шаарды таза суу менен камсыз кылуу, Андарак – Исфана жолун ондоону тездетүүгө 5 млн сомдук жардам менен премьер-министр Н. Т. Танаевдин өрөөнүбүзгө келиши губернатор А. Шадиевдин алгачкы иш айынын маанилүү жаңылыктарынын бири болду.

### Жаңы парк курула баштады

Баткен шаарына эс алуу – маданий паркынын курулушу башталып, областтык жана райондук мекеме-уюмдардын коллективдүү ишембиликтеринин натыйжасында 1500гө жакын арча, кайың, карагай жана башка декоративдүү өсүмдүктөрдүн көчөттөрү отургузулду.

Мындай чоң парктын курулушу Баткен районунун да, областтын да тарыхында биринчи жолу болуп жатат.

### Жол азабы жеңилдейт

Жүргүнчүлөрдүн жол кыйынчылыгын жеңилдетүү максатында губернатор А. Шадиев президентибиз А. Акаевке чечкиндүү сунуш менен кайрылгандан кийин транспорт жана коммуникация министринин орун басары К. Мамаев Баткен – Исфана жолунун курулушун тездетүүгө атайын тапшырма менен келди.

Учурда алгачкы иштер башталды. Эгер Көк – Талаа – Пүлгөн –

Бүргөндү – Актурпак жолу бүткөрүлүп калса, Өзбекстандын анклавдарына кирбестен, түз, ыңгайлуу каттамга шарт түзүлөт.

**«Евролор» – өрөөндүн өнүгүүсүнө**

Евросоюздун колдоосу менен 9 миллион евро өрүкзарлуу өрөөндүн өнүгүшүнө багытталды. Бул айрыкча областтын бүгүнкү күндөгү социалдык муктаждыктарын чечүүгө жумшалмакчы.

Евролук иштердин колдоосун өнүктүрүүдө губернатор А. Шадиев Баткенге 4 млн евро менен келген германиялык техникалык борбор менен да бирдикте келечектүү иштерди алып барууга жетишүүдө.

**АКШнын элчиси Баткенде**

АКШнын Кыргызстандагы толук жана ыйгарымдуу элчиси Стивен Янг мырза Баткен жергесине арзуу менен келгендигин жашырган жок. Анын бул жолку сапары областтын аймагы, элдин жашоосу, жалпысынан социалдык-экономикалык абалы менен жакындан таанышууга багытталды. А элчинин түпкү максаты – жаш областты ар тараптан колдоп, жардам көрсөтүү.

**130 айылга таза суу**

Азия өнүктүрүү банкынын таза суу долбоору боюнча жетектөөчү менеджери Ханни Асфур мырза калкты таза суу менен камсыз кылуу боюнча областтын 130 айыл-кыштактарында долбоорго карата кандай иштер аткарылып жаткандыгы менен таанышып: «Али бул ийгилик эмес», – деп, 5 пайыздык төлөмдөрдү тез арада жыйнап, ишти тездетүү зарылдыгын белгиледи.

**Энергия экспорттолот**

Жогорку чыңалуудагы Айгүлташ подстанциясынан Тажикстандын Канибадам шаарына линия тартуу маселеси боюнча Азия өнүктүрүү банкынын долбоору боюнча иликтелип, изилденүүчү иштер башталды.

Эгерде бул иш турмушка ашса, энергияны экспорттоо жолго коюлуп, экономикалык жактан кайтарым бере баштайт.

**Бүргөндүдө жаңы жерлер ачылат**

Бүргөндү каналын реаблитациялоодо 18,5 миллион сомдук иштер аткарылды. Объект бүткөрүлгөндөн кийин каналда суунун сыйымдуулугу 18,8 метр кубга жетип, жыйынтыгында Бүргөндү массивинде 3498 гектар жаңы жерлер өздөштүрүлөт жана ал жерлерге облусттун калкы жыш жайланышкан райондорунан 4000 элди көчүрүп жайгаштырууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

### Аба каттамы Баткенде

2004-жылдын 5-апрелинен баштап, «Алтын-эйр» авиакомпаниясы тарабынан областтык жетекчиликтин демилгеси менен Баткен – Бишкек рейсиндеги аба каттамдары ачылды. Учурда жуманын ар бир күнүндө Баткен – Ош – Бишкек, Баткен – Бишкек – Душанбе шаарларынын каттамында самолёт учуп, калкка жана ишкер бизнесмендерге ыңгайлуу шарт түзүлдү. Баткен–Ош – Үрүмчү багыты боюнча коммерциялык чартердик аба каттамы да пландаштырылып жатат.

### Кен байлыктар жөнүндө

Баткен районундагы Алтынжылга, Лейлектеги Өзгөрүш алтын кендерине инвесторлорду тартуу менен ишти баштоого алгачкы кадамдар ташталды.

Ал эми Сүлүктүдөгү шахтаны калыбына келтирүү жумуштары башталса, Самаркандек айылында жаңы шахтанын ачылуу аземи болуп, казылып алынган алгачкы 16 тонна көмүр элге тартууланды.

Ошондой эле, газ маселеси боюнча пландуу иштер белгиленүүдө.

Баткен келечекте кендердин мекени болуп каларына чет өлкөлүк ишкер чөйрөлөрдүн да көзү жетти.

Алтынжылгадагы алтын, рубин кендерин изилдөө иштерин 1999-жылдагы Баткен коогаланынан улам Япония мамлекети токтотуп койгон болчу. Япония парламентинин билдиргенине караганда япондук ишкерлер Алтынжылгага кайрадан келишип, токтогон иштерин улантарын билдирди.

### Италия, Израил өлкөлөрү да кызыгууда

Баткенди өрүкзарсыз элестетүү кыйын. Баткендин өрүктөрүндөй даамдуу, дарылык касиети бар өрүктөр дүйнөдө кемде-кем кездешет.

Андыктан, акыркы жылдарда өрүкзарлуу өрөөндүн өрүктөрүнө кызыккан чет өлкөлүк өнөктөштөр чыгууда. Бул, албетте, жакшылыктын жышааны.

Мына ушул максатта губернатор Аскарбек Алимбаевичтин Израил, Италия өлкөлөрүнө чакырылып жатышы да бекеринен эмес. Бул өлкөлөрдө Баткендин өрүктөрүнө чоң кызыгуу бар.



Кыргыз Республикасынын президенти А. Акаев Баткен жергесинде.



Кайра иштетүүгө карай жасалган алгачкы кадам.



Губернатор А. Шадиев чек ара аймактарындагы айылдарда.



ПРООНдун саясий кеңешчиси Темирбек Кошоев Баткенде.




ПРООН Баткенде.



«Таза суу» программасы аракетте.



Арка өрөөнүнө таза суу келүүдө.



Өрүктөр гүлдөгөндө ...



Ирригациялык тармак жакшырат ...



Баткен шаары. Көчөлөргө асфальт төшөлүүдө.




Сүлүктү. Ачык карьерден көмүр казып алуу.



Айдаркендин сымап комбинатында.



Айдаркендик кыз.



Айдаркен шаарчасынын көрүнүшү.

# БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Баткен мамлекеттик университети Президент Аскар Акаевдин № 190-Жарлыгынын негизинде 2000-жылдын 25-июлунда ачылган. Арадан төрт жыл убакыт өттү, бул мезгилдин ичинде жаш Баткен областындагы жападан жалгыз чоң окуу жайы катары илим-билимдин очогу болуп калыптанууда жана аймагыбыздын социалдык-экономикалык жана маданий жактан өнүгүшүнө бараандуу салымын кошуп жатат.

БатМУ республикабыздын түштүк-батыш аймагынан орун алган, климаттык-географиялык шарты жагынан бир топ катаал областыбыздын жаштары жана ага чекаралаш жайгашкан тажик, өзбек калкынын өкүлдөрү келип окуп, жаш кадрларды даярдоодо татыктуу билим берип, кызмат кылууда.

Баткен мамлекеттик университетинин окуу корпустары үч жерде: Баткенде, Кызылкыяда жана Сүлүктү шаарында жайгашкан. Анда 11 минден ашуун студентке 700гө жакын профессордук-окутуучулар курамы билим берип жатат. Алар «бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып», Улуттук «Билим» жана Президенттик «XXI кылымдын кадрлары» Программаларын турмушка ашыруу максатында белсенип иштеп жатышат. Анда иштеп жаткан окутуучулардын арасында 15 профессор, 10 илимдин доктору, 58 илимдин кандидаты, 51 доцент, 149 улуу окутуучунун бул окуу жайы үчүн эмгеги өзгөчө орунда турат.

Университеттеги китепкананын фондунда 183466 китеп бар. IREX интернет борбору студенттер үчүн акысыз компьютерди үйрөнүүгө, өз билимдерин өркүндөтүүгө, түрдүү жаңылыктар менен таанышууга жана чет өлкөлөргө байланышка чыгууга мүмкүндүк түздү.

2000-жылы жаңыдан түзүлгөн Баткен мамлекеттик университетинин ректору Илимидин Абдурасулович Абдурасулов. Ал 1994-жылы

доктордук диссертациясын суу ресурстарын экологиялык коргоо багытында ийгиликтүү жактаган.

Ал биотехнология кафедрасынын профессору, Кыргыз Республикасынын инженердик академиясынын академиги, Эл аралык Инженердик академиянын мүчө-корреспонденти, Нью-Йорк академиясынын мүчөсү жана 100дөн ашуун илимий-техникалык макалалардын, 7 монографиянын, 7 ойлоп табуунун автордук күбөлүгүнүн ээси.




БатМУнун Баткен шаарындагы башкы имараты.

# БАТКЕН КООГАЛАҢЫ ЖАНА АНЫН САБАКТАРЫ

Кыргыз элинин эгемен мамлекет болгонуна мына 13 жылдын жүзү болду. Мамлекеттин пайдубалы түптөлүп, кызыл туусу Алатоонун бир ыргакта соккон желине ыргалып турат!

Азиядагы эң көөнө элдердин бири катары мындан 2–3 миң илгери кытайлар менен замандаш, дос да, кас да болуп, түбөлүк кошуна жашап келе жаткан эски журттун узак-узак тарыхы эркиндик үчүн болгон күрөшкө жык толгон. Эркиндик үчүн элин чет душмандардан коргоп даңкы чыккан баатыр уул-кыздарын элибиз миңденген жылдар унутпай даңктап, эпостук улуу каармандарга айландырып келе жатат. Барсбек, Манас, Семетей, Эр Табылды, Жаңыл Мырза, Курманжан Датка, Полотхан эркиндикти энсеп, кыргыз элинин эр азаматтарына кол башчы болгондор.

Кыргыз эли эгемендүүлүктү алган 13 жыл деле жеңил өткөн жок. Эмгек, тартыштык, эркиндиктин пайдубалын бекемдөө күрөшү менен өтүп келет. Баткен коогалаңы ошол күрөштүн жаркын бир мисалы. Ар бир саясий окуяга саясий баа берүү мыйзам ченемдүү салт. Демек, Баткен коогалаңы да ошондой өз саясий баасын толук ала турган саатты күтүп жатат. Дегеле Баткен окуясына айрымдар камгак сыңары жеңил баа бергендей конусунан болгон, Өзбекстанга өтүп кетүүнү каалаган куралдуу топтордун жолунда болгонубуздун аркасынан, жок жерден чыккан окуя эмес.

Ал Кыргыз элинин эгемендүүлүк үчүн күрөшкөн узак кылымдык умтулуусунун уландысы. Баткен коогалаңы колуна тийген эркиндиктин баасын Кыргыз эли канчалык барктай ала турганын таразалаган зор сыноо жана биримдигин, ынтымагын сынап көргөн тарыхый бир кезең болду.

Он алтынчы кылымдагы Иран тарыхчысы Ан-Насыр кыргыз элинин баатырдыгы, ынтымагына таамай баа берип, минтип, жазып кеткен экен: «Кыргыздар жай күндөрү адатта бири-биринен алыс, тоолор арасында жашашат. Сырттан караганда ынтымак-ыркы жоктой көрүнөт. Бирок, тыштан душман басып кирди дегиче барбы, тоо-тоодон, сай-сайдан куюлуп түшкөн сел сымал уюп, биригип, күчтүү кол курайт да, душманды кууп чыгат». Ошол тарыхчынын айтканы дагы бир жолу ырасталды. Ысыккөл, Чүй, Нарын, Талас, Жалалабат, Ош областындагы журтташтарыбыз заматта бир муштумдай түйүлдү да, жерибизге басып кирген «сакалчандардын» жолун тосту. Президентибиз Аскар Акаевичдин, кыргыз өкмөтүнүн демилгесине, уюштуруу иштерине айттырбай тилектештигин билдирди. Коогаландуу кыйын күндөрдө Баткен эли бир күн да жалгыз калган жок. Тоолуу мекенибиздин булуң-бурчтарынан эр жигиттер Баткенге шашылып келип жатышты. Материалдык, моралдык колдоолордун эсеби жок эле. Алыскы нарындык улутташтарыбыздын тилектештиги тууралуу угуп эреркип-эрип да кетишкен баткендиктер, Нарындын бир айылында аксакалдар калың журтту чогултуп, жаштарды, эл-жерди душмандан коргоо үчүн Баткенге жөнөтүшүп, ак баталарын беришиптир. Кыргыздын мындай кундуу салты көөнөдөн, Манас доорунан бери уланып келе жатпайбы. Майлысайлык жоокер жигиттердин эрдиги да эч качан унутулбайт.

Коогалаӊ болгон эки жылда Баткен окуясы дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн буруп, террорчулуктун кара жүзүнүн ашкереси чыгып турду. Кыргыз элине тилектеш элдер менен мамлекеттер достук жардамдарын көрсөтүшкөн. Өзгөчө Россия, Казакстан, Армения мамлекеттеринин кыйын кезеңдеги көмөктөрү кыргыз аскерлерине рух берген.

Душманга каршы күрөштүн башында турган Президентибиз Аскар Акаевичдин уюштуруучулук жөндөмү, туруктуулук катуу мүнөзү менен кошо мекенинин эркиндигин тереӊ сүйгөн эрдиги жана гуманисттик көрөңгөсү саат сайын сезилип турду. Оор сааттарда Баткенге көп жолу учуп келип, элдин рухун көтөрүп, биримдикке чакырды. Тоолордо душман менен бетме-бет салгылашып жаткан жоокерлерге барып, аларды шыктандарып, кемчиликтерин жеринде көрүп ар тараптуу жардам, колдоолорду уюштуруунун башында турду.

Душманды кууп чыгууга кыргыз аскерлерин каршы коюуда, азыркы замандагы терроризмдин айла-амалдарынын түйүндөрүн чече билип, сокку урууларды туура уюштурууда Кыргыз Республикасынын Коргоо министри Эсен То-

поевдин патриоттук демилгеси жана талантуу аскердик жетекчилиги айкын көрүндү.

Душмандын жолун тосууда эрдик көрсөтүп, элибиздин элүүдөн ашык эр азамат уулдары каза болушту. Айдаркендин Сыртында, Сай айылынын үстүндө, Дара ичинде, Селдик капчыгайында, Геревшин, Андиген, Көрбакы тараптардагы айтылуу кармаштарда кыргыз жигиттери эрдиктин анык үлгүлөрүн даназалашты. Бүгүн Сырт жана Газ айылдарынын чегинде мекенин коргоп курман болгондордун эрдиктерине арналган эстеликтер тургузулган. Ал эстеликтерге Баткен эли дайыма гүл коюп, баатыр уулдарынын каармандыктарын эскеришет.

Баткен коогаланында кыргыз жигиттер менен кошо өзбек, тажик, орус, татар жана башка улуттардын өкүлдөрү болушкан мекендеш жоокерлерибиздин эрдиктери да элдин көңүлүндө. Алатоолуу Ата Журтубуздун тагдырына алар дагы кайдыгер эмес.

Коогалан учурунда алыскы тоо койнундагы Зардалы айылынан баштап, Дара ичи, Көкдайра боюндагы айыл-кыштак эли дүрбөп, Баткенге түшүп келишет. Кыргыз өкмөтүнүн камкордугу, райондук жергиликтүү жетекчилердин уюштуруучулук иштери менен айласыз качкын аталышкан жердештерибизге Баткен шаарынын борбордук стадионунда чатырлар шаарчасы тургузулду. Кыргызстандын түш тарабындагы айыл-кыштак, район, шаар, областтардан кийим-кечек, азык-түлүк алынып келген. Ошондо качкандар таянаар эли, жөлөнөөр өкмөтү бар экенин жүрөктөрү менен бир сезишип, мүңкүрөбөй, көкүрөктөрүн көтөрүшкөн. Нак ушул жерде бир нерсени сайып айтып койгубуз келет. Баткен окуясы учурундагы кыргыз өкмөтүнүн зор уюштуруучулук ишинин баасын төмөндөтүүгө аракет жасашкан кай бир баканооздор ошо кезде кайда жүрүштү экен?! Тилдин сөөгү жок. Аны тек акыл менен башкарып, сүйлөө керек. Улуу Маркс бекеринен «тил – ойдун куралы» деген тура.

Душман жолун тоскон жоокерлерге дем берип, күрөштөрүнө көмөктөш болушкан жердештерибиз Тажидин Тайлаков, милиционер Каныбек Шадыканов да күрөш жолунда курман болушуп, эл уулдары экенин даназалашты. Калк ошондой эр-азамат уулдары менен ар дайым сыймыктанат.

Баткен коогаланын башынан өткөргөн Алтынбешик аймагынын журтчулугу мамлекетибиздин биримдиги, элибиздин ынтымагы үчүн ык коюп, жакшылык, кутчулукка умтула берет.

## КУРМАН БОЛГОН ЭР-ЖИГИТТЕРГЕ ТААЗИМ!

1999–2000-жылдардагы Баткен коогалаңы учурунда Ата Журтту сүйүүнүн чыныгы үлгүсүн көрсөтүп, анын эркиндиги үчүн курман болгон төмөнкү 53 баатыр жоокерлерибиздин элеси дайыма жүрөгүбүздө сакталат. Алар:

1. БЕКБАЛАЕВ Сагынбек Тентимишович, подполковник
2. БЕЙШЕБАЕВ Улукбек Сатарович, майор
3. МАМАТАХУНОВ Сайнебидин Эргешович, майор
4. СУБАНБЕКОВ Жылдызбек Алтынбекович, майор
5. САМСАКОВ Руслан Гусманович, медкызматтын капитаны
6. РАИМБЕКОВ Бейшембек Жакшылыкович, капитан
7. КУШЧУБЕКОВ Кубанычбек Нурбекович, ага лейтенант
8. ЗАЯРКО Руслан Николаевич, ага лейтенант
9. МОЛДОЖАНОВ Шахабидин Мамыржанович, милициянын ага л-ты
10. ТУЙТУНОВ Муратбек Базарбекович, милициянын ага лейтенанты
11. АЛМАБЕКОВ Бакыт Бабаканович, лейтенант
12. БУРХАНОВ Данияр Абдуманапович, лейтенант
13. ГОЛУБЕВ Владимир Викторович, лейтенант
14. ЭРМЕКОВ Шайырбек Абдурасулович, кичи лейтенант
15. САЙПИДИНОВ Курсантбек Орозалиевич, прапорщик
16. ДЮШЕБАЕВ Аваз Асанкулович, старшина
17. АНАРБАЕВ Жоломан Каипович, ага сержант
18. ОСМОНОВ Туратбек Жумалиевич, ага сержант
19. КӨЧӨРБАЕВ Замирбек Умарович, ага сержант
20. САМАТОВ Куштарбек Муктарович, ага сержант
21. ШАДЫБЕКОВ Касымбек Арзыбекович, милициянын ага сержанты
22. ТҮГӨЛБАЕВ Мирдин Жексенбекович, милициянын ага сержанты
23. БАЛТАБАЕВ Медербек Абдылдаевич, сержант
24. АРЖИМАНОВ Рустам Асланович, сержант
25. ЭСЕНБЕКОВ Ишеналы Абылович, сержант
26. МАМЫРКАНОВ Эржан Зарлыкбекович, кичи сержант
27. НИКЕТУШКИН Владимир Геннадьевич, кичи сержант
28. МУХАМЕДОВ Асылбек Абдувалиевич, кичи сержант
29. ТУРДУБЕКОВ Урмат Керимканович, кичи сержант
30. АБДЫКОЖОЕВ Кубат Жалилович, кичи сержант
31. ЮНУСОВ Рашид Махмудович, кичи сержант
32. БУКАРБАЕВ Түгөлбай Асанбаевич, кичи сержант

33. МАКАРОВ Дмитрий Сергеевич, кичи сержант
34. НАКИДКИН Дмитрий Викторович, мил.кичи сержанты
35. РАХМАТТУЛАЕВ Абдурасул Гаипжанович, ефрейтор
36. ДАМИНОВ Алижан Асанакунович, ефрейтор
37. ШАБДАНОВ Жумабек Кожошевич, катардагы жоокер
38. АРКАБАЕВ Таирбек Алимбаевич, катардагы жоокер
39. АЙТМАТОВ Чынгыз Алимович, катардагы жоокер
40. АШИМОВ Самат Маматович, катардагы жоокер
41. ХАЛИКОВ Мойдун Полотович, катардагы жоокер
42. НАМАЗБЕКОВ Данияр Абдыбекович, катардагы жоокер
43. ТӨРӨБЕКОВ Мелисбек Саипович, катардагы жоокер
44. МУКАМБЕТ уулу Улан, катардагы жоокер
45. ЭГЕМБЕРДИЕВ Жаныш Үсөнович, катардагы жоокер
46. ОМУРЗАКОВ Каныбек Кадырбекович, катардагы жоокер
47. ДОУЛБЕКОВ Бегалы Махамаджанович, катардагы жоокер
48. КУРМАНБЕКОВ Максат Аликович, катардагы жоокер
49. МОЛДОСАНОВ Жакып Абдыллаевич, катардагы жоокер
50. БЕКТУРГАНОВ Кенжебек Назарович, катардагы жоокер
51. СЕКСЕНБАЕВ Бархат Жапарович, катардагы жоокер
52. МОЛДОБАЕВ Эрлан, катардагы жоокер
53. ИБРАЕВ Алтынбек Болотбекович, катардагы жоокер.




Бишкек шаарындагы Баткен коогаланында каза болгондорго арналып тургузулган эстелик.

## ЭЛДИН УУЛУ

Болотбек Акимов Бишкектеги аскердик лицейди бүтүргөндөн кийин Ички аскерлердин катарына өз каалоосу менен мөөнөтүнөн тышкары кызмат өтөп, аскердик тажрыйбага ээ боло баштайт. Ал кезде прапорщик Б. Акимов мыкты взвод командирлердин бири болуп, аскердик милдеште жеңүүчүлөрдүн катарына кошулат. 1998-жылы офицердик наамга татыктуу болуп, ротанын командиринин орун басары болуп дайындалат. 1999-жылы жай айларында Баткен жана Чоңалай жергебизге Эл аралык бандалар кол салганда, Б. Акимов жетектеген ротанын жоокерлери өзүнүн мыкты даярдыгын көрсөтүшкөн. Террористтер биздин мекенибизден жок кылынгандан кийин, жаш, бирок аскердик жашоого такшалган офицерге чоң ишеним көрсөтүлөт – Б. Акимов атайын багыттагы ротанын командири болуп дайындалат. Ротанын өздүк курамы Чоңалай жана Баткен жергебизде террористерге каршы күрөшкөн. 2000-жылы жайында Баткен жергебизге кайрадан чет элдик баскынчылар басып киргенге аракет жасай баштады. Атайы багыттагы ротанын азаматтары биринчи кабар келгенден эле аскер командиринин буйругунун негизинде Баткен жерине жетип келишти. Аларга эң татаал милдеттердин бири коюлду. Берилген тапшырманы так жана билгичтик менен аткарганы үчүн, ошондой эле душмандар менен күрөшкөн мезгилде мыкты аскердик даярдык көрсөткөн эрдиги бааланып, Президенттин буйругунун негизинде лейтенант Болотбек Акимов «Эрдик» медалы менен сыйланды.

Азыркы кезде капитан Б. Акимов 707-аскер бөлүгүнүн штабынын начальнигинин орун басары болуп кызмат өтөп жатат. Өзүнүн бай аскердик тажрыйбасы менен жоокерлердин даярдыгын көтөрүүгө зор салым кошууда.

# АТАЖУРТТУ СУУК КӨЗДӨН, СУУК СӨЗДӨН САКТАСЫН

*(Ой толгоо)*

– «Суусу жок чөлбү, – дешет
какыраган?
Киндик кан тамган жерим
Баткен десем.
Мен айтам: чөл болсо да
кымбат мага,
Көлүнөн башка жердин
миң-миң эсе!

Баткен... Ушул аталыш азыркыга чейин окумуштуулар арасында түрдүү талаш-тартыштарды жаратып келет. Бири Баткен деген сөз «Шамалдын кени» дегенди түшүндүрөт дешсе, экинчиси баттын (уу чөп) кени деп жоромолдойт. Ал эми, кыргыздын окумуштуу-лингвисти маркум Жээнбай Мукамбаев агай Баткен «өрөөндөгү шаарча» деп мындан көп жылдар мурун эле өзүнүн чечмелөөсүн тастыктаган эле. Элдик аңыз кепте болсо Токтогул олуя мезгилинде бийик дөңсөөгө чыгып: «Карагылачы, бул өрөөндө кандай чоң шаар жатат» – дегени айтылат.

Кандай дебейли, окумуштуу да, олуя да жаңылган эмес экен. Кылым кыйырында Баткен чөлкөмүнүн өзүнчө область деген статуска ээ болушу анын борборун өрөөндөгү шаарча деп сыймык менен атоого мүмкүндүк берет.

Ар дайым сени эстегенде асман тиреген ак чокулуу Алтынбешик тоосу, айтылуу гүл периси болгон Айгүл гүлү, боорлорун кызыл-тазыл кызгалдактар саймалаган адырлар, ширин-ширин өрүгү менен даназасы чыккан өрүкзарлуу аймак, нойгуттун сулуу кызы суу көтөргөн Зардали өрөөнү, шаркырап аккан Көкдарыянын (Сох) башаты, көз мончоктой болгон Төрткүл көлү көз алдыма тартылып, өзүнчө бир ажайып кооз дүйнөнү жаратат.

Оо кереметинден айланайын Ата Журтум! Көрсө, сенин ушул ажайып кооз касиетинден сугарылып Тургунбай абам не бир сонун айкелдерин жаратып, Рахат эжем кыздарынын ыймандуулугун, арыулугун таанытып, Апаз менен Саламат эжем кыргыз жеринин улуулугун, сулуулугун жар салган тура!

Ал эми, Баткенимдин эличи?!

Мен ар дайым элимдин кылым сырын ичине каткан үч кыл комузундай жөпжөнөкөйлүгүнө,

кичи пейилдигине, кенендигине суктанам.

Кези келсе күүлөнүп, таптап чертсе адам черин жаза турган бир укмуштай күү жаралган сынары эби келишкен жерде жан дүйнөсүн шартылдата төгүп бере турган айкөлдүгүнө суктанам. Мына ушул сапаттардын өзүндө адамгерчилик менен пакизалык, эмгекчилдик менен баатырдык, чыдамкайлык менен туруктуулук өз ара ширелешип чулу алтын жаткандай туюлат.

## ЖАЗДА КЕЛГЕН ЫЗГААР, БҮЧҮРҮН ТӨККӨН ӨРҮКЗАР

Былтыр жазда каптап кетип
бир ызгаар,
Гүлүн беймаал төктү дешет өрүкзар.
Аянычтуу аяз басып, титиреп,
Бутагында бүчүр турбай, туруп кар...

... Эсимде, эки жыл мурда наристе жүздүү бүчүрлөр эми гана бажырая ачылып, мактанчаак гүлдөр айлананы аппак көркү менен коoздоп келаткан кезде капысынан келген ызгаар, суу кар бүчүрлөрдү бүрүштүрүп кетти. Жаратылыштын табышмагына таң калган эл аны ар кандай жоруштy, сестеништu. Бул сестенүү сезимдерине жөн гана келе койбогондугун элим кийин түшүндү.

Аттиң дүйнө! Табийгаттын бул кырсыгы журтумдун тагдырына жиберген алгачкы сыноосу болсо, көп өтпөй коштой келген кара ниет, арам ойлуу согушчандардын жексур үнү биз ыйык туткан, биз бийик туткан тоо-таштардын арасынан угулбадыбы!

...Ошол кечте асман тиреген тоолор, менменсиген арчалар, шылдырап аккан мөлтүр булак эл-журтумдун эчен жылкы тарыхына күбө болгон чынар терек да, түнкү теребелге магдыраган табигат да созолонто ырдап жаткан жети азаматтын обонуна кулак түрдү. А, алар ырдап жатты киндик тамган Ата Журту, ардактап өстүргөн ата-энеси, мончоктой перзенттери, сүйкайган сулуу жарлары жөнүндө. Ооба, алар ырдап жатышты өз Мекенине, өмүргө, тирүүлүккө болгон бүт сүйүүсүн төгө. Анткени алар бүгүн ниети бузуктар менен бетме-бет келишсе Ата Журтунун карыш жери үчүн жан кыйууга да даяр эле. Алар бул түнү капысынан сакалчандар чек араны бузуп, Алтынбешикти аралап, Бөрү уюкка жакындаган имиш деген суук кабарды угуп, душмандын жолун тосууга курал-жарак менен аттанып керек болсо өлүмгө баш байлап чыккан Ооганстанда кызмат өтөгөн 7 баткендик азамат эле.

Кудай жалгап түн тынч өттү. Эртеси айылга өкмөттүн аскерлери келишти. Алар Ата Журттун биримдигине, катаал учурда таймaнбай түн күзөткөн жети эр азаматтын кайратына тан беришти. Ал эми, тоодон ылдый өрдөй айыл-

# АТАЖУРТТУ СУУК КӨЗДӨН, СУУК СӨЗДӨН САКТАСЫН

*(Ой толгоо)*

цитата

+ – «Суусу жок чөлбү, – дешет
какыраган?
Киндик кан тамган жерим
Баткен десем.
Мен айтам: чөл болсо да
кымбат мага,
Көлүнөн башка жердин
миң-миң эсе!

Баткен... Ушул аталыш азыркыга чейин окумуштуулар арасында түрдүү талаш-тартыштарды жаратып келет. Бири Баткен деген сөз «Шамалдын кени» дегенди түшүндүрөт дешсе, экинчиси баттын (уу чөп) кени деп жоромолдойт. Ал эми, кыргыздын окумуштуу-лингвисти маркум Жээнбай Мукамбаев агай Баткен «өрөөндөгү шаарча» деп мындан көп жылдар мурун эле өзүнүн чечмелөөсүн тастыктаган эле. Элдик аңыз кепте болсо Токтогул олуя мезгилинде бийик дөңсөөгө чыгып: «Карагылачы, бул өрөөндө кандай чоң шаар жатат» – дегени айтылат.

Кандай дебейли, окумуштуу да, олуя да жаңылган эмес экен. Кылым кыйырында Баткен чөлкөмүнүн өзүнчө область деген статуска ээ болушу анын борборун өрөөндөгү шаарча деп сыймык менен атоого мүмкүндүк берет.

Ар дайым сени эстегенде асман тиреген ак чокулуу Алтынбешик тоосу, айтылуу гүл периси болгон Айгүл гүлү, боорлорун кызыл-тазыл кызгалдактар саймалаган адырлар, ширин-ширин өрүгү менен даңазасы чыккан өрүкзарлуу аймак, нойгуттун сулуу кызы суу көтөргөн Зардали өрөөнү, шаркырап аккан Көкдарыянын (Сох) башаты, көз мончоктой болгон Төрткүл көлү көз алдыма тартылып, өзүнчө бир ажайып кооз дүйнөнү жаратат.

Оо кереметиңден айланайын Ата Журтум! Көрсө, сенин ушул ажайып кооз касиетинден сугарылып Тургунбай абам не бир сонун айкелдерин жаратып, Рахат эжем кыздарынын ыймандуулугун, аруулугун таанытып, Апаз менен Саламат эжем кыргыз жеринин улуулугун, сулуулугун жар салган тура!

Ал эми, Баткенимдин эличи?!

Мен ар дайым элимдин кылым сырын ичине каткан үч кыл комузундай жөпжөнөкөйлүгүнө,

кичи пейилдигине, кенендигине суктанам.

Кези келсе күүлөнүп, таптап чертсе адам черин жаза турган бир укмуштай күү жаралган сыңары эби келишкен жерде жан дүйнөсүн шартылдата төгүп бере турган айкөлдүгүнө суктанам. Мына ушул сапаттардын өзүндө адамгерчилик менен пакизалык, эмгекчилдик менен баатырдык, чыдамкайлык менен туруктуулук өз ара шиърелешип чулу алтын жаткандай туюлат.

## ЖАЗДА КЕЛГЕН ЫЗГААР, БҮЧҮРҮН ТӨККӨН ӨРҮКЗАР

Былтыр жазда каптап кетип
бир ызгаар,
Гүлүн беймаал төктү дешет өрүкзар.
Аянычтуу аяз басып, титиреп,
Бутагында бүчүр турбай, туруп кар...

... Эсимде, эки жыл мурда наристе жүздүү бүчүрлөр эми гана бажырая ачылып, мактанчаак гүлдөр айлананы аппак көркү менен кооздоп келаткан кезде капысынан келген ызгаар, суу кар бүчүрлөрдү бүрүштүрүп кетти. Жаратылыштын табышмагына таң калган эл аны ар кандай жоруштту, сестеништи. Бул сестенүү сезимдерине жөн гана келе койбогондугун элим кийин түшүндү.

Аттиң дүйнө! Табийгаттын бул кырсыгы журтумдун тагдырына жиберген алгачкы сыноосу болсо, көп өтпөй коштой келген кара ниет, арам ойлуу согушчандардын жексур үнү биз ыйык туткан, биз бийик туткан тоо-таштардын арасынан угулбадыбы!

...Ошол кечте асман тиреген тоолор, менменсиген арчалар, шылдырап аккан мөлтүр булак эл-журтумдун эчен жылкы тарыхына күбө болгон чынар терек да, түнкү теребелге магдыраган табигат да созолонто ырдап жаткан жети азаматтын обонуна кулак түрдү. А, алар ырдап жатты киндик тамган Ата Журту, ардактап өстүргөн атаэнеси, мончоктой перзенттери, суйкайган сулуу жарлары жөнүндө. Ооба, алар ырдап жатышты өз Мекенине, өмүргө, тирүүлүккө болгон бүт сүйүүсүн төгө. Анткени алар бүгүн ниети бузуктар менен бетмебет келишсе Ата Журтунун карыш жери үчүн жан кыйууга да даяр эле. Алар бул түнү капысынан сакалчандар чек араны бузуп, Алтынбешикти аралап, Бөрү уюкка жакындаган имиш деген суук кабарды угуп, душмандын жолун тосууга курал-жарак менен аттанып керек болсо өлүмгө баш байлап чыккан Ооганстанда кызмат өтөгөн 7 баткендик азамат эле.

Кудай жалгап түн тынч өттү. Эртеси айылга өкмөттүн аскерлери келишти. Алар Ата Журттун биримдигине, катаал учурда тайманбай түн күзөткөн жети эр азаматтын кайратына тан беришти. Ал эми, тоодон ылдый өрдөй айыл-



ги педагогикалык техникумду, 1936-жылы Москвадагы пландоо институтун бүтүргөн. 1936–38-жылдары Өзбек ССРнин мамлекеттик пландоо комитетинин председатели, 1941–45-жылдары Өзбекстан КП БКнын агитация боюнча катчысы, КАБП-нын бюро мүчөсү болгон. 1945–50-жылдары Кыргыз ССР Министрлер Советинин председатели, 1950–61-жылдары Кыргызстан Компартиясынын биринчи катчысы болуп иштеген. Ал жылдары Кыргызстан көп тармактуу, өнөр жайлуу мамлекетке өсүп жеткен. Илим-билим өркүндөп, маданият гүлдөгөн, улуттук интелленгенция калыптанган. Ири коомдук жана саясий жетекчилердин топ жылдызы пайда болгон.

Исхак Раззаков байыркы кыргыз элинини маданиятын, тилин өркүндөтүүгө өзгөчө чон салым кошкон. Кыргыз киносу калыптанып, анан дүйнөлүк атакка ээ болгон. Бир катар жогорку окуу жайлар: политехникалык, физкультура институттары түптөлгөн. Кыргыз адабияты болуп көрбөгөндөй бийиктөөгө жеткен. Өз элинин тарыхый мурастарын терен сүйгөн инсан 1950-жылдардагы «Манас» эпосуна коюлган идеялык айыптоолорго каршы күрөшүп, аны сактап калуунун башкы уюштуруучуларынын бири болуп калган. Кыргызстандагы элдердин ынтымагын, достугун чындаган.

Улуу ишмер, жердешибиз, агабыз Исхак Раззаков Алтынбешик аймагынын жаркын келечеги үчүн да күчүн аяган эмес. Төрткүл көлүнүн ордун 50-жылдары өзү жөө басып көрүп, анан республикалык инженерлерге долбоорун түзүүгө тапшырма берген. Лейлектин Арка өрөөнүн өздөштүрүү ой-мүдөөсүнүн баштоочусу эле. Ушундай чоң эмгеги үчүн Кыргыз эли өзүнүн атактуу уулун түбөлүк дилинде сактайт.

## «СУЛТАН СӨӨГҮН КОРДОБОЙТ»

*Аскарбек Шадиев,*
*Баткен областынын губернатору*

Бул жашоого келген ар бир инсан өз өмүрүндө жакшылык иш жасагысы келет. Бирок, кээ бирөөлөр ошол кылган жакшылык иши үчүн башкалардан анын кунун, акысын күтөт. Акыбетин кайтарат деп үмүт кылат. А кээ бирөөлөр эл үчүн кылган тоодой ишин, жакшылыгын «мен жасап койдум» деп колко кылбайт, ал тургай кылган жакшылыгын жөн гана адамдык парзым деп эсептейт.

Алардын улуулугу, жупунулугу, касиетинин бийиктиги мына ушунда. Өмүрүн, дилин, билимин,

бүткүл руханий адилдигин элге арнап келип, элден эч нерсе сурабайт. Суранбайт. Андай инсандардын бири Исхак Раззаков эле. Бир гана нерсе өкүндүрөт – улуу инсандын сөөгү өз жеринде жатпай тургандыгы.

Чексиз Россиянын борбору Москва шаарынын «Кунцево» көрүстөнүндө ушул ойлор мени уйгу-туйгу кылып турду. Биз бир топ мекендештер менен Исхак Раззаковдун мүрзөсүнүн алдында турдук. Кадимкидей кеч күз, 1999-жылдын октябрь айы болчу.

Дүйнөдөгү эң чоң мегаполистердин биринде буркан-шаркан түшүп, кадимкидей турмуш кайнап жатты. Миллиондогон адамдар миллион санаа менен көчөлөрдөн ары-бери агып жатты. Ушундай учу-кыйыры жок тынымсыз кыймылдын арасында тунжураган тынчтыктын аралчасындай сезилген көрүстөндө, атабыздын мүрзөсүнүн алдында турдук. Мени бүтүн туруш турпатымды ыйык бир сезим бийлеп турду.

Исхак Раззаковдун сөөгүн мекенине алып келүү жөнүндөгү ойлор мурдатан бери айтылып, түрдүү пикирлердин кагылышында калып эле, ишке ашпай келе бергени маалым болчу.

Ош областтык мамлекеттик администрациясынын башчысы-губернатор Темирбек Акматалиев, Лейлек райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы Дастан Бердиев, республикалык маанидеги пенсионер Рабия Менсеитова, атабыздын жакын тууганы Ашим Артыковдор болуп биздин Москвага сапарыбыз өзгөчө миссия менен байланышкан болчу.

Бирок, менин ички сезимимде өтө чоң таасир калтырган унутулгус ошол күндөр жөнүндө ирети менен айтып берүүнү туура таптым.

Исхак Раззаков өзүнүн көзү өткөн соң, сөөгү Москвада калып кетерин сезип, көп айтып, кайгырып жүргөнүн көпчүлүк замандаштары өтө жакшы билген.

Мен өтө урматтап, сыйлаган Рабия Менсеитова апабыз бүгүнкү күнгө чейин ошол күндөр жөнүндө сөз болгондо, көзүнө жаш албай коё албайт. Улгайган жашына карабастан, апабыз бүткүл күч аракетин ушул улуу ишке арнап келди.

Ал эми Лейлектик тарыхчы Гапыр Мадаминовдун тарыхый эмгегинде жазылып жүргөндөй, Раззаковдун мекендеши, атактуу пахтачы, Ленин ордендүү Токтош Абдуллаев Исхак атабыздын бир жолуккандагы төмөнкү сөздөрүн эскерет:

«Менин сөөгүм бөтөн жерде калып кетет бекен. Ушул сөөгүмдү өз жериме алып келүүчү азамат табылар бекен! Эгер эч болбосо, өзүмдүн туулуп өскөн жеримдин топурагын алып барып койсо».

Кайран тагдыр, улуу адамды ушунчалык өмүрүнүн акырында оор, мүшкүл ойлорго түрттү деп



ги педагогикалык техникумду, 1936-жылы Москвадагы пландоо институтун бүтүргөн. 1936–38-жылдары Өзбек ССРнин мамлекеттик пландоо комитетинин председатели, 1941–45-жылдары Өзбекстан КП БКнын агитация боюнча катчысы, КАБП-нын бюро мүчөсү болгон. 1945–50-жылдары Кыргыз ССР Министрлер Советинин председатели, 1950–61-жылдары Кыргызстан Компартиясынын биринчи катчысы болуп иштеген. Ал жылдары Кыргызстан көп тармактуу, өнөр жайлуу мамлекетке өсүп жеткен. Илим-билим өркүндөп, маданият гүлдөгөн, улуттук интелленгенция калыптанган. Ири коомдук жана саясий жетекчилердин топ жылдызы пайда болгон.

Исхак Раззаков байыркы кыргыз элинини маданиятын, тилин өркүндөтүүгө өзгөчө чон салым кошкон. Кыргыз киносу калыптанып, анан дүйнөлүк атакка ээ болгон. Бир катар жогорку окуу жайлар: политехникалык, физкультура институттары түптөлгөн. Кыргыз адабияты болуп көрбөгөндөй бийиктөөгө жеткен. Өз элинин тарыхый мурастарын терен сүйгөн инсан 1950-жылдардагы «Манас» эпосуна коюлган идеялык айыптоолорго каршы күрөшүп, аны сактап калуунун башкы уюштуруучуларынын бири болуп калган. Кыргызстандагы элдердин ынтымагын, достугун чындаган.

Улуу ишмер, жердешибиз, агабыз Исхак Раззаков Алтынбешик аймагынын жаркын келечеги үчүн да күчүн аяган эмес. Төрткүл көлүнүн ордун 50-жылдары өзү жөө басып көрүп, анан республикалык инженерлерге долбоорун түзүүгө тапшырма берген. Лейлектин Арка өрөөнүн өздөштүрүү ой-мүдөөсүнүн баштоочусу эле. Ушундай чоң эмгеги үчүн Кыргыз эли өзүнүн атактуу уулун түбөлүк дилинде сактайт.

## «СУЛТАН СӨӨГҮН КОРДОБОЙТ»

*Аскарбек Шадиев,*
*Баткен областынын губернатору*

Бул жашоого келген ар бир инсан өз өмүрүндө жакшылык иш жасагысы келет. Бирок, кээ бирөөлөр ошол кылган жакшылык иши үчүн башкалардан анын кунун, акысын күтөт. Акыбетин кайтарат деп үмүт кылат. А кээ бирөөлөр эл үчүн кылган тоодой ишин, жакшылыгын «мен жасап койдум» деп колко кылбайт, ал тургай кылган жакшылыгын жөн гана адамдык парзым деп эсептейт.

Алардын улуулугу, жупунулугу, касиетинин бийиктиги мына ушунда. Өмүрүн, дилин, билимин,

бүткүл руханий адилдигин элге арнап келип, элден эч нерсе сурабайт. Суранбайт. Андай инсандардын бири Исхак Раззаков эле. Бир гана нерсе өкүндүрөт – улуу инсандын сөөгү өз жеринде жатпай тургандыгы.

Чексиз Россиянын борбору Москва шаарынын «Кунцево» көрүстөнүндө ушул ойлор мени уйгу-туйгу кылып турду. Биз бир топ мекендештер менен Исхак Раззаковдун мүрзөсүнүн алдында турдук. Кадимкидей кеч күз, 1999-жылдын октябрь айы болчу.

Дүйнөдөгү эң чоң мегаполисттердин биринде буркан-шаркан түшүп, кадимкидей турмуш кайнап жатты. Миллиондогон адамдар миллион санаа менен көчөлөрдөн ары-бери агып жатты. Ушундай учу-кыйыры жок тынымсыз кыймылдын арасында тунжураган тынчтыктын аралчасындай сезилген көрүстөндө, атабыздын мүрзөсүнүн алдында турдук. Мени бүтүн туруш турпатымды ыйык бир сезим бийлеп турду.

Исхак Раззаковдун сөөгүн мекенине алып келүү жөнүндөгү ойлор мурдатан бери айтылып, түрдүү пикирлердин кагылышында калып эле, ишке ашпай келе бергени маалым болчу.

Ош областтык мамлекеттик администрациясынын башчысы-губернатор Темирбек Акматалиев, Лейлек райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы Дастан Бердиев, республикалык маанидеги пенсионер Рабия Менсеитова, атабыздын жакын тууганы Ашим Артыковдор болуп биздин Москвага сапарыбыз өзгөчө миссия менен байланышкан болчу.

Бирок, менин ички сезимимде өтө чоң таасир калтырган унутулгус ошол күндөр жөнүндө ирети менен айтып берүүнү туура таптым.

Исхак Раззаков өзүнүн көзү өткөн соң, сөөгү Москвада калып кетерин сезип, көп айтып, кайгырып жүргөнүн көпчүлүк замандаштары өтө жакшы билген.

Мен өтө урматтап, сыйлаган Рабия Менсеитова апабыз бүгүнкү күнгө чейин ошол күндөр жөнүндө сөз болгондо, көзүнө жаш албай коё албайт. Улгайган жашына карабастан, апабыз бүткүл күч аракетин ушул улуу ишке арнап келди.

Ал эми Лейлектик тарыхчы Гапыр Мадаминовдун тарыхый эмгегинде жазылып жүргөндөй, Раззаковдун мекендеши, атактуу пахтачы, Ленин ордендүү Токтош Абдуллаев Исхак атабыздын бир жолуккандагы төмөнкү сөздөрүн эскерет:

«Менин сөөгүм бөтөн жерде калып кетет бекен. Ушул сөөгүмдү өз жериме алып келүүчү азамат табылар бекен! Эгер эч болбосо, өзүмдүн туулуп өскөн жеримдин топурагын алып барып койсо».

Кайран тагдыр, улуу адамды ушунчалык өмүрүнүн акырында оор, мүшкүл ойлорго түрттү деп



Кыргыз Республикасынын сыймыктуу улуу уулу
Исхак Раззаков.



Улуу инсан И. Раззаковдун сөөгү Алатоого алынып келинди.



Узатуу учуру.



Коштошуу.



Коштошуу.



И. Раззаковдун эстелиги.



Президент А. Акаев жана И. Раззаковдун кызы Э. Раззакова эстеликти ачуу учурунда

ойлоп калам. Эбегейсиз кыйынчылыкта өткөн бала чак, кара жанды карч уруп өткөргөн жалындуу жылдар, анан ушундай бир гана тилек, бир гана үмүт менен акыркы күндөрүн тосуп алган мезгил. Ушулар жөнүндө Москвадагы жупуну квартирасында шолоктоп отуруп, атабыздын жалгыз кызы Эльмира эженин өксүп-өксүп айтканы жүрөктү сыздатат.

1999-жылдын февраль айында болсо керек, туулуп өскөн Мекеним — Лейлек районуна барып калдым. Районубуздун акими Дастан Бердиевич ошондо бул кызматка жаңыдан эле келген болчу, бирок алгачкы баарлашуубузда эле бул кишинин абдан максаттуу иш-пландары, алысты көрө билген, терең ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү мага катуу таасир калтырды.

Ошондо мен Бишкекте Исхак Раззаков атындагы коомдук-кайрымдуулук фондун түзгөнүбүздү, анын максаттары жөнүндө айтканымда ал киши мени өтө кызуу колдоду. Андан соң көпкө баарлашып отурганда, атабыздын сөөгү алыста калганына кейигенибиз эсимде. Дал ошол жерде ушул опол тоодой ишти жүзөгө ашыруу болор бекен деген маселелерди ортого салган болчубуз. Раззаковдун айрым замандаштары, бирге иштешкен жоро-жолдоштору, Лейлектик туугандары Кыргызстан эгемендүү мамлекет болгондон кийин бул жөнүндө улам-улам маселе козгоп келе жатканын билчүмүн.

Лейлектин аксакалдары атабыздын акыркы осуятын ишке ашыруу канчалык зарылдыгын, ал бүткүл кыргыз элинин аброю үчүн зор мааниге ээ экенин улам 90 жылдык юбилейи жакындаган сайын айтып келишчү. Ошону менен бирге, баарыбыз жакшы түшүнүп турчубуз – Исхак Раззаковдун сөөгүн мекенине кайра коюууну ишке ашыруу, ошону менен бирге чоң тарыхый адилеттүүлүктү жаратуу Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаевдин жеке кийлигишүүсү аркылуу гана чечилмек.

Мамлекет жетекчисинин Исхак атабызга болгон өзгөчө мамилесин, анын атын туу тутуп, сөздөрүн мисал келтирип жүргөндүгүн бүтүн журтубуз жакшы билчү.

1990-жылы ноябрда Исхак Раззаковичтин 80 жылдыгы Лейлек аймагында кеңири майрамдалып жатканда, Кыргызстандын эми эле Жогорку Кеңеш тарабынан шайланган биринчи президенти Аскар Акаев өзүнүн эң алгачкы иш-сапарын Раззаковдун мекенинен баштаган. Дегеле, Исхак Раззакович менен Аскар Акаевичди абдан көп адамдар салыштырып, окшоштуктар бар экенин айтып жүрүшөт, бул жөнүндө өзүнө сөз кыла турган тема.

Биз үчүн дагы бир эң кубанычтуу нерсе – бул Ош областынын губернатору Темирбек Асанбеко-

вич Акматалиевдин бул маселеде бизди толук колдой турганы, ал эле эмес, бардык жардамды көрсөтүүнү өзүнүн инсандык парзы катары эсептей тургандыгын бир нече жолу билдиргени болду.

* * *

Тагдыр ошол күндөрү мени дагы бир мен үчүн өтө ардактуу болуп калган адам менен жолуктурду. Ал – бүгүнкү күндө персоналдык маанидеги пенсионер, убагында көп жыл партиялык жана советтик жетекчилик кызматтарда иштеп келген Рабия Менсеитова. Эгерде Исхак Раззаковичтин бейнесин, адамдык бийик касиетин, анын улуулугун, айкөлдүгүн кайдан билесиң, кимден уктуң десе биринчи кезекте Рабия апаны айтмакмын. Ал киши Исхак атабыз жөнүндө эртеден кечке айтып берсе да чарчабайт, бүгүнкү күнгө чейин Раззаковдун ар бир сөзүн, ар бир кыймылын кудум кечээ көргөндөй айтып берет.

Убагында Рабия апа кыргыздын алгачкы жетекчи кыздарынан болгон. Ошол 1961-жылдагы Кыргызстан КП БКсынын эстен кеткис VI пленумунда И. Раззаковду жактап чыгып сүйлөгөн. Ошол күндөн баштап ушул күнгө чейин Рабия эженин бүтүн күч-аракети – Раззаковдун элесин өз эли үчүн сактап калуу. Апанын жеке архивинде И. Раззаков жөнүндө, анын үй-бүлөсү жөнүндө материалдар абдан арбын. Көп жылдардан бери Исхак атабыздын кызы Эльмира менен тыгыз байланышта болуп келүүдө. Ал эми улуу инсандын сөөгүн алып келүүдө Рабия Менсеитованын эмгеги өтө чоң экенин кантип айтпай калууга болот. И. Раззаковдун тушунда иштеген замандаштарынын башын бириктирип, алар менен кошо өзүнүн улгайган жашына карабастан көп-көп аракетти жасаганын айтып кетүү мен үчүн парз.

1999-жылдын 8-октябрында Рабия Менсеитова бир топ замандаштары менен биргеликте, Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаевдин атына кайрылуу жиберишет.

## КОРОСОН – ИСХАК РАЗЗАКОВДУН ТУУЛГАН АЙЫЛЫ

И. Раззаков мына ошол айтылуу Лейлек районунун аймагындагы азыркы Сүлүктү шаарынын чыгышында Козубаглан дарыясынын башында Коросон айылында туулган. Бул айыл Коросон капчыгайдын башталышында жайланышкан. Бул кыштакта эзелтеден ичкилик кыргыздардын кызылаяк уруусу жашап келген. Коросон бул карыялардын айтуусунда байыркы жана касиеттүү азиз жерлер Коросон деп аталышынын бир нече варианты бар.

1. Коросон капчыгайында өткүр учтуу кол таштар бар. Коросон де-

ген сөздү которгондо «учтуу», «кескич», «өткүр» дегенди билдирет.

2. «Коросон» «азиз», «ыйык» деген маанини берет.

3. Коросон байыркы жана орто кылымдагы Коросон мамлекетинин атына коюлган деп айтылат. Анын эки себеби бар.

а) Амир Темир койгон.

б) Орто кылымда Жибек жолунун бир бутагы Лейлек аймагынан өтүп Ходжент, Өрөтөбө, Самарканга кеткен, ошондо соодагер элчилер бул жерде абасы таза шибер чөптүү, муздак Агача булактын боюна токтолуп, эс алып өтүп жүрүп, Чоң Коросон мамлекетинин урматына бул жерди Коросон деп аташкан.

4. Бир байдын аялы үч эм төрөйт. Биринчиси кыз, калган экөөсү эркек балдар эле. Кызга Батма, эркек балдарына Үсөн деп ат коёт. Балдардын бирөөсү сары, экинчиси кара тору түстө болот. Экөөнүн тең аты Үсөн болгондуктан аларды бири-биринен ажыратыш үчүн Сары Үсөн, Кара Үсөн деп коюшат. Айбике багытын, Сары Үсөнгө мураска калтырат. Ошентип Кара Үсөндүн отуруктаШкан жери Кара Үсөн аталып жүрүп кийинчерээк Күрүсөн деп жүрүп, кийин Коросон аталып кеткен деп эл оозунда айтылып калган.

*(«Түштүк Кыргызстандагы жер суу аттары»*
*Ж. Мукамбаев. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1971-жыл.)*

## АБСАМАТ МАСАЛИЕВ



Алтынбешик аймагындагы ишмер топ жылдыздардын катарына кирген Абсамат Масалиевич Масалиев эле. Ал киши арабыздан жакынкы эле күндөрдө өтүп кетти. Уюштуруучулук жөндөмү, билимдүү жана эл-жерин терең сүйгөн агабыз чынчыл, акыйкатчылдыгы менен да бир тууган калкынын ызаат-урматына татыган.

Абсамат Масалиев 1933-жылы Кадамжай районунун Алыш айылында төрөлгөн. 1953-жылы Кызылкыядагы тоо техникумун бүтүрөт. 1956-жылы Москвадагы тоокен институтун аяктайт. Адегенде, өз кесипби боюнча иштеп туруп, анан партиялык-советтик кызматка өтөт. 1972–1985-жылдары Фрунзе шаараткомунун председатели, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин секретары, партиянын Ысыккөл обкомунун биринчи катчысы болуп иштеген. Ал эми, 1985-жылдан 1990-жылга чейин Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы болуу менен Кыргызстандын андан аркы өсүп-өнүгүүсүнүн башында турган.

Белгилүү коомдук ишмер өмүрүнүн аягына чейин өз калкынын

өсүшү, илим-билим жана гүлдөгөн маданияттын ээси болуусу үчүн күрөшкөн. Кандай гана кызматтарда иштебесин, милдетин ак ниет өтөп, акыйкатчылдыктан тайбаган. Мунусу менен көптөгөн жетекчилерге үлгү боло алган.

Республикабыз эгемендүүлүктү алгандан бери Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенештин депутаты болуп, катары менен үч жолу шайланып, элдин, бийликтин өкүлү катары жаш мамлекетибиздин оңдогон зарыл, олуттуу мыйзамдарын кабыл алууга салымын кошту. Кыргыз парламентаризминин калыптанышына чоң үлүш киргизди.

# СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН БААТЫРЫ САМАТ САДЫКОВ



Советтер Союзунун Баатыры Самат Садыков 1922-жылы Лейлек районунун Карасай айылында төрөлгөн. Советтик Армиянын катарына 1940-жылы чакырылган. Баскынчыларга каршы күрөшкө 1943-жылы кирип, 4-атчандар полкунун эскадронунда пулемет расчетунун командири болгон. Украина, Белоруссия, Польшанын көптөгөн кыштак-шаарларын бошотууга катышкан.

Германиянын Фризал шаарында айрыкча каармандык менен салгылашып, Женишке 8 күн калганда, 1945-жылдын 1-майында Фризал шаарында курман болгон. Ал биринчи даражадагы Ата Мекендик согуш, «Кызыл Туу» ордендери, медалдар менен сыйланган. 1973-жылдан бери Бишкекте жыл сайын Самат Садыковго арналган улуттук күрөш боюнча байге уюштурулат.

# ИЛИМ СЕРЕСИНЕ ЧЫККАНДАР

*Алтынбешик эли кыргыз илим-билиминин өсүшүнө да олуттуу салым кошуп келе жатат. Алардын катарында гуманитардык жана так илимдин өкүлдөрү көп. Бир эле Кадамжай районунда 20дан ашык илимдин докторлору бар.*

*Бүгүн үчкоргондук медицина илимдеринин доктору Абдухалим Раимжановду, Баткендик медицина илимдеринин доктору, Кыргызстан Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз ЖКсынын мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты, профессор Ташболот Балтабаевди, Кадамжайлык техника илимдеринин доктору, профессор, БатМУнун ректору Илимидин Абдурасуловду, тарых илимдеринин доктору Лейлектик, КУУнун кафедра башчысы, профессор Закир Эралиевдин илимдеги ийгиликтүү иштерин кыргыз эли жакшы билет жана баалайт. Аты аталгандардан башка көптөгөн илим майданында үзүрлүү иштеп жатышкан окумуштуу жердештерибиз менен сыймыктанабыз.*

## ТАШБОЛОТ БАЛТАБАЕВ

Шыктуу медик, медицина илимдеринин доктору, эл аралык жаратылышты коргоо Академиясынын академиги, Кыргызстан мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, профессор Кыргыз Республикасынын ЖКнын депутаты Ташболот Балтабаев кыргыз медицина илиминин өнүгүшүнө бараандуу салым кошкон илимпоз.

Жүрөк дартын дарылоо багытында – атагы чыккан Иса Ахунбаев, Мирсаид Миррахимовдун жолдорун жолдоп, инфаркка учурагандарды дарылоонун оригиналдуу жолун ойлоп тапкан. Дал ушул ачылышын урматтап Европанын, Азиянын бир катар кадыр-барктуу окуу жайлары лекция окууларына чакырышкан. Азыркы күндө ЖКнын Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты катары элибизге, мамлекетибизге керек болгон мыйзамдарды иштеп чыгууда белсемдүү иштеп жаткан кези.

## ИЛИМИДИН АБДУРАСУЛОВ

Илимидин Абдурасулов – Баткен мамлекеттик университетинин ректору. Ал 1994-жылы доктордук диссертациясын суу ресурстарын экологиялык коргоо багытында ийгиликтүү коргогон.

Ал биотехнология кафедрасынын профессору, КРнын инженердик Академиясынын Академиги, Эл аралык Инженердик Академиянын мүчө-корреспонденти, Нью-Йорк Академиясынын мүчөсү жана 100дөн ашуун илимий-техникалык макалалардын, 7 монографиянын, 7 ойлоп табуунун автордук күбөлүгүнүн ээси.

## РАХАТ АЧЫЛОВА

Кыргыздын чыгаан кыздарынын бири Рахат Ачылова 1941-жылы Баткен районундагы Ортобоз айылында төрөлгөн. Кыргыз мамлекеттик Университетинин тарых факультетин бүтүргөн. Философия илими боюнча кыргыз аялдарынын ичинен биринчи жолу докторлук диссертацияны жактаган. Табиятынан гуманист аялзаада өзгөчө улуттар аралык мамилелердин табияты, аруу максаттарын философиялык изилдөө-иликтөөлөргө алган көптөгөн эмгектердин автору. Аялдар темасында да омоктуу изилдөөлөрү бар.

Рахат Ачылова кийинки кездерде кыргыз, өзгөчө түштүк аялдарынын жашоолорун женилдетүү, материалдык керектөөлөрүн жакшыртуу максатында «Айылтранс» өкмөттүк эмес уюмун ачып, чоң иш жасады. Баткендик жүздөгөн аялдар андан жеңилдетилген кредиттерди алышып, жашоо деңгээлдерин жогорулатууга жетишти.

## ЗАКИР ЭРАЛИЕВ

Кыргыз элинин тарыхы кылымдардын тереңинде. Байыркы калкыбыздын миңдеген жылдардын бүктөмүндө катылып жаткан издерин таап, бүгүнкү муундарга жеткирүүнүн үстүндө түйшүктөнүп жүргөн илимпоздордун көрүнүктүүлөрүнүн бири жердеш агабыз Закир Эралиев.

Ал Лейлек жеринин перзенти. Кыргыз Улуттук университетинин тарых факультетинде кафедра башчысы, 1994-жылдан тарых факультенинин деканы. Тарых илимдеринин доктору, профессор.

Закир Эралиевич улуттук университетте дээрлик 35 жылдан ашык мезгил үзүрлүү иштеп, жүздөгөн жаштарды окутуп-тарбиялап келет. Республикабызда тарых илиминин өсүшүнө айтарлык салым кошуп, өзгөчө эгемен мамлекет болгонубуздан кийинки мезгилде тарыхыбызга жаңыча мамиле, көз караш жасоонун дыңын бузгандардын бири катары таанылган.

## ИСАБЕК АШИМОВ

Исабек Ашимов Лейлек районунун Ак-Суу айлында төрөлгөн. Кыргыз мамлекеттик медицина институтун аяктаган соң эмгек жолун Лейлек районундагы борбордук ооруканада врач болуп эмгектенүү менен баштаган.

Андан соң Бишкек шаарына чакырылып, кардиологиялык илим изилдөө институтунда илимий кызматкер болуп, жаңы бийиктиктерге бет алат.

Жүрөк ооруусун дарылоо боюнча көптөгөн илимий эмгектердин автору, атактуу дарыгер М.Мамакеевдин клиникасындагы эң белдүү врачтардын бири. Исабек Ашимов медицина илимдеринин доктору, профессор.

Белгилей кетчү нерсе, доктор Исабек Ашимов кийинки жылдары философия илимине да сүңгүп кирип, мындан 3 жыл мурда философия илимдеринин доктору болуп калды. Медицина менен философияны мындай терең деңгээлде айкалыштыра билген Кыргызстандагы жападан жалгыз илимпоз.

## АБДУХАЛИМ РАХИМЖАНОВ

Абдухалим Рахимжанов Кадамжай районунун Үч-Коргон айылынын тургуну. Кыргыз мамлекеттик медицина институтун аяктагандан бери медицина тармагында көп жыл бою үзүрлүү эмгектенип келүүдө. Бүгүнкү күндө Абдухалим Рахимжанов – медицина илимдеринин доктору, профессор, көптөгөн чет элдик медицина мекемелеринин ардактуу мүчөсү, гематология илим изилдөө институтунун жетекчиси, 100дөн ашык илимий эмгектин автору.


Андан тышкары атактуу дарыгер Кыргызстандагы тажиктердин Рудаки ассоциациясын жетектейт. Бул уюм республиканын коомдук турмушуна активдүү катышып келүүдө.

Айрыкча тажик мектептерин окуу куралдары, китептер, компьютерлер менен камсыз кылууда ассоцациянын ролу чоң.

Абдухалим Рахимжанов – Кыргызстанда төрөлүп, жетилип, билим алган тажик элинин татыктуу уулу.



Алма гүлдөгөндө.



Кадамжайдагы Азретали ыйык жайы.



Кыргыз Республикасынын эл артиси,
Казак Республикасына эмгек сиңирген
артист С. Садыкова




Кыргыз Республикасынын эл артиси
А. Жайнаков.



Меймандос калк.



Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, акын Э. Эрматов.



Элдик сүрөтчү А. Маткайымов иш учурунда.



Өрүкзарлуу өрөөн.



Исфана шаарынын чет жакасында.



Баткендин жүзүмү.



Айгүл гүлү.



Лейлек. Белес суусу.



Баткен. Сох даваны.



Лейлек. Баулдагы Бабурдун тереги.

# ТАЛАНТ ЭЭЛЕРИ

Баткен жери кыргыз журтчулугуна белгилүү таланттуу адамдарга да бай. Кыргыз элине гана эмес Орто Азияга, ал түгүл дүйнөгө ысымдары дайын уул-кыздары менен кыргыз калкы сыймыктанат.

Замандын oopдугу, оош-кыйыштыгы өкүм сүрүп турган кезде да Алтынбешик аймагынан чыккан таланттуу саясатчылар, өнөр адамдары Кокон мамлекетинин бийлигин гуманисттик нукка салуута далалат жасашкан. Андай белгилүү инсандар акын Молдо Нияз менен өз заманынын илимдүү инсаны, тарыхчы, саясатчы Зиябидин Максым болгон. Экөө тең оторчулукка каршы күрөшүп, элди биримдикке, илим-билимге, өнөр жарыгына үндөшкөн. Ушул эки улуу инсандар кыргыз жазма адабиятын баштоочулар болушкан. Эки таланттуу жердешибиздин чыгармалары менен эмгектери табылып жарыялангандан кийин, кыргыз жазма адабияты башталган деген доор элүү жыл артка, XIX кылымдын 50-жылдарына ичкерилеген.

XX кылым кыргыз өнөр-искусствосунун кайра жаралуу доору болсо, аны жаратуучулардын арасында өзүнүн ашкере таланты менен дүйнөлүк коомчулукка аты чыккан таланттуу айкелчи Тургунбай Садыковду Алтынбешик аймагы берген. Бүгүн да, келечекте да эгемендүү Кыргыз элинин ордо борбору Бишкек калаасын Тургунбай Садыковдун монументалдуу скульптуралык эмгектерисиз элестетүү кыйын. Атактуу жердешибиз кыргыз элин, кыргыз өнөрүн дүйнөгө даназалоодо улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов менен бирге чоң салым кошкон.

Таланттуу акын Курбаналы Сабыров жана Айдарали Жапаров кыргыз поэзиясына өз изин калтырып кетти. Ал эми ушул күндөгү кыргыз рухун жаңы нукта өнүктүрүү, тереңдетүүдө таланттуу акын, драматург Эгемберди Эрматов талыкпай иштеп жатат. Таланттуу жазуучу-акындар Нууман Сайдуллаев, Мурзапар Үсөн, Атакул Жакыпов, Аскар Ражабалиев, Топ-

чугүл Шайдуллаева, Турабай Жороев жана башкалар Баткен элинин жалпы кыргыз маданиятын байытууга үлүшүн кошкон өкүлдөрү. Областтын чегинде алардын артынан чыгышкан Абдилат Дооров, Жусуп Айдартеги, Кадыралы Раев, Айнагүл Базарбаева, Бакытбек Мукарамов, Тургунбай Жумаев жана башкалар жемиштүү иштешүүдө.

Кыргыз музыка өнөрүн байытууда өз салымдарын кошуп, татына обон-күүлөрдү жаратышкан жана жаратып жатышкан обончулар менен аткаруучулар бир кыйла. Алар: Жолдошбек Мамажанов, Бабаравшан Тургунбаев, Заирбек Султановдор. Алардын артынан бир катар таланттуу жаштар өсүп чыгышты. Обончу Апаз Жайнаков менен аткаруучу Саламат Садыкова өздөрүнүн жаркын таланттары аркылуу кыргыз өнөрүн көкөлөтүүдө даңазалары чыкты. Обончу жана аткаруучу Хабибулла Азиреткулов, Мамажан Козубаевдер элдин сүймөнчүгү болуп калышты. Көркөм сүрөтчүлүк өнөрү жаатында Жапар Маткайымов үзүрлүү иштеп келет.

Айтор, кыргыз маданиятынын, адабиятынын өнүгүүсүндө Алтынбешик аймагынын талант ээлеринин салымдары ат көтөргүс.

## ТУРГУНБАЙ САДЫКОВ

Таланттуу айкелчи, Бүткүл Союздук Ленин комсомолу, Кыргызстан комсомолу, Лениндик, Мамлекеттик Токтогул сыйлыктарынын ээси, Социалисттик Эмгектин Баатыры, Кыргыз Эл Баатыры Тургунбай Садыков 1935-жылы 4-ноябрда Баткен районунун Ортобоз кыштагында туулган. Москвадагы жогорку сүрөт окуу жайына караштуу атайын жогорку курсту бүтүргөн.

Гүлдөгөн кыргыз маданиятын таланттуу айкелчи Тургунбай Садыковдун эмгектерисиз элестетүү кыйын. Борбор калаабыз Бишкектин улуттук колоритке ээ болушуна бирден бир кайталангыс үлүшүн кошкон бул адам кыргыз рухун байытууда опол тоодой чоң эмгек сиңирген. Анын «Революциянын каармандары», «Манас», «Достук», «Жеңиш» жана башка монументалдуу композициялык эмгектери дүйнөлүк скульптуранын алтын казынасына кирген. «Манастын» эстелигинин кичирейтилген үлгүсү ООНдун Нью-Йорктогу башкы штаб квартирасынын фойэсине коюлган.

Дүйнөлүк даңкы бар айкелчи агабыздын даарындуу колунан жаралган «Эркиндик» айкели бүгүн эгемен Кыргыз мамлекетинин дөөлөтүнө, символуна айланды.

## МОЛДО НИЯЗ
(1823–1896)

Кыргыз жазма адабиятын баштоочу катары таанылган акын Молдо Нияз өз доорунун белгилүү адамы эле. Ал ырчынын акындыктан тышкары тарыхый-саясий окуяларга активдүү катышкандыгы, аларга баа бере билгендиги менен да кыргыз тарыхында айтарлык орду бар. XIX кылымдын башында туулган бул адам, тарыхчы, саясатчы, ойчулдугу менен бирге куйкум сөздүү сатирик, юмордук жөндөмгө ээ эле. Бүт өмүрүн поэзияга арнап, көргөн-билгендерин поэзиянын дүрбүсү менен караган сапаты болгон.

Молдо Нияз Кадамжай районунун азыркы Көтөрмө айыл өкмөтүнүн Кызылбулак кыштагынын Аккыя айылында төрөлгөн. Ал диний билим алып, өз доорунун ар тараптуу, билимдүү адамы болууга жетишкен. Молдо Нияздын аты эл оозунда айтылып келсе да, анын чыгармалары жөнүндөгү маалыматты жаамы кыргыз элине кайрадан жаңыртып чыккан Болот Юнусалиев болгон. Улууну улуу таанып демекчи Кадамжайлык белгилүү коомдук ишмер Азиз Токтобаев Молдо Нияздын кол китебин 1957-жылы Болот Юнусалиевге атайын жөнөтөт.

Ал эми кийинки китептерин элге жайылтууда белгилүү адабиятчы Омор Сооронов менен академик Абдыганы Эркебаев, акын Эгемберди Эрматов эмгек сиңиришкен. Ошентип, улуу акындын чыгармасы кыргыз элинин рухий казынасына жуурулушуп кетти. Ал кыргыздын жазма адабиятынын баштоочусу деген сыймыкка татыды.

## ТУЯК ЫРЧЫ
(1870–1914)

Кадамжайлык дагы бир айтылуу акын Туяк ырчы Пум айылында туулган. Жаштайынан диний терең билим алуу менен кыргыз элдик поэзиясын терең үйрөнүп, төкмө катары белгилүү болуп, ырларында эл ой-мүдөөсү, адеп-ахлак, тарбия-таалим жагы басымдуулук кылган. Ал өз ырларын кагазга түшүргөн эмес. Бирок, ырлары жугумдуу, таасирдүү болгондуктан, элдин эсинде калган.

Анын ырларын топтоодо Чаувайлык ырга, сөзгө шыктуу адам Беккелди Жоробаев көп эмгек жумшаган. Таланттуу акын Эгемберди Эрматов Туяк ырчынын өмүрү, чыгармачылыгына арнаган «Туяк ырчы» аттуу драмасын жазган.

## ШООРУК ЫРЧЫ

Шоорук Мырзакматов 1895-жылы Баткен районунун Газ айылында туулган. Ал жашынан ырдаган. Улуу Ата мекендик согушка

жөнөгөндөрдү дайыма ыр менен узатып, шык берген. Жалаң эле аш-тойлордо ырдабастан, эл чогулган жерлерде, жыйындарда төгүп ырдаган. Элди Ата Журтту сүйүүгө үндөгөн. Жаштарды илим-билимге чакырып, адеп-ахлакка чакырган.

Кийинчерээк Өзбекстандын Фергана областынын Риштан районунун Жайылма кыштагында жашаган. Ал ошол кездеги көптөгөн белгилүү ырчылар менен айтышкан. Ошондой эле сүйүү темаларындагы ырлары элге кеңири белгилүү. Шооруk ырчынын көптөгөн ырлары акындын өз оозунан ТАИнин фольклордук тобунун мүчөлөрү тарабынан жазылып алынып, фондуда сакталып турат. Ал Кыргызстандын түштүк-чыгыш элине кеңири белгилүү, таланттуу акын эле.

### АБДРАИМ ШАМА (АБДИРАИМ ШАМАТОВ) (1892–1953)

Лейлек районунун Карадаван айылында 1890-жылда туулган. Замборуч медресесинде окуп, Ходженттеги орус-тузем мектебинде билимин уланткан. Кыргыз, өзбек, тажик-фарс, орус тилдеринде эркин сүйлөгөн. Революциядан кийин Сүлүктү шаарында уюшулган алгачкы партячейканын катчысы болгон. Жез таңдай акын болгон. Ош округ учкомдун инспекторуна чейин жеткен. 1939-жылы репрессияланган. Котормочу болуп, жүрүп атылбай калган. Карагандыдагы лагерде жүргөн. Согуштан кийин акталып, кайтып келген. Бир дептердеги он алты ыры Кыргыз Илимдер Акедемиясынан табылган. Андан тышкары анын ырлары эл оозунда жат айтылып калган. 1956-жылы Тажик Республикасынын Жигидалы айылында каза болгон. Учурунда Лейлек булбулу деген атка конгон. Омор Сооронов, Албина Эралиевалар аны Барпы, Токтогулдун катарында баалашкан. Иниси Мурзалы Шаматов бул чөлкөмдөн чыккан биринчи аскер башчысы. Ленинграддагы аскер Академиясында окуп жатып, Шаманын айынан окуудан айдалган.

Акындын алгачкы ырлар жыйнагы С. Дуулатованын түзүүсү менен жарыкка чыгуу алдында турат.

### КУРБАНАЛЫ САБЫРОВ

Таланттуу акын, Алыкул Осмонов атындагы адабий сыйлыктын ээси Курбаналы Сабыров 1942-жылдын 17-апрелинде Лейлек районундагы Гордой айылында туулган. 1966-жылы Кыргыз Улуттук университетинин филология факультетин бүтүргөн. Ал лирикалык, эл-жерди даңктаган ырлары менен тез эле окурмандардын сүймөнчүлүгүнө ээ болгон.

Республикалык бир катар гезиттерде, басылмаларда үзүрлүү иштеген. Анын тунгуч ырлары «Козубаглан» деген аталышта 1974-жылы чыккан. «Нур булак», «Өрүкзар», «Жүрөктөгү күн» аттуу жыйнактары окурман журтуна аны таланттуу акын катары таанытган. Андан соң «Керээз», «Орто жаш» жыйнактарын акындын көзү өткөндөн кийин өмүрлүк жары Гүлчөкан Садыкова чыгарган. Ал дүйнөлүк классиктердин ырларын да которгон. Курбаналы Сабыровдун ысымы Коргон айылындагы орто мектепке, Тогузбулак айыл өкмөтүндөгү жаны айылга коюлган.

## ЭГЕМБЕРДИ ЭРМАТОВ

Акын жана драматург Эгемберди Эрматов 1952-жылы Кадамжай районундагы Пум айлында туулган. Москвадагы М. Горький атындагы жогорку адабий институтту бүтүргөн. Таланттуу акын катары кыргыз элине таанылган акын «Кыргызстан маданияты», «Кыргыз руху» жана башка газета-журналдарда иштеген. Акындын көптөгөн ыр жыйнактары жана драмалары жарык көргөн.

Талантуу акын драмада да өзүн көрсөткөн. Анын колунан жаралган драмалар көрүүчүлөрдүн жылуу кабыл алуусуна арзыган. «Махабат» аттуу ырлар жыйнагы өзгөчө анын акындык жүзүн ачкан китеп болуп калды. Адамдарды ыймандуулукка, адамгерчиликке, сабырдуулукка чакырган «Мухаммед пайгамбар» аттуу романы Токтогул Сатылганов атындагы мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүлгөн. Эгемберди Эрматов Алтынбешик аймагынын таланттуу инсаны катары бүтүндөй кыргыз элине таанылган.

## НУУМАН САЙДУЛЛАЕВ

Прозаик, акын, драматург Нууман Сайдуллаев 1949-жылы Лейлектин Катыран кыштагында туулган. КМУнун филология факультетин аяктаган. Көп жыл Ош телерадио - комитетинде катардагы кызматкерден редакторго чейинки кызматтарда иштеген. Андан кийин өзү туулуп өскөн Катыранда айыл өкмөтүнүн башчысы болуп иштеп жүргөн. Азыр Баткен областтык маданият башкармасынын башчысы.

Ал көп кырдуу жазуучу. Кара сөз, ыр, драмада өзүн шыктуу жазуучу катары көрсөтүп жүрөт. Алгачкы китеби «Коломто» деген ат менен жарыкка чыккан. Анан «Он эки ирмем», «Күн баш бакты», «Өр-ылдыйыш», «Хан Шырдак», «Наазым ырлар» аттуу китептери жарык көрдү.

Элге таланттуу жазуучу катары белгилүү болгон. Жакында анын «Миң өлөн» аттуу ырлар жыйнагы басмадан чыкканы турат.

## АПАЗ ЖАЙНАКОВ

Таланттуу обончу, Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген артиси Апаз Жайнаков бүгүн бүтүндөй кыргыз элине дайын обончу. Ал 1960-жылы 6-мартта Баткен районунун Ортобоз айылында туулган. 1983-жылы Бүбүсара Бейшеналиева атындагы искусство институтун бүтүргөн.

«Суранам», «Мырзайым», «Буракжан», «Өрүкзарга кетели» аттуу обондору кыргыз журтчулугуна кеңири тарап, обончуну эл-журтуна тааныткан. Ал эми, «Кыргыз жери» аттуу обону айтпай кыргыз элин элең эттирип, кийинки кездеги обончулук өнөрүндөгү эң мыкты чыгарма катары оздон оозго өтүп ырдалып келатат. Түрк, казак элдеринин да сүйкүмдүү ырына айланып, Кыргызстандын экинчи гимни болуп калды.

## САЛАМАТ САДЫКОВА

Кыргыз эл артиси, Казак Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген артиси, булбул таңшык ырчы кызыбыз Саламат Садыкова 1956-жылы Баткен районундагы Кызылжол кыштагында төрөлгөн. Талант даарыган кыз жаштайынан эле ырга жакын болуп, мектептеги концерттер, райондук кароо-конкурстарда алдыга чыгып, таанылып жүргөн.

Орто мектепти бүтүргөндөн кийин Таласка келин болуп, кыргыз ыр күүсүнүн дөө-шаааларынын уюган жерине барган. Табигый таланты ого бетер өөрчүп, чеберчилигин арттырган. өзүнүн таңшыган үнү, комузду чебер черте алышы менен эл сүймөнчүлүгүнө ээ болгон. Таланттуу жердешибиз Апаз Жайнаковдун «Кыргыз жери» аттуу мукамдуу обонун өтө чеберчиликте ырдап, Кыргызстандын экинчи гимнине айландырууга себепкер болгон. Өз таланты менен кыргыз ыр өнөрүн Түркия, Япония, Франция жана башка көптөгөн элдерге тааныткан.

## МУРЗАПАР ҮСӨН

Өзүнүн иштемчилдиги, өжөр жазуучулугу менен белгилүү болгон Мурзапар Үсөн Баткен районунун Карабулак кыштагында туулган. Оштогу педагогикалык институтун филология факультетин бүтүргөн. Табиятынан көркөм дүйнөгө жакын жигит сүрөт тартуу, ыр жазуу, драмалык, прозалык чыгармалары менен белгилүү. Көп жылдар бою Карабулак орто мектебинде мугалим, мектептин директору болуп иштеген.

Ал – публицист, тарыхтын сырын чертүүчү катары «Улуу Талаанын урпактары», «Иссадон-

дор» китеби менен окурмандарга таанылган. «Аалам алкагында», «Сакылар жери» романдары журт тарабынан жылуу кабыл алынган.

«Эр Манастын бейитин издеп» аттуу даректүү романы да окурмандардын кызыгуусун туудурган. Кийинки кездерде өтө жемиштүү иштеп жатат.

## АЙДАРАЛИ ЖАПАРОВ

Баткен облусунун дагы бир ыр дүйнөлүү инсаны, акын, Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөсү Айдарали Жапаров. Ал 1956-жылы 12-ноябрда Лейлек районундагы Баул айылында туулган.

1974–1979-жылдар аралыгында КМУнун филология факультетинде окуган. Эмгек жолун 1980-жылы январда Кулунду айылындагы Ленин орто мектебинде пионер вожатый болуу менен баштаган.

1994-жылы «Белестеги ыр» аттуу ырлар жыйнагы жарык көргөн. Экинчи «Жыгылсам, кана кимге жөлөнөмүн?!.» аттуу ырлар жыйнагы көзү өткөндөн кийин жарык көрүп, анын артында калган ырлары менен элдин көңүлүндө дайыма тирүү экендигин мезгил ырастады. Көрөңгөлүү дүйнөсү ырга айланган акындын экинчи өмүрү ырлары менен көкүрөгүбүздө түбөлүккө жашайт.

## АСКАР РАЖАБАЛИЕВ

Кара сөздүн чебери катары өзүнүн өзгөчө стилин таба алган, адабият чөйрөсүнө өздүк изин сала алган Аскар Ражабалиев 1948-жылы Баткен районунун Зарташ айылында төрөлгөн. Ош педагогикалык институтунун филология факультетин аяктаган. 1975-жылдан бери басма сөздө иштеп келе жатат. Баткен райондук «Кызыл Туу» гезитинде адабий кызматкер, бөлүм башчы, редактордун орун басары, редактор болгон. 2000-жылдан тартып Баткен областтык «Баткен таны» гезитинде иштеп келет.

Ал жаштайынан адабияттын бир эле «жайлоосунда» байыр алып, кара сөздө өзүн сынап келет. Анын «Сагыныч кушу», «Өкүм», «Ай түшкө кирет» ж.б. аңгемелери өзгөчө жаштардын бүйүрүн кызыткан. Ушул күндө «Алымкул аталык» аттуу тарыхый романдын үстүндө иштеп жатат.

## ЖОЛДОШБЕК МАМАЖАНОВ

Жанга жагым обондору менен угармандарын эргиткен таланттуу обончу Жолдошбек Мамажанов Кадамжай районундагы Карадөбө кыштагында туулган. Ал жаштайынан ыр-күүгө жакын болуп, али

нотадан түшүнүгү жок туруп, аккордеонду эрте үйрөнүп алат да, обон артынан обон жарата берет. Кийинчерээк Бишкектеги Б. Бейшеналиева атындагы искусство институтун бүтүрөт.

Жолдошбектин «Алма гүлү», «Жазым келчи», «Сүрөтүнө» аттуу ырлары угуучуларды тамшандырып, элибиздин музыкалык алтын казынасын толуктаган обонго айланган. Анын ырлары башка обончулардын обондорунан өзгөчөлөнүп турат. Нагыз чыгыштык касиет, бөтөнчөлүк, мукамдуулук, назиктик касиетке ээ. Туурасын айтканда ичкилик кыргыздардын элдик обондорунун ички деми шыңгырап угулат.

## АБДЫЖАПАР МАТКАЙЫМОВ

Баткен элинин шыктуу сүрөтчүсү Абдижапар Маткайымов 1940-жылы Баткен районунун Базарбашы айылында (бүгүн Баткен шаары) төрөлгөн. Жашынан зээндүү бала өзүн курчап турган жаратылыштын көркүнө, сырына кызыгы артып, аларды кагаз бетине түшүрүүгө кызыккан. Сүрөтчүлүк табигый шыгын улам бүлөп, мектепти аяктаганда эле эл арасында: «Жапар сүрөтчү» деген сөз пайда болгон.

Ошентип, Жапар сүрөтчү Баткен жеринде сүрөтчүлүк өнөрдүн дынын бузган талант болгон. Анан Москвадагы көркөм өнөр институтуна кирген. 1961-жылы Баткенде биринчи болуп көркөм сүрөт өнөрканасын ачкан. Абдыжапар Маткайымов дээрлик 43 жылдан бери сүрөтчүлүк өнөрдүн көпчүлүк жанрларында иштеп келет. Өзгөчө саясий плакаттарды, көргөзмө, панолорду тартуу менен таанылган. Живопись, портреттик жанрларда да көп иштеп, өзүнүн таланттуу сүрөтчү экенин көрсөттү. Анын «Баткендин өрүкзарлары», «Айгүл тоосу», «Асан-Үсөн чокусу» ж.б. көптөгөн пейзаждык сүрөттөрү чеберчилик менен тартылган.

## АТАКУЛ ЖАКЫПОВ

Таланттуу акын Атакул Жакыпов 1956-жылы Лейлек районунун Актерек айылында төрөлгөн. Жогорку билимдүү, кесиби мугалим. Ыр жазууга жаштайынан ык коюп, жазгандары мектепте окуп жүргөндө эле Лейлек райондук гезитине жарыяланып жүргөн.

Ал лирикалык маанайдагы ырларды жазуунун чебери. «Ала Тоо жазы» поэзия фестивалынын, К. Сабыров атындагы адабий сыйлыктын лауреаты. Кыргызстан Жазуучулар Кошунунун мүчөсү. «Ички кайрыктар», «Айдың кеч», «Жашыл арал» ыр жыйнактарынын автору. Азыр Лейлек районундагы К. Сабыров атындагы орто мектепте иштеп жатат.

# ЖЕРГЕБИЗДИН КӨРК БАЙЛЫКТАРЫ

## АЛТЫНБЕШИК ТООЛОРУ

Кыргыздын Ата конушу,
Алтынбешик аймагы.
Тоолору асман тиреген,
Түздөрү жердин каймагы.

*(Элдик ырдан)*

– деп сүймөнчүлүк менен даңктап келишет жергиликтүү кыргыздар өздөрү кылымдар кыйырында мекендеп келишкен турактарын. Алтынбешик тоолору кай жерден башталып, кай жерден бүтөт? деген суроо келип чыгат. Ырасын айтканда анын так географиялык чеги жок. Болжол менен Исфайрам дарыясынын сол жээк жагынан Батышка тээ Лейлектин Аксуу дарыясына чейинки созулуп жаткан, чокусунан ак кар, көк муз кетпеген тоолорду Алтыбешик тоолору дешет. Алтынбешиктин койнунан алты дарыя сызып чыгат. Ал эми, географиялык карталарда нак ушу тоолорду Алай же Түркстан кырка тоолору дешет.

Эл бул атальшты Орто Азиянын атактуу уулу, таланттуу аскербашы, акын жана ойчулу Султан Бабурдун ысымы менен байланыштырышат. Султан Бабур өз тектеш туугандары Шейбанилерден бийлик талашуунун айынан куугунтук жейт. Ошондо аялы менен алтын бешикке бөлөнгөн баласын атка өнөрүп Баткен областынын түштүгүндөгү тоолордогу ашуулардын бири менен Ооган жерине качат. Ашуунун жолунда артынан куугундар жете келгенде, баласы бөлөнгөн алтын бешикти калтырып кетишет. Ошол бала бөлөнгөн алтын бешиктен улам Алай кырка тоолорунун батыш тарабы Алтынбешик тоолору деп айтылып калат. «Бабурнаамеде» болсо: «Мен Исфара, Хушярда беш-алты айга жашынып жатып, анан Сох суусун бойлой Ооганга өтүп кеттим», – деп жазган Султан Бабур.

Бүгүн ал тоонун койнунда Кызылкыя, Сүлүктү шаарлары, Кадамжай, Лейлек, Баткен райондору жайгашкан. Кыргыздын байыр-

кы тайпасы ичкилик кыргыздар жашаган бул аймак өзүнүн кайталангыс касиети менен өзгөчө. Тоолору көбүнчө таштуу, тик, өтө бийик. Терең коолор менен зоолу капчыгайлар, бийик ашуулар өтө көп. Башкача айтканда, Баткен областынын Тажикистан менен чектешкен аралыгында отуздан ашык чоң-кичик ашуулар бар. Фауна, флорасы да кыргыздын башка тоолорунан айырмаланып турат. Арча бул тоолордогудай кыргыздын башка тоолорунда жыш өскөн эмес. Күрөң аюу, суур, улар, илбирс, карышкыр, кийик ж.б. жашайт. Жайлоолору да бийик, жолдору кыйын. Алай, Арка, Аксай, Суусамырдай кеңирсиген жайлоолору аз. Бирок, тар, таштуу жайлоолорунун чөбү чүйгүн. мал тез семирет, эти күчтүү жана ширин.

## ЭРКИНДИК СТАТУЯСЫ

Баткен облусунун 5 жылдыгын даярдоого кызуу даярдык көрүлүп жаткан учурда таланттуу айкелчи, жердешибиз Тургунбай Садыков элибизди дагы бир жолу кубандырды. Шаардын борбордук бөлүгүнө Бишкектеги Эркиндик статуясынын көчүрмөсүн орнотмок болду. Акырындап, кооз болуп бараткан жаш шаарыбыз үчүн чоң тартуу. Эгемендүүлүктүн шаани болгон аял-ененин статуясы элибизди мекенин терең сүйүүгө, аздектеп көз карегиндей сактоого үндөп тура бермекчи. Агабыздын бул белеги үчүн элибиз терең ыраазы.

## КУДАЯРХАН ЧЕБИ

Баткен районунун Дара капчыгайы өткөн кылымдарда Фергана өрөөнүнүн гана эмес, Орто Азиянын бардык тарабынан Ооганстан, Индия, араб өлкөлөрүнө кеткен жолдорунун босогосу болуп келген. Кокон хандыгы да бул капчыгайга стратегиялык маани берген. Бүгүн тышкы коргон дубалдары гана сакталып калган Кудаярхан чеби доордун тарыхый айныгыс күбөлөрүнүн бири.

Чеп Кокон хандыгына эки түрдүү кызмат өтөгөн. Биринчиси, чеп катары пайдаланылган. Экинчиси, бийик тоонун койнунда каш-кайган тунук суу болуп, абасы жанды сеп алдыра таза. Хан өз нөөкөрлөрү менен жайдын жазырама аптабында кайнаган Кокон шаарынан ушул жерге келип эс алган.

## ТӨРТКҮЛ КӨЛҮ

Баткен районуна экинчи өмүр берген Төрткүл суу сактагычы 1970-жылы бүткөрүлгөн. Анын өзгөчөлүгү дүйнөдө биринчи болуп астына полиэтилен төшөлгөндүгүндө. 90 млн куб суу сыят.

Баткен эли анын суу сактагыч экенин унутуп, табигый көл ката-

ры карашат. Адам колу менен жасалган сулуу көл эл-жерибиздин түгөнгүс ырыскысына айланды.

Төрткүл деген сөздүн этнонимине кайрылсак. Күл деген эски тилибизде туш тарабын тоолор кысмакка алган түздүк же төрт чарчы өрөөнчө деген түшүнүктү билдирет. Маселен, Айдаркен менен Кадамжай – Охнанын ортосундагы талаа Күлдүн талаасы деп аталат. Рельефи ушундай талаалар кыргыздар мурда жашаган Алтайда бар. Ошол талааны тең жара кеткен Төрткүл тракты – чоң жолу кеткен. Ушундай эле эки жагынан тоолор кысмакка алган Төрткүл талаалары Таласта, Ысыккөлдө бар экендиги оюбузду бекемдейт.

Аны ар түрдүүчө бузуп айткандар жолугат. Бири Төрткүл, экинчиси Төрткөл, үчүнчүсү Төртгүл делинет – туурасы Төрткүл. Ал жерде төрт көл да, төрт гүл да болгон эмес. Ал жер тоо арасындагы чарчы түздүк экени бир караганда эле көрүнүп турат.

## КАДАМЖАЙ ЫЙЫК ЖЕРИ

Кадамжай шаарчасына түштүк тараптан кире бериште терен аскалуу коонун кырында эл кылымдар бою тооп кылып, сыйынып келген азиз жай бар. Ал ыйык Пайгамбарыбыз Мухаммеддин төрт шакиртинин бири жана күйөө баласы Абу Талиптин атына байланыштырылат. Ыйык жердеги ташка тамга болуп түшүп калган таман изди Абу Талиптин изи дешет.

Бул аңызда чындыктын үлүшү болушу өтө ыктымал. Анткени, VIII кылымдын башталышынан араб аскерлери Орто Азияга, анын ичинен Фергана өрөөнүнө жетип келип, ислам динин жергиликтүү элдерге таркатканы тарыхта белгилүү. Кенчилердин шаарчасынын аты ошондон Кадамжай аталып калган.

## ДӨӨТҮ БАБА ЫЙЫК ЖАЙЫ

Фергана өрөөнүндөгү байыркы Даван мамлекети өзүнүн оттуу күлүктөрү менен тарыхта калган. Бул мамлекетте дүйнөдө алгачкылардан болуп, адамзат темир иштетүүнү өздөштүргөн. Темир усталардын атасы Дөөтү бабанын ыйык жайынын Баткен аймагында болушу да мунун чындыгын тастыктап турат.

Дөөтү бабага байланышкан ыйык жай Лейлек районундагы Катыран – Өзгөрүш айылдарынын аралыгында жайгашкан.

## ГАРЫМ БАБА

Жаратылыштын кереметтерине кайыл келбеске айла жок. Алардын бири Баткен районундагы Ортобоз адырларынын койнунда жайгашкан Гарым Баба. Купкуу сайды кезип жүрүп отурсаң, алдыңдан

ойку-кайкы болуп өскөн талдуу кичине Оазис чыгат. Кайсыл кылымда отургузулганы белгисиз бул талдар өсүп барып, жерге жата тамырлап, дагы өйдө өсүп барып жерге жатып тамырлап кете берген. Ошентип, элүү метр аралыкка чейин шактап, чырмалып, жерге жатып өскөн талдар керемет көрүнүшкө айланган. Айтмакчы, ал талдарга өмүр берип, кылымдар бою булак оргуштап чыгып турат. Жергиликтүү эл аны Гарым Баба дешип, ыйык санашат. Ыйык делинбегенде кайсыл бир алаңгазар адам аны алда качан отун үчүн кыйып кетмек.

## ЖАШЫЛКӨЛ

Айтылуу Шаймерден ыйык жеринен өйдө капчыгай өрдөп барган адам эки жагын жылаңач, бийик аскалуу тоо кысмакка алган жерге туш келет. Кайсыл бир доордо катуу жер силкинүүдөнбү же жаратылыштын башка кубулушунанбы, ошол аскалуу чоку урап, тоо суусунун жолун бөгөп калуудан ажайып, чырайлуу көл пайда болгон. Жапжашыл. Сулуунун маңдайына бүткөн калдай жарашыктуу. Аны эл Жашылкөл дешет. Суусу эриген коргошундай коюу көрүнөт. Бу да болсо жаратылыштын табышмагы го!

## КУТМАНКӨЛ

Жашыл көлдүн эки жээги тең тик аскалуу жээк, өтүүгө кыйын. Кайык менен түштүк тарабындагы шагылдуу жээгине өтүп барып, беш жүз метрдей бассаң экинчи көлдү көрөсүң. Жээги караган – черлүү, кооз, абасы кыттай таза. Жай күндөрү жүздөгөн адамдар Кутманкөлдүн суусуна түшүп, жээгинде жан ырахатын көрүшөт.

Эл атагандай анык Кутманкөл, куттуу көл. Көл түбүнөн караган – черлүү тоо чагыла көрүнүп турат.

## АКДӨБӨЛӨР

Мындан XX–XXV кылым илгериде жашаган түрк элдеринин ата-бабалары сактарды кимдер билбейт. Ошол сактар менен тектеш мыктардын Баткен областынын аймагында көптөгөн мазарлары бар. Алардын көпчүлүгү акыркы 20–30 жылдын аралыгында (Карабак кыштагынын четинде) тегизделип, эгинзар, айыл болуп кетти.

Жергиликтүү эл ал мазарларды Акдөбөлөр деп аташат. Андай мазарлардын бири Баткен районундагы Карабулак кыштагынын түндүк тарабында жайгашкан. Учурунда археологдор аларды казып, эң баалуу тарыхый табылгаларды табышкан. Борбор калаабыз Бишкектеги тарыхый музейдеги мумияланган кыздын жасаты да Акдөбө көрүстөнүнөн табылган.

# БАТКЕНДИН БЕШ БЕРЕКЕСИ

*Баткен эл-жерин Алатоолуу Атажуртубуздун башка дубандарынан айырмалап турган 5 өзгөчөлүү көрөнгөсү бар. Алар – элдик ашар, лейлек күрөшү, өрүк, айгүл гүлү, килемчилик.*

## ЭЛДИК АШАР

«Көп түкүрсө, көл болот» дейт элибиз. Көптүн таза ниети, күчү менен бүткөн иштин берекеси өзгөчө. Баткендик кыргыздардын иш-аракетинде биргелешип иш бүтүрүүнү ашар деп аташат. Ашар жолу менен көбүнчө эл биргелешип имараттарды курушат.

Айылда кимдир бирөө имарат курса: пайдубалын түптөгөндө, дубалын тургузганда, үстүн жапканда айылдаштарын жардамга чакырат. Айылдын жаш-карысы дебей үй ээсине жардамга келишет. Натыйжада үй ээси жумалап аткара турган оор иш бир эле күндө бүтүп калат. Ашардын дагы бир жакшы жагы мында келип иштегендер айылдын түркүн көйгөйлөрүн талкуулап, чечүүнүн жолун издешет. Күлкү-тамаша сөз жүрүп, карыжаш черин жазышат. Элдин «женилин – жерден, оорун – колдон алган» мындай асыл жөрөлгө журт ынтымак-ырашкерлигин арттырат, айылга, элге береке, пайыз алып келет.

Акыркы эле жылдарда *ашар жолу* менен ондогон коомдук имараттар: мектептер, медицина мекемелери, спорт аянттары, канал-арыктар, жолдор курулду. Эми ашар Баткен дубанынын четинен чыгып, Кыргызстандын туш тарабына жайылууда.

## ЛЕЙЛЕК КҮРӨШҮ

Алтынбешиктик кыргыздардын дагы бир элдик бөтөнчөлөнгөн беренеси бул – жергиликтүү калкка мүнөздүү *улуттук күрөш*. Бул күрөш Фергана күрөшүнө тектеш. Жергиликтүү эл аны Лейлек күрөшү деп атайт. Анткени, Лейлекте кенири жайылып, күнүмдүк

жашоо-тиричилигинин бир көрүнүшүнө айланып кеткен.

Лейлек күрөшүндө балбан атаандашынын ийинин жерге тийгизүү үчүн бутунан чалбайт, түртпөйт, колу-бутун бурабайт, чапчып, мыжыкпайт. Күч, айла (илаа) менен гана так көтөрүп жыгыш керек. Лейлек күрөшүнүн ынтызарлары өтө көп болот. Балбандар эл арасында өтө кадыр-барктуу. Латип, Токтош, Абдырахман палван, Саатбек, Үсөн, Дүйшө ж.б. палвандардын ысымдары аңызга айланып кеткен.

Лейлек күрөшү айрыкча күз, кыш мезгилинде күчөйт. Элдин колу бошоп, аш-тойлор кызыган учурда палвандардын ысымдары эл оозунан түшпөй, ар бир айылда күрөш кызыйт. Акыркы 10–15-жылдан бери Лейлек күрөшүн 9-майда Советтер Союзунун Баатыры Самат Садыковдун жана Абдырахман палвандын наамына арналып, Бишкекте өткөрүү бекем салтка айланды.

Сыймык менен айта кетчү сөз, 2003-жылы Доорбай Миңбаевдин демилгеси жана уюштуруусу менен «Лейлек күрөшү» федерациясы уюштурулуп, «лейлек күрөшүн» спорттун түрү катары киргизип, эрежелери кабыл алынып, балбандарды моралдык жана материалдык жактан колдоого алуу иштери жакшы жолго коюлуп жатат.

## ӨРҮК

Баткен жеринин көрк-келбети түбөлүк көз алдымда калсын деген меймандын апрель айында келгени ылайыктуу. Ушул айда Баткен, Кадамжай, Лейлектин талаа-түзү, ай сайын дөбө-кыры ак туман гүлгө айланат. Аппак болуп гүлдөгөн өрүктөр көргөн көздү сүйүнтүп, көңүлгө гүл чачат.

Алтынбешик аймагы бул чакта ак деңизге айланып, ак гүлдөрдүн өлкөсүнө айланат. Өрүк гүлү Баткендин сулуулук шаани, береке – байлыгы.

## АЙГҮЛ

Бул аймактын дагы бир ажайып беренеси – айгүл гүлү. Сабагы бир метрге чейин бийик өскөн, сабагын туташ узун-узун, жапжашыл жалбырактар каптап, сабактын учуна кызгылт-саргыч, кызыл, сары жылаажын коңгуроодой болуп ачылган айгүл жер бетиндеги жүздөгөн түркүн гүлдөрдүн бирине да окшобойт.

Анын өзгөчөлүгү – эч качан тоолордун күнгөй бетинде өспөгөндүгү. Айгүл гүлү дүйнөдө өтө сейрек учурайт. Баткен–Лейлектин, Ооганстандын, Пакистандын тоолорунда гана сейрек кездешет. Илимдеги аталышы рябчик-эдуардо. Кийинки кездерде айгүл коргоого алынып, көбөйө баштады.

Бүгүн айгүлдү бүтүндөй кыргызстандыктар билишет жана сүйүшөт. Апрелдин онунан баштап гүл көргөнү алыс-жууктан келишкендердин саны жыл санап көбөйүп барат. Баткенде бул гүл көп өскөн Айгүлтоодо жыл сайын 10–20-апрелдин аралыгында Гүл майрамын өткөрүү салтка айланган.

### АЛТЫНБЕШИК КИЛЕМИ

Ичкилик кыргыздардын сыймык көрөнгөсү болгон килемчилик өнөрү байыртадан бери улантылып келаткан элдик кол өнөрчүлүк беренеси. Байыркы кыргыздардын түркүн-түс көчөттөр (орнамент) түшүрүлгөн килемдерин аялдар токушат. Ал койдун кылчыктуу жүнүнөн токулат. Көбүнчө кызыл, кара боёк мүнөздүү. Ушул түстөгү боёктор менен токулган килемдер жогору бааланат.

Килемдин паашасы болгон «жүл» килем ар кандай үйдүн, коомдук жайдын көркүн ачып, жерге салса, көрпөдөй жумшак. Жүл килем бүгүн Кыргызстандын жана Борбор Азиянын көпчүлүк жеринде мекендештерибиздин үйлөрүн көрккө бөлөп турат. Ал түгүл чакан ыраак согулган үлгүлөрүн Америкага алып кетишкен учурлар болууда.

«Жүл» килемди атайын ишкана куруп, өндүрүштүк негизде токуй баштаса, ого бетер киреше алып келип, Түркмөнстан, Иран, Сирия, Бельгия килемдерине атаандашкан деңгээлге жетээр эле. Ал эми килемдин «араби» деген түрү жеңилирээк келип, колдонууга ыңгайлуу.

## МАЗМУНУ


Сөз башы .......... 7
Мен үчүн Кыргызстандын бардык жери кымбат,
бирок Баткен мага жакын .......... 9
Куттуу Баткендин бүгүнү жана эртеңи .......... 17
Областтын түзүлүү зарылдыгы .......... 21
Баткен эл-жеринин кыргыз тарыхындагы орду .......... 23
Баткен – достуктун данакери .......... 27
«Мээрим» – кайрымдуулук фондусу .......... 31
Чет элдиктер – Баткенге .......... 32
Байлыгы мол, келечеги кең аймак .......... 33
Областтын район, шаарлары .......... 42
Баткен шаары .......... 45
Лейлек району .......... 49
Кадамжай району .......... 53
Кызылкыя шаары .......... 56
Сүлүктү шаары .......... 59
Бешинчи жылдын жылдыздуу сааттары .......... 62
Баткен мамлекеттик университети .......... 65
Баткен коогаланы жана анын сабактары .......... 67
Элдин уулу .......... 72
Атажуртту суук көздөн, суук сөздөн сактасын .......... 73
Атактуу эл башчылар .......... 77
Советтер Союзунун Баатыры [illegible]ам[illegible] Садыков .......... 85
Илим сересине чыккандар .......... 86
Талант ээлери .......... 89
Жергебиздин көрк байлыктары .......... 97
Баткендин беш берекеси .......... 101


---


Баткен областына 5 жыл

Авторлор:
*Аскар Ражабалиев*
*Адилбек Акматов*

Китепке айрым авторлордун материалдары пайдаланылды

Редактору *Абдыкерим Муратов*
Көркөм редактору *Тимур Орускулов, Жанболот Субанов*
Техникалык редактору *Малика Курбанбаева*
Корректору *Рапия Сакелова*
Компьютердик верстка жана дизайн *Сайрагул Дуулатова*
Сүрөтчүлөрү *А. Абдыгулов, А. Федоров, А. Жоробеков, Ш. Тиллебаев*

Терүүгө 15.07.2004 берилди. Басууга 12.09.2004 кол коюлду.
Мел. кагазы. Форматы 84x108 $^{1}/_{16}$. Мектеп ариби.
Көлөмү 8,5 физ. басма табак. Нускасы 1000. Заказ № 14.09.04.

«ТАС» ЖЧК.
Бишкек шаары, тел.: 66-67-16